**2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудит объектилери:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын ведомстволук бөлүмдөрү: Борбордук казыналык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фонд, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана анын ведомстволук түзүмдөрү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана анын ведомстволук түзүмдөрү.

**Аудит мезгили:** 2023-жыл.

**Аудиттин максаты:** 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышын, бюджеттен сырткары жана атайын эсептин каражаттарын, мамлекеттик активдерди жана пассивдерди тескөөнү баалоо.

**Аудит предмети:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин фискалдык саясат жана инвестициялар боюнча 07.09.2022-жылдагы “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө” чечими;
- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору жана тапшырмалары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн/Министрлер Кабинетинин токтомдору жана буйруктары, бюджеттик процессти администрлөө боюнча бюджеттик процесстин катышуучуларынын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишин жана бюджеттик процессти жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды тескөөдө мыйзамдын сакталышына, органга өкүлдөлгөн ыйгарым укукту жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предметине карата жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) Кыргыз Республикасынын Финансы

министрлигинин ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү берген документтердин негизинде жүргүзүлгөн.

Аудит тарабынан бюджеттик чөйрөгө тиешелүү ченемдик-укуктук актылар, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденди.

Аудит өзүнө корутундуларды тастыктаган жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду өзүнө камтыйт. Аудит чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 2023-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышы төмөнкү позицияларды кошпогондо бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдардын талаптарына ылайык келгендигин аныктадык.

1. 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 20-беренесине ылайык келбеген финансылык эмес активдер менен операциялардан реалдуу акчалай түшүүлөр жок болгон учурда, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин келечектеги дивиденддердин эсебине мүлктү өткөрүп берүүнү сунуш кылган тескемелерине таянуу менен акционерлердин жана директорлордун чогулуштарынын чечимдеринин негизинде, мындай эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу тартиби жок болгон учурда, 1 335,5 млн. сомго финансылык эмес активдер тартибинде кирешелерде жана чыгашаларда чагылдырылган.

2. Атайын жана пайыздык эсептерде 6440,8 млн. сомго каражаттардын калдыктарынын жоктугуна жана тастыкталбагандыгына жол берилген.

3. 2022-жылдын 15-ноябрындагы Кувейт араб экономикалык өнүктүрүү фондунун (мындан ары – КАЭӨФ) кредити боюнча 441 182,07 АКШ доллары мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөм, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 17-январындагы төлөнгөн төлөм боюнча даректелүүчү тарабынан алынбагандыктан аныкталган, ал кат алышуу жана КАЭӨФ менен салыштыруунун жыйынтыгы менен тастыкталган. Көрсөтүлгөн суммалар “аныкталбаган суммалар” бөлүмүнө киргизилген эмес, ал тышкы мамлекеттик карызды тейлөөдө консолидацияланган,

4. KFW эсебинен 472 639,3 миң сом суммасында акча каражаттарын которуу боюнча чыгаша (2023-жылдын 21-августуна карата курс боюнча 4 926 600 евронун сомдук эквиваленти 1 евро – 95,9362 сом) “Кыргыз

Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан тышкары жүргүзүлгөн. Демек, бул операциялар 2023-жыл үчүн мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто, консолидацияланган бюджет боюнча башкы китептин балансынын жыйынтыкталган отчетунда чагылдырылган эмес. Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган бардык кирешелерди жана чыгашаларды милдеттүү тартипте жана толук көлөмдө бюджеттерде толук чагылдыруу принциби сакталган эмес.

5. 2023-жылы Стабилизациялык фондго Финансы министрлигинин депозиттик эсебинен түздөн-түз 2801,3 млн. сом түшкөн, алар бюджеттик мыйзамдарда коллизия болгондугуна байланыштуу республикалык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүндө чагылдырылган эмес.

6. Ишке ашыруучу ведомстволор тарабынан чыгымдардын категориялары боюнча бюджеттик жазманы бекитүүдө жана аларды Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги макулдашууда, ар бир долбоор боюнча бюджеттердин чыгымдарынын категориялары боюнча пландык жана иш жүзүндөгү суммаларды салыштыруусуз долбоорлордун тизмеси түрүндө, "Мамлекеттик инвестициялардын аткарылышынын отчету" тиркемеси 40,5 млрд. сомго толук эмес жана ачык-айкын түзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн мурунку аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан **2020-жылга** республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 28.09.2021-жылдагы № 01-23/159 кат менен 9 пункттан турган *жазма буйрук* жөнөтүлгөн. Анын ичинен 6 пункт аткарылган, 3 пункт: 1, 8, 9-пункттар жарым-жартылай аткарылган. Республикалык бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 22 372 910,8 миң сом сумманын ичинен 17 455 986,7 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилүүгө тиешелүү сумманын калдыгы 4 916 924,1 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 28.09.2021-жылдагы № 01-23/160 кат менен 12 пункттан турган *сунуштама* жөнөтүлгөн. Анын ичинен 5 пункт аткарылган, 3 пункт: 6, 10, 11-пункттар аткарылган эмес, 4 пункт: 1, 2, 4, 5-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан **2021-жылга** республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 09.09.2022-жылдагы № 01-23/205 кат менен 74 пункттан турган *сунуштама*

жөнөтүлгөн. Анын ичинен 71 пункт аткарылган, 3 пункт: 1, 9, 35-пункттар жарым-жартылай аткарылган. Республикалык бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 91 631,5 миң сом суммадан 91 631,5 миң сом толугу менен калыбына келтирилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан **2022-жылга** республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 09.10.2023-жылдагы № 01-20/112 кат менен 10 пункттан турган *жазма буйрук* жөнөтүлгөн. Анын ичинен 7 пункт аткарылган, 3 пункт: 2, 5, 10-пункттар жарым-жартылай аткарылган. Республикалык бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 2 452 808,9 миң сом сумманын ичинен 2 305 754,7 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилүүгө тиешелүү сумманын калдыгы 147 054,2 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 09.10.2023-жылдагы № 01-20/111 кат менен 55 пункттан турган *сунуштама* жөнөтүлгөн. Анын ичинен 38 пункт аткарылган, 1 пункт: 20-пункт аткарылган эмес, 16 пункт: 1, 22, 23, 25, 27, 28, 29, 30, 35, 41, 42, 44, 45, 47, 53, 54-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

**- 2020-жылга** республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 28.09.2021-жылдагы № 01-23/159 кат менен жөнөтүлгөн жазма буйруктун 1, 8, 9-пункттарын аткаруу камсыздалсын. Республикалык бюджетке 4 916 924,1 миң сом акча каражатын калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 28.09.2021-жылдагы № 01-23/160 кат менен жөнөтүлгөн сунуштаманын 1, 2, 4, 5, 6, 10, 11-пункттарын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн;

**- 2021-жылга** республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 09.09.2022-жылдагы № 01-23/205 кат менен жөнөтүлгөн сунуштаманын 1, 9, 35-пункттарын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн;

**- 2022-жылга** республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 09.10.2023-жылдагы № 01-20/112 кат менен жөнөтүлгөн жазма буйруктун 2, 5, 10-пункттарын аткаруу камсыздалсын. Республикалык бюджетке 147 054,2 миң сом акча каражатын калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн;

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 09.10.2023-жылдагы № 01-20/111 кат менен жөнөтүлгөн сунуштаманын 1, 20, 22, 23, 25, 27, 28, 29, 30, 35, 41, 42, 44, 45, 47, 53, 54-пункттарын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүдөй сунуштамалар жөнөтүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментине 1 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/110 сунуштама, бирок сунуштама аткарылган эмес;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматына 1 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/113 сунуштама, бирок сунуштама аткарылган эмес;
- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине 2 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/114 сунуштама, сунуштама аткарылган;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине 2 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/115 сунуштама, бирок сунуштама аткарылган эмес;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлигине 2 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/116 сунуштама, бирок сунуштама аткарылган эмес;
- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна 3 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/117 сунуштама, сунуштама аткарылган;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине 9 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/118 сунуштама, бирок сунуштама аткарылган эмес;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо боюнча департаментине 1 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/119 сунуштама, сунуштама аткарылган;
- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасына 3 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/120 сунуштама, бирок сунуштама аткаруу процессинде;
- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине 1 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/121 сунуштама, сунуштама аткарылган;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине 13 пункттан турган 09.10.2023-жылдагы №01-20/122 сунуштама, бирок сунуштама аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамаларын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/110 сунуштаманы;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматы тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/113 сунуштаманы;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/115 сунуштаманы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлиги тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/116 сунуштаманы;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/118 сунуштаманы;
- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасы тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/120 сунуштаманы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 09.10.2023-жылдагы №01-20/122 сунуштаманы.

## ***Бюджеттик календарь***

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Министрлер Кабинети ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун сунушу боюнча тиешелүүлүгүнө жараша бюджеттик процесстин календардык планын (бюджеттик календарды) бекитет.

Бюджеттик календарь кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-февралынан кечиктирилбестен бекитилет.

2023-жылга Бюджеттик календарь Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-январындагы № 35-т тескемеси менен бекитилген, анын шарттарында төмөндөгүлөр сакталган эмес:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө” токтому 2022-жылдын 6-сентябрындагы №484 менен кабыл алынган, бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-январындагы № 35-т тескемесинин (мындан ары – тескеме) 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине 2022-жылдын 31-мартына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2024-2028-жылдарга Кыргыз

Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун жөнөтүү тапшырылган.

2. 2023-жылдын 10-апрелине чейин 2022-2024-жылдарга кирешелер боюнча такталган кирешелерди берүү мөөнөтү бузулган:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан тиешелүү маалымат чыг.№25-02-8/3455 каты менен 2022-жылдын 21-июлунда берилген;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан тиешелүү маалымат чыг.№09-1-10/1623 каты менен 2022-жылдын 7-сентябрында берилген.

3. 18 мамлекеттик орган тарабынан 2023-жылдын 5-майына чейин берүү мөөнөтү менен, Бюджеттик чыгымдардын сектордук стратегиялар долбоорлору 3 ведомство (КР ИИМ, ММКФ, ГАИСиИ) гана өз убагында берген.

2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 82-беренеси менен каралган мөөнөттү бузуу менен бекитилген.

Же, республикалык бюджетти түзүү, убакыттын өтө жетишпестиги форматында ишке ашырылган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен каралган мөөнөттү бузуу менен, Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун бекитүүгө жол бербөө жана тиешелүү жылга “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жана Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоорун өз учурунда жана сапаттуу даярдоо үчүн, Финансы министрлигине өз учурунда берүү боюнча чаралар көрүлсүн;

- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун өз учурунда жана сапаттуу даярдалышына терс таасирин тийгизген жана 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоорун өз учурунда даярдалбашына, 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун өз учурунда берилбешине жол берген Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигин кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## <u>Макроэкономикалык кырдаалды талдоо</u>

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2023-жылдын январь - декабрь айларында Ички дүң продуктунун (ИДП) реалдуу өсүүсү 6,2 % деңгээлинде түзүлгөн, бул болсо, 2023-жылга ИДПнын болжолдонгон өсүүсүнөн 1,7 %га жогору.

| | 2023-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | КРӨнүн 06.09.22-жылдагы №484 токтому менен бекитилген | КРӨнүн 08.09.23 - жылдагы №454 токтому менен такталган | Четтөө (+/-) |
| Номиналдуу ИДП, млн. сом | 926 980,6 | 1 078 655,3 | 151 674,7 |
| Реалдуу ИДП, % | 104,9 | 104,5 | -0,4 |
| Инфляция, (өткөн жылдын декабрына карата %да) | 107,5 | 110,1 | 2,6 |

ИДПнын номиналдуу көлөмү 1 228 898,8 млн. сомду түзгөн, 2023-жылы ИДПнын болжолдонгон номиналдуу көлөмү 1 078 655,3 млн.сом өлчөмүндө күтүлгөн.

2023-жылдын январь-декбары үчүн керектөө бааларынын индекси өткөн жылдын декабрына карата 7,3 %ды түзгөн (2023-жылга болжолдоо 10,1 % деңгээлинде күтүлгөн).

2023-жылдын январь-декбары үчүн керектөө бааларынын индекси 2022-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 10,8 %ды түзгөн (2023-жылга болжолдоо 11,7 % деңгээлинде күтүлгөн).

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча өндүрүш продукциясын өндүрүү,[1] пайдалуу кендерди казууну 3,1 %га, энергетикалык сектордо 8,4 %га жана иштеп чыгуу өнөр жайында 2,0 %га көбөйтүү эсебинен реалдуу түрдө 2,7 %га көбөйгөн: (пайдалуу кендерди казууну 10,5 %га, энергетикалык сектордо 4,2 %га жана иштеп чыгуу өнөр жайында 1,3 %га көбөйтүү эсебинен 2023-жылы өнөр жай продукциясынын болжолу 2,6 %га өсүү менен күтүлгөн).

2023-жылы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө[2] реалдуу өсүү 7,3 %ды түзгөн (2023-жылга болжолдоо 4,9 % деңгээлинде күтүлгөн). Болжолдоо менен салыштырмалуу кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө өсүү темпинин көбөйүүсү, чекене жана дүң сооданын, болжолдонгон 7,1 % өсүүгө каршы 15,5 %га автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо, болжолдонгон 20,0 %га өсүүгө каршы 23,0 %га мейманканалар менен ресторандардын кызмат көрсөтүүсүнүн, болжолдонгон 5,2 % өсүүгө каршы 6,7 %га маалымат жана байланыш кызмат көрсөтүүсүнүн өсүү темпинин көбөйүүсү менен шартталган.

2023-жылы айыл чарбасында, балык чарбасында жана балыкчылыкта[3] өсүү 0,6 %ды түзгөн (2023-жылы болжолдоо 3,0 % деңгээлинде күтүлгөн).

---

[2] Дүңүнөн чыгаруу боюнча өнүгүү темпи келтирилген

[3] Дүңүнөн чыгаруу боюнча өнүгүү темпи келтирилген

Болжолдоого салыштырмалуу айыл чарбасындагы өсүү темпинин жайлап калышы, болжолдонгон 3,1 % өсүүгө каршы 1,9 %га өсүмдүк өстүрүүчүлүктө өсүү темпинин азайышы жана болжолдонгон 3,1 % өсүүгө каршы 2,3 %га мал чарбачылыгында өсүү темпинин азайышы менен шартталган.

2023-жылы каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү деңгээли, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 18,8 %га көбөйгөн (2023-жылы болжолдоо 12,5 % деңгээлинде күтүлгөн).

2023-жыл ичинде курулуштун[4] дүң продукциясынын жалпы көлөмү 197 986,5 млн.сомду, реалдуу өсүү темпи 10,3 %ды түзгөн (2023-жылы курулуштун дүң продукциясынын болжолу 7,9 %га өсүү менен 205 373,7 млн.сом деңгээлинде күтүлгөн).

2023-жылы орточо бир айлык эмгек акынын реалдуу өсүүсү 8,6 %ды түзгөн, номиналдуу түрдө орточо бир айлык эмгек акы 33 258 сом деңгээлинде түзүлгөн (2023-жылы орточо бир айлык эмгек акыны болжолдоо 30 174,5 сом деңгээлинде күтүлгөн, өсүүнүн реалдуу темпи - 1,5 %).

Алдын ала маалыматтар боюнча 2023-жылдагы тышкы соода жүгүртүүсү 15 660,9 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2022-жылга салыштырмалуу 29,9 %га көбөйгөн, анын ичинен: экспорт – 3 308,9 млн. АКШ доллары (46,8 %га көбөйүү) жана импорт – 12 352,0 млн. АКШ доллары (26,0 %га көбөйүү). 2023-жылы тышкы соода жүгүртүүнүн болжолу 8,2 %га өсүү менен, 12 789,0 млн. АКШ доллары деңгээлинде күтүлгөн, анын ичинен: 21,2 %га өсүү менен экспорт 2 650,0 млн. АКШ доллары жана 5,3 %га өсүү менен импорт 10 139,0 млн. АКШ доллары.

[1] Дүңүнөн чыгаруу боюнча өнүгүү темпи келтирилген
[3] Дүңүнөн чыгаруу боюнча өнүгүү темпи келтирилген
[4] Дүңүнөн чыгаруу боюнча өнүгүү темпи келтирилген

## 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кирешелер боюнча - 325 066,0 млн. сомго жана чыгымдар боюнча 346 329,2 млн. сомго бекитилген жана республикалык бюджеттин тартыштыгынын 21 263,2 млн. сомго чектелген өлчөмү белгиленген.

Республикалык бюджеттин динамикасы төмөндөгүдөй.

(млн. сом)

| | **17.01.2023-жылдагы Республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** | **16.01.2024-жылдагы Республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** | **Четтөө Гр.3-гр.2** | **РБны факты жүзүндө аткаруу** | **Четтөө Гр.5-гр.3** |
|---|---|---|---|---|---|

[4] Дүңүнөн чыгаруу боюнча өнүгүү темпи келтирилген

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кирешелер | 325 066,0 | 352 807,9 | +27 741,9 | 357 747,6 | +4 939,7 |
| Чыгымдар | 346 329,2 | 361 795,6 | +15 466,4 | 344 147,4 | -17 648,2 |
| Тартыштык | 21 263,2 | 8 987,7 | -12 275,5 | | |
| Профицит | | | | 13 600,2 | |

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен төмөндөгүлөр такталган:

- 352 807,9 млн. сомго чейин кирешелер, же 27 741,9 млн. сомго көбөйүү менен;
- 361 795,6 млн. сомго чейин чыгымдар, же 15 466,4 млн. сомго көбөйүү менен;
- 8 987,7 млн. сомго чейин тартыштык, же 12 275,5 млн. сомго азаюу менен.

Республикалык бюджеттин такталышына жүргүзүлгөн талдоо, 27 741,9 млн. сомго кирешелерди көбөйтүү менен, бюджеттин чыгымдары 15 466,4 млн. сомго гана көбөйтүлгөн, ошону менен бирге, бюджеттин тартыштыгынын деңгээли 12 275,5 млн. сомго азайтылгандыгын көрсөттү.

Республикалык бюджеттин факты жүзүндө аткарылышы төмөндөгүлөр боюнча жүргүзүлгөн:

- 357 747,6 млн. сомго кирешелер боюнча, же такталган бюджетти 4 939,7 млн. сомго ашыруу менен;
- 344 147,4 млн. сомго чыгымдар боюнча, же мыйзам менен каралган чыгымдар 17 648,2 млн. сомго жеткире өздөштүрүлгөн эмес, баштапкы бекитилген 2181,8 млн. сомго да жеткен эмес, же 15466,4 млн. сомго көбөйтүү менен чыгымдарды тактоо аткаруу үчүн реалдуу эмес болуп эсептелет;
- бюджеттин профицити 13 600,2 млн. сом деңгээлинде түзүлгөн, же ИДПга карата 1,1 % деңгээлинде;
- 2023-жылдын аягында алыш-бериш эсептериндеги бош каражаттар 22638,8 млн. сомду түзгөн жана төмөндөгүлөрдөн түзүлгөн:
  - ✓ киреше параметрлерин тактабастан ашыруу – 4938,2 млн. сом;
  - ✓ РБнын өздөштүрүлбөгөн ыкчам чыгымдары – 10138,6 млн. сом;
  - ✓ Финансылык эмес активдерге салуудан улам, акча каражаттарынын таза агымы - 7511,1 млн. сом;
  - ✓ бюджеттин тартыштыгын каржылоо боюнча акча каражаттарынын таза агымы - 50,9 млн. сом.

Бюджеттин 13600,2 млн. сом профицити алдында, 9038,6 млн. сом өлчөмүндөгү тартыштыкты жабуу үчүн, финансылык аспаптар негизинен, баалуу кагаздарды чыгаруунун эсебинен колдонулган.

Такталган республикалык бюджеттин көрсөткүчтөрүн колдонуудагы четтөөлөр жылдын акырына карата пайдаланылбаган калдыктардын түзүлүшүнө алып келди.

Ошону менен бирге, башкаруу, экономика жана социалдык чөйрө бөлүгүндө бюджеттик каржылоо (атайын каражаттарды эсепке алуу менен), такталган пландын 95,1% ын түзгөндүгү белгиленет.

Чыгымдар беренелери боюнча бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары, сметалык багыттоолордун бардык көрсөткүчтөрү боюнча пландык көрсөткүчтөрдөн четтөөлөр бар экендигин көрсөттү.

*Республикалык бюджетте каралган көрсөткүчтөрдөн четтөөлөр 17648,2 млн.сомду түздү, анын ичинен: операциялык чыгымдар – 10138,6 млн. сом, финансылык эмес активдер – 7509,6 млн. сом, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен – 4520,2 млн. сом.*

***Ошентип, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 3-1, 4, 5, 6-беренелери четтөө менен аткарылган.***

*Республикалык бюджеттин корголгон беренелери (атайын каражаттарды эсепке албастан) негизинен 2518,2 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен:* эмгек акы – 1 550,2 млн. сомго, медикаменттерди сатып алуу – 253,2 млн. сомго, тамак-аш продуктыларын сатып алуу – 236,1 млн. сомго, социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар, социалдык жардамдар – 42,1 млн. сомго, Кыргыз Республикасынан Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна трансферттер – 436,6 млн. сомго.

***Демек, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-пункту четтөө менен аткарылган.***

Көрсөтүлгөн мыйзамдын 5-беренесинин 1-пункту менен белгиленген, мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышынын параметрлери 799,7 млн. сомго четтөө менен аткарылган, анын ичинен: мамлекеттик инвестицияларды каржылоонун ички булактары - 140,0 млн. сомго, тышкы - 659,7 млн. сомго.

## Финансылык активдерди администрлөө

2023-жылы республикалык бюджетти аткаруунун өзгөчөлүгү болуп, чарба жүргүзүүчү субъекттерге карыздарын төлөө жана уставдык капиталды көбөйтүүгө 40220,0 млн. сомду бөлүү менен, республикалык бюджеттин эсебинен ресурстук бөлүктү түзүү болуп эсептелет, анын ичинен 35571,0 млн.сом же 88,4 %ы, мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу (23442,2 млн. сом), мурда алынган кредиттер боюнча карызды (11529,9 млн.сом) жана салык карызын (598,9 млн. сом) төлөө түрүндө бюджетке кайтарылган.

Акцияларды сатып алуу операциялары болуп, бюджеттин тартыштыгын каржылоо боюнча финансылык аспаптардын бир бөлүгү болуп эсептелет жана финансылык активдер катары көрсөтүлүүгө тийиш. Бирок, “Нарынгидрокурулуш” ААКсынын акцияларын сатып алуу үчүн

пайдаланылган 598,9 млн. сом Энергетика министрлиги тарабынан чыгымдар сметасынан жүргүзүлгөн. Ошону менен бирге, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүн 598,9 млн. сомго ашырууга жол берилген.

Натыйжада, милдеттенмелерди төлөөгө капиталдаштырылган каражаттарды пайдаланууга, ошондой эле республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоого байланыштуу, негизги фонддорду көбөйтүү жана модернизациялоо максатына жеткен эмес.

Белгилей кетчү нерсе, чыгымдар бөлүгүнөн каражаттарды бөлүү аркылуу салыктык төлөмдөрдү, бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды төлөө, мурда берилген кредиттер жана бюджетке милдеттүү төлөмдөр боюнча карыздары болгондо бюджеттик кредиттерди бөлүүгө тыюу салган Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 2-пунктун четтеп өтүүгө мүмкүндүк берген.

Алсак, 2023-жылы уставдык капиталды көбөйтүү үчүн алынган каражаттардын эсебинен бюджеттик кредиттер төлөнгөндөн кийин, энергетикалык секторго 10,2 млрд .сомго жаңы кредиттер бөлүнгөн.

Жазылгандарды эске алуу менен, бюджеттин ресурстарынын кийинки булактары болуп эсептелген финансылык аспаптар катары 40220,0 млн.сомду пайдалануу боюнча бюджеттик чаралар, аудитке жасалма жана натыйжасыз болуп көрүнөт.

Уставдык капиталды көбөйтүү үчүн бюджеттен каражаттарды алган чарба жүргүзүүчү субъекттер бөлүгүндө төмөндөгүлөр пайдаланылган:

- 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган Мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу үчүн - 23442,2 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы - 16300,0 млн. сом, “РСК Банк” ААКсы - 2465,0 млн. сом, “Айыл Банк” ААКсы - 4677,2 млн. сом);

- мурда алынган бюджеттик кредиттер боюнча карызды төлөө үчүн - 11191,2 млн. сом (“Электр станциялары” ААКсы - 5400,0 млн. сом, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы - 5395,3 млн. сом, “Кыргыз почтасы” ААКсы - 395,9 млн. сом);

- “Нарынгидрокурулуш” ААКсы Социалдык фондго төгүмдөрдү жана салыктарды төлөө үчүн - 598,9 млн. сом;

- бюджеттик кредитти төлөө суммасы 269,5 млн. сом деп кабыл алынган сот чечимин аткаруу менен кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 08.09.2023-жылдагы №522 буйругуна ылайык, КР АЧМдин Суу ресурстарынын кызматынын бюджеттик кредитин төлөө үчүн - 338,7 млн. сом. Б.а. республикалык бюджеттен 2823 “Сот чечимин аткаруу” беренеси боюнча 339,2 млн. сомго каржыланган же бюджеттик кредитти төлөө үчүн 69,7 млн. сом каражаттарды ашыкча бөлүүгө жол берилген.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдында “Техно-Стиль” ЖЧКсынын 547,9 млн. сом салык карызын төлөө, Маалымкат-Негиздемеде берилгендей, “Техно-Стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө эсебине өз

ыктыяры менен мүлктү берүү аркылуу эмес, А.К. Кубанычбековдон жана "Индустриал Парк Силк Вэй" ЖЧКсынан кыймылсыз мүлктү сатып алуу үчүн, ММБМАга республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн каражаттарды бөлүү аркылуу жүргүзүлгөн.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 72-беренеси боюнча салык милдеттенмелерин аткаруунун жеңилдетилген режимин колдонуу түрүндө, 273,9 млн. сом суммасында салык санкцияларын жана 50 % калган туумду өздүк эсептен чыгаруу менен, негизсиз эсептен чыгарууга жол берилген.

Натыйжада, А.К. Кубанычбековдон жана "Индустриал Парк Силк Вэй" ЖЧКсынан кыймылсыз мүлктү сатып алуу үчүн, республикалык бюджеттен кошумча чыгымдар 547,9 млн. сомду түзгөн, ал эми республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө жеткире түшпөгөн "Техно-Стиль" ЖЧКсынын салыктык карызынын жалпы суммасы - 821,8 млн.сом.

Ошондой эле, "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинде мындай ченем жоктугуна карабастан, мүлктү келечектеги дивиденддердин эсебинен өткөрүп берүүнү сунуштаган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелерине таянуу менен, акционерлер жана директорлордун чогулушунун чечиминин негизинде 2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча 1334,8 млн. сом толук көлөмдө дивиденддерди бир жолку эсепке алуу жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- КР ИИМ үчүн, 109,2 млн. сомго баалоо наркы алдында, "МАМ" ААКсынын эски аэропортунун имаратын өткөрүп берүүдөн - 117,0 млн. сом (2022-жылдын 21-декабрдагы №652-Т);

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы үчүн, жер участкасын эсепке алуу менен (1226,2 млн.сом), 2177,3 млн.сомго баалоо наркы менен "Кыргызалтын" ААКсынын "Кыргыз деңизи" санаториясын берүүдөн (2023-жылдын 17-мартындагы №113-Т) - 1217,8 млн. сом (жер участкасы жок 959,5 млн. сом).

"Кыргыз деңизи" санаториясынын мүлк комплекси жер тилкесинин наркын эсепке албастан, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Алуучулар тарабынан бюджетке жана бюджеттик кредиттерге төлөмдөр боюнча карыздарды жоюуга бөлүнгөн каражаттардын пайдаланылышына байланыштуу модернизациялоонун жана негизги фонддорду көбөйтүүнүн максаттарына жетпестен активдерди капиталдаштыруу боюнча өздүк бюджеттик чараларды жүргүзүүнүн алгылыктуулугун баалоо боюнча чаралар көрүлсүн.

***Мамлекеттик өнүктүрүү банкы боюнча***

"Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө" (мындан ары – МӨБ) Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, "Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө"

ААКсынын ишин жөнгө салуу жөнүндө жобонун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 9-октябрындагы №533 токтому менен бекитилген) негизинде "Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ААКсы иштейт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелерине (2023-жылдын 20-январындагы №16-т, 2023-жылдын 29-июннудагы №387-т, 2023-жылдын 21-сентябрындагы №554-т) ылайык, 2023-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча МӨБдүн уставдык капиталынын өлчөмү 16,8 млрд сомду түзгөн.

МӨБдүн уставдык капиталын түзүү жана "Альфа Телеком" ЖАКынын мамлекеттик пакетин андан ары сатып алуу менен, мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу булактары болуп, 3215 "Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары" беренси боюнча ченемдик-укуктук актыда көрсөтүлгөн чыгымдар, республикалык бюджеттин каражаттары эсептелет.

Белгилей кетчү нерсе, МӨБдүн жана "Альфа Телеком" ЖАКынын 100 % акциялары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – ММБМА) атынан мамлекеттик таандык болгондуктан, МӨБдү капиталдаштыруу, "Альфа Телеком" ЖАКсынын акцияларынын мамлекеттик пакетин сатып алуу жана сатуу процесстеринде, мамлекеттик менчик үлүшүнө үлүштү сатып алуу (көбөйтүү) болгон эмес.

Уставдык капиталды түзүү үчүн, республикалык бюджеттин булактары болуп, мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу белгиленген, алар 5-20 жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен 21,8 млрд. сомго төлөнөт, аларды тейлөө боюнча бюджеттин кошумча чыгымдары келечекте 5,5 млрд. сомду түзөт.

**Корутунду**

МӨБдү капиталдаштыруу боюнча бюджеттин 16,8 млрд. сом чыгымдары, азыркы учурда аудитке рационалдуу эмес жана натыйжасыз болуп көрүнөт, анткени, МӨБ тарабынан сатылып алынган мамлекеттик баалуу кагаздарды тейлөө үчүн зарыл болгон 5,5 млрд. сом суммасында мамлекеттик бюджеттин келечектеги кошумча чыгымдарына алып келген.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-июнундагы №387 тескемесине ылайык, ММБМА тарабынан жарыяланган "Альфа Телеком" ЖАКсынын акцияларынын мамлекеттик пакетинин 100 %ын сатуу боюнча аукционго МӨБ катышкан жана аукциондун жыйынтыгы боюнча 14,8 млрд. сомго "Альфа Телеком" ЖАКынын акцияларынын мамлекеттик пакетин сатып алган.

Оператордун акциялар пакетин сатып алуу келишимине ылайык милдеттенмени аткаруу менен, 2023-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча МӨБ "Альфа Телеком" ЖАКсынын акцияларынын мамлекеттик пакети үчүн ММБМАга 5,0 млрд. сом чегерген, ал эми МӨБдүн милдеттенмелериндеги

финансылык отчетто эсептелген 9,8 млрд. сомду чегерүү мөөнөтү 2024-жылдын октябрына чейин калтырылган.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 4-беренесинин 2-пунктун бузуу менен:

- 2024-жылы же кезектеги бюджеттик жылга карата 1-январдан эрте эмес аткарууга тиешелүү болгон, 2023-жылдын 5-октябрындагы “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33-беренесинин 4-бөлүгүнүн негизинде, 9,8 млрд. сомго МӨБ “Альфа Телеком” ЖАКсынын акцияларынын мамлекеттик пакетин 100 % сатуудан 2024-жылдын октябрына чейин мөөнөтүн узартуу берилген;

- 2024-жылы же кезектеги бюджеттик жылга карата 1-январдан эрте эмес аткарууга тиешелүү болгон, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы №483 “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун негизинде, “Альфа Телеком” ЖАКсынын акцияларынын мамлекеттик пакетин 100 % сатуудан 1,0 млрд. сом суммасындагы 7 % комиссиялык жыйымды өндүрүү камсыздалган эмес.

Ошону менен бирге 2023-жылга такталган республикалык бюджеттин долбоорун түзүүдө менчиктештирүү боюнча берилген бөлүп төлөө? Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык бюджеттин бекитилген параметрлеринин деңгээлине таасир этүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын өзгөрүшү эске алынган.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде коллизия бар.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 4-беренесинин 2-пунктуна ылайык, кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын 1-январынан эрте эмес күчүнө кирүүчү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы №483 “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомуна жана 2023-жылдын 5-октябрындагы “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, “Альфа Телеком” ЖАКсынын акцияларынын мамлекеттик пакетин 100 % сатуудан (9,8 млрд. сом) жана жокко чыгарылган 7 % комиссиялык жыйымдан (1,0 млрд. сом) “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсы тарабынан бөлүп төлөө мөөнөтүн берүү менен байланыштуу, 2023-жылы 10,8 млрд. сом салык эмес кирешелердин түшпөй калышына алып келген.

"2023-жылга такталган республикалык бюджеттин долбоорун түзүүдө менчиктештирүү боюнча берилген бөлүп төлөө, Кыргыз Республикасынын

Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, бюджеттин бекитилген параметрлеринин деңгээлине таасир этүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын өзгөрүшү эске алынган.”

**Сунуштама**

Берилген бөлүп төлөөнү 9,8 млрд. сомго толук жоюу камсыз кылынсын.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 4 жана 115-беренелеринин ортосундагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексиндеги коллизияны жоюулсун.

**Аныкталды**

2023-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча МӨБдүн кирешеси 559,6 млн. сомду же планга карата 193 %ды түзгөн жана план 269,3 млн. сомго ашырылган.

2023-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча Банктын кирешелери 726,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: баалуу кагаздарды сатуудан - 668,4 млн. сом, КРУБдун ноталары - 37,9 млн. сом, банк аралык депозиттер - 8 млн. сом; берилген кредиттер - 1,2 млн. сом.

Операциялык чыгымдар 164,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: негизинен персоналдарды жана Директорлор Кеңешин сыйлоого - 74,3 млн. сом.

МӨБ мамлекеттик баалуу кагаздарды жана КРУБдун ноталарын сатып алууга каражаттарды жайгаштыруу аркылуу инвестициялык ишти жүргүзөт.

“Айыл банк” ААКсы аркылуу 21,8 млрд. сом төлөө наркы менен 16,3 млрд. сомго мамлекеттик кагаздарды сатып алуу боюнча операциялары жүргүзүлгөн, анткени, МӨБ дүйнөлүк SWIFT тутумуна ж.б. кошулган банктык операцияларды жүргүзүүгө карата лицензиянын болушу жөнүндө КРУБдун талаптарына (КРУБдун Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/18 токтому менен бекитилген, КРУБдун автоматташтырылган соода тутумунун иши жөнүндө жобо жана КРУБдун Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/17 токтому менен бекитилген, КРУБдун автоматташтырылган соода тутуму аркылуу экинчи рынокто Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздарын соодалоо эрежелери) туура келбегендиктен улам, соода тутумуна катышуу мүмкүнчүлүгү жок.

Экинчи рынокто 679,2 млн. сом киреше алуу менен, мамлекеттик баалуу кагаздар 4 887,1 млн. сомго сатылган.

3 556,6 млн. сом төлөө наркы менен КРУБдун баалуу кагаздары (7-91 күндүн НОТалары) 3 516,8 млн. сомго сатылып алынган.

Коммерциялык өнөктөш банктар (“Азия банк” жана “Бакай банк” ААКлары) аркылуу 7 долбоор үчүн, ошондой эле “Шоро” ЖАКсына түздөн түз кредит түрүндө 6-9 пайыз менен акча каражаттарын берүү боюнча банктык операциялар жүргүзүлгөн. Жактырылган кредиттердин жалпы суммасы 538,0 млн. сомду түзгөн жана факты жүзүндө берүү 210,3 млн. сомго жүргүзүлгөн.

2012-жылдын 9-августундагы № 161 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын баштапкы Мыйзамына МӨБ үчүн өзгөчө укуктук статусту берген толуктоолор жана

өзгөртүүлөр киргизилген. Алсак, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын күчүнөн алып салууну карабаган, “Банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик-укуктук актыларынын күчү МӨБ үчүн жайылтылбагандыгы жөнүндө шарттар 2-беренге киргизилген.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине киргизилген өзгөртүүлөр менен, МӨБдүн операцияларынын түрлөрүнүн мүнөзү боюнча банктык операциялар болуп эсептелерин улантканына карабастан, “банктык” деп аталбай калган.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, Банк мыйзамдары банк ишин жүзөгө ашыруу, акча-кредит жана валюта саясатын жүргүзүү, төлөм системасынын иштеши (банктык укуктук мамилелер) чөйрөсүндөгү мамилелерди, ошондой эле банктык укуктук мамилелердин катышуучуларынын укуктук статусун, компетенциясын, өз ара мамилесин жана жоопкерчилигин жөнгө салат. Банктык укуктук мамилелердин катышуучулары болуп ыйгарым укуктуу орган аркылуу чыгуучу мамлекет, Улуттук банк, банктар жана Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы башка жактар, юридикалык жана жеке жактар, анын ичинде жеке ишкерлер, ошондой эле резидент эместер саналат.

Муну менен катар, конституциялык Мыйзамдын 2-беренесине ылайык, ушул конституциялык Мыйзамды жөнгө салуу предметине тиешелүү жана башка мыйзамдарда жана ченемдик-укуктук актыларда камтылган ченемдери, ушул конституциялык Мыйзамга туура келиши керек.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен башка ченемдик-укуктук актылардын ортосунда коллизия пайда болгон учурда, конституциялык Мыйзамдын ченемдери колдонулат.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2-беренесинин 3-бөлүгү менен, ушул конституциялык Мыйзамдын жана башка мыйзамдык ченемдик укуктук актылардын ортосунда коллизиялар келип чыккан учурда, ушул конституциялык Мыйзамдын ченемдери колдонулат деп аныкталган.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 29-июлундагы №121-07/1718 катындагы суроо талапка, мыйзамга ылайык МӨБдүн иши лицензияланбайт жана КРУБ тарабынан жөнгө салынбайт деген КРУБдун расмий позициясы жазылган.

**Корутунду**

МӨБ банктык иштерди жүргүзүү бөлүгүндө, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, “Банктар жана банк иштери жөнүндө” жана

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ортосунда дал келбестик аныкталган.

МӨБ лицензия албастан туруп, 1,2 млн. сом киреше алуу менен, 210,3 млн. сомго 6-9 пайызда (“Шоро” ЖАКсына 60 айга жылдык 6 пайыздык коюм менен 82,3 млн. сом) жана коммерциялык өнөктөш банктар (“Азия банк” ААКсы аркылуу 100,0 млн. сомго 5 карыз алуучуга жана “Бакай банк” ААКсы аркылуу 21 млн. сомго 2 карыз алуучуга) аркылуу кредиттик каражаттарды берүү түрүндө банктык иштерди жүргүзгөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу боюнча операциялар “Айыл банк” ААКсы аркылуу 21,8 млрд. сом төлөө наркы менен 16,3 млрд. сомго мамлекеттик кагаздарды сатып алуу боюнча операциялары жүргүзүлгөн, анткени, МӨБ дүйнөлүк SWIFT тутумуна ж.б. кошулган банктык операцияларды жүргүзүүгө карата лицензиянын болушу жөнүндө КРУБдун талаптарына туура келбегендиктен улам, соода тутумуна катышуу мүмкүнчүлүгү жок.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, “Банктар жана банк иштери жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ортосунда дал келбестиктин болушу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 29-июлундагы №121-07/1718 катындагы суроо талапка, мыйзамга ылайык МӨБдүн иши лицензияланбайт жана КРУБ тарабынан жөнгө салынбайт деген КРУБдун расмий позициясы жазылган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен бирдикте, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, “Банктар жана банк иштери жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын шайкештигин камсыздоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 9-октябрындагы №533 токтому менен, акционердин функциясы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилген.

Акционерлердин жалпы чогулушунун чечиминин 2024-жылдын 26-апрелиндеги №2/2024 протоколуна ылайык, “Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсынын таза кирешесинин суммасы, акционерлерге 25 % өлчөмүндө же 139,9 млн. сом дивиденддерди төлөө менен 559,6 млн. сом өлчөмүндө бекитилген.

“Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсынын 2023-жылга карата топтолгон финансылык отчётуна ылайык, Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсынын жыйынды кирешеси (таза кирешеси) 1012,9 млн. сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн.

“Топтолгон финансылык отчеттуулуктун” 10-финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык, инвестиция объектилерин топтоо инвестор инвестиция объектисине контролдоо алгандан тартып башталат жана инвестор инвестиция объектилерине контролдоону жоготкондо токтотулат. “Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсынын Эсептик саясатынын 20.3-пунктуна ылайык, туунду уюмдардын жыл ичинде сатылган же сатып алынган кирешелери жана чыгымдары, Топ тарабынан контролдоо алган учурдан тартып, Топ бул туунду уюмду контролдобой калган датага чейин, киреше жана чыгым жана жыйынды киреше жөнүндө топтолгон отчетко киргизилет.

МӨБдүн Топтолгон финансылык отчеттуулугуна ылайык, Топтун таза кирешеси 1012,9 млн. сомду түзгөн, ал эми “Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсынын айрым финансылык отчётунда жыйынды киреше 559,6 млн. сомду жана “Альфа Телеком” ЖАКсынын финансылык отчету боюнча киреше 1 816,7 млн. сомду түзгөн.

“Альфа Телеком” ЖАКынын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун 2024-жылдын 24-апрелиндеги протоколу менен, акционерге, б.а. МӨБгө 2023-жыл ичинде 445,9 млн. сомду түзгөн Топтолбогон таза кирешеден 25 % дивиденддерди төлөөнү багыттоо жөнүндө чечим кабыл алынган.

МӨБдүн 2024-жылдын 26-апрелиндеги акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун протоколу менен, 2023-жыл ичинде “Альфа Телеком” ЖАКынын ишинен алынган дивиденддердин бир бөлүгүн чегерүүгө байланыштуу, Директорлор Кеңеши тарабынан Финансы министрлигине сунуш кароону жана киргизүү чечими кабыл алынган.

2024-жылдын 5-июнундагы №17-03/248 каты ( МӨБдүн Башкармалыгы жана Директорлор Кеңеши) менен, “Альфа Телеком” ЖАКынын бөлүштүрүлгөн кирешелеринин суммасы 2024-жылы МӨБдү инвестициялык кирешелери болуп таанылган, 2023-жылдын кирешеси болуп каралбайт жана 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча төлөнөт.

**Корутунду**

2024-жылы 445,9 млн. сом суммасындагы МӨБдүн инвестициялык кирешелери тарабынан “Альфа Телеком” ЖАКсынын ишинен алынган дивиденддер бөлүгүн “МӨБ” ААКсынын Башкармалыгы жана Директорлор Кеңешинин таануусу, аудитке дивиденддер түрүндө республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн түшүп калышына алып келген жана мамлекеттик кызыкчылыкка туура келбеген позиция катары көрүнөт.

**Сунуштама**

2024-жылы 445,9 млн. сом суммасындагы МӨБдүн инвестициялык кирешелери тарабынан “Альфа Телеком” ЖАКынын ишинен алынган 445,9 млн. сом суммасындагы дивиденддер бөлүгүн таануу жөнүндө “МӨБ” ААКсынын Башкармалыгы жана Директорлор Кеңешинин позициясына көңүл бурбагандыгы жана аракетсиздиги үчүн акционер “МӨБ” ААКсынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

“Евразиялык аманат банкы” ААКсы (60,94 % - Президентке караштуу Инвестициялар боюнча мамлекеттик агенттик, “Альфа Телеком” ЖАКы - 19,99 %) тарабынан, акционерлердин уставдык капиталды көбөйтүүгө аны багыттоо чечими менен, 2023-жылга Банктын ишинин жыйынтыктары боюнча 170,6 млн. сом таза киреше алынган.

Кирешелердин бир кыйла бөлүгү, Кыргыз Республикасындагы ТСП-ЖЧКсынын эсебине виртуалдуу POS-терминалдар аркылуу россия рублинде төлөм жүргүзүү менен, интернет-эквайринг кызмат көрсөтүүсү боюнча комиссиялык кирешелердин эсебинен түзүлгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 08.12.2021-жылдагы №2021-П-14/68-7-(ПС) токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө” Жобонун 88-пункту менен, бардык эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карталарын колдонуу менен улуттук валютада жүргүзүлүшү керек.

“Евразиялык аманат банкы” ААКсынын (мындан ары – ЕАМ) 29.03.2024-жылдагы акционерлеринин кезексиз чогулушунда, уставдык капиталды 200,0 млн. сомго чейин көбөйтүү чечими кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиги 26.03.202-жылдагы №02-09-5/907 каты менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүргүзүлгөн эмиссияга акцияларды сатып алуу үчүн республикалык бюджеттен 121,9 млн. сом каражат бөлүү жөнүндө кайрылган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 25.04.2024-жылдагы № 17-1/5213 каты менен, көрсөтүлгөн каражаттарды бөлүүгө каралган бюджеттердин жоктугуна жана чектелгендине шилтемелөө менен баш тарткан. Натыйжада, эмиссияны жабуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттик акцияларды бөлүштүрүү жыйынтыгы менен, ЕАМда акцияларынын үлүшү азайган жана 48,89 %ды түзгөн.

Бул учурда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан акцияларды сатып алуу үчүн каражаттарды издөө боюнча чараларды көрбөгөндүгү жана тиешелүү финансылык талдоо жүргүзбөгөндүгү белгиленген, анын натыйжасында, “Евразиялык аманат банкы” ААКсынын мамлекеттик акцияларынын үлүшү 60,94 %дан 48,89 %га чейин азайтууга жол берилген.

## 2023-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

2023-жылга республикалык бюджеттин жыйынды кирешелери 357 747,6 млн. сомду же белгиленген пландык мааниден 101,4 %ды түзгөн. 2022-жылга

салыштырмалуу, бюджеттин жалпы кирешелери 32,3 %га же 87 320,4 млн. сомго көбөйгөн.

Каралган мезгилге карата салыктык кирешелердин көлөмү 266 082,9 млн. сомго же пландан 101,6 %га аткарылган *(ашыкча аткаруу суммасы 4 114,3 млн.сом*). 2022-жылга салыштырмалуу, салык кирешелери 30,8 %га же 62 650,95 млн. сомго өскөн.

Салык кызматы тарабынан администрленген салык кирешелери 154 574,8 млн. сомду же пландан 101,1 %ды түзгөн *(ашыкча аткаруу суммасы 205,1 млн.сом*), 2022-жылга карата өсүү темпи 119,7 %ды түзгөн, же келип түшкөн каражаттар 25 453,6 млн. сомго өскөн.

Бажы кызматы тарабынан администрленген салык кирешелери 2023-жылы 111 508,1 млн. сомду же пландан 103,6 %ды түзгөн (*ашыкча аткаруу суммасы 3 909,2 млн.сом*), 2022-жылга салыштырмалуу келип түшкөн бажы төлөмдөрү жана салыктар 37 197,3 млн. сомго өскөн.

Келип түшкөн расмий трансферттер 16 206,3 млн. сомду түзгөн, пландуу көрсөткүч 96,9 %га аткарылган. 2022-жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырмалуу келип түшкөн каражаттар 3 285,8 млн. сомго азайган.

(млн.сом)

| **Көрсөткүчтөр-дүн аталышы** | **Факт 2022-ж.** | **Такталган план 2023-ж.** | **Факт 2023-ж.** | **2022-жылы такталган пландан четтөө фактысы** | **Пландан аткаруу% да** |
|---|---|---|---|---|---|
| *1* | *3* | *4* | *5* | *6=5-4* | *7=5/4*100* |
| **Жыйынды кирешелер** | **270 427,3** | **352 807,9** | **357 747,6** | **4 939,7** | **101,4** |
| Салыктык кирешелер | 203 432,0 | 261 968,6 | 266 082,9 | 4 114,3 | 101,6 |
| *анын ичинен МСК* | *129 121,2* | *154 369,7* | *154 574,8* | *205,1* | *100,1* |
| *анын ичинен МБК* | *74 310,8* | *107 598,9* | *111 508,1* | *3 909,2* | *103,6* |
| Салык эмес кирешелер | 47 499,4 | 74 112,7 | 75 456,9 | 1 344,2 | 101,8 |
| Расмий трансферттер | 19 492,1 | 16 726,7 | 16 206,3 | -520,4 | 96,9 |
| Сатуудан түшкөн каражаттар | 3,8 | | 1,5 | | |

## Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн болжолдоо жана аткаруу абалы

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн факты жүзүндө аткарылышы, 101,4 %дык көрсөткүч менен 352 807,9 млн. сомго такталган болжолдоо алдында 357 746,1 млн. сом суммасында көрсөтүлгөн жана 4938,2 млн. сомго ашык аткарылган.

**Аныкталды**

Аудит тарабынан 4722,4 млн. сомго келип түшкөн каражаттардын реалдуу түрдө жетишсиздиги аныкталган, анын ичинен: факты жүзүндө келип түшүүлөрдүн төмөн болжолдоодон улам - 3169,4 млн. сом жана аныкталбаган болжолдоо - 1553,0 млн.сом.

Салык кирешелери боюнча республикалык бюджеттин факты жүзүндө келип түшүүлөрү 266082,9 млн.сомду түзгөн, болжолдоодо - 261968,6 млн.сом же 101,6 %дык көрсөткүчтөр менен 4114,3 млн. сомго ашык аткаруу, анын ичинен төмөндөгүлөр тарабынан администрленгендер:

- Мамлекеттик салык кызматы тарабынан 100,1 %дык көрсөткүчтөр же 205,1 млн. сомго ашык аткаруу менен 154575,0 млн.сом;

- Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан 103,6 %дык көрсөткүчтөр же 3909,2 млн. сомго ашык аткаруу менен 111508,1 млн.сом.

Кирешелер булактары бөлүгүндө факты жүзүндө келип түшүүлөрдөн болжолдонгон маалыматтарын четтөөлөрүнүн олуттуу көлөмү кошумча наркы салыгы, акциз салыгы, бажы төлөмдөрү, башка бажы төлөмдөрү жана жыйымдар, салык эмес төлөмдөр боюнча белгиленген.

Алсак, кошумча нарк салыгы боюнча факты жүзүндөгү келип түшүүлөр, 142533,1 млн. сомго болжолдоо алдында 144795,0 млн.сомду түзгөн, же 101,6 %дык көрсөткүчтөр менен 2261,9 млн. сомго ашык аткаруу менен, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча 2459,9 млн. сомго аткарылбашы;
- үчүнчү өлкөдөн алынып келинген товарлар боюнча 2930,8 млн. сомго ашык аткаруу;
- факты жүзүндө 1553,0 млн. сомдун келип түшүүсү алдында, салык агенти тарабынан кармалган болжолдоо жок.

Акциздик салык боюнча факты жүзүндө келип түшүүлөр, 107,7 %дык көрсөткүчтөр менен 1272,7 млн. сомго ашык аткаруу менен, же 16182,2 млн. сомго болжолдоо алдында 17424,9 млн.сомду түзгөн, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча 577,9 млн. сомго ашык аткарылышы;
- ЕАЭБ өлкөлөрүнөн алынып келинген товарлар боюнча 646,0 млн. сомго ашык аткаруу;
- үчүнчү өлкөдөн алынып келинген товарлар боюнча 19,3 млн. сомго ашык аткаруу.

Бажы төлөмдөрү боюнча факты жүзүндө келип түшүүлөр, 162,4 %дык көрсөткүчтөр менен 1474,6 млн .сомго ашык аткаруу менен, же 2361,9 млн. сомго болжолдоо алдында 3836,4 млн. сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кирешелердин айрым булактарын жетишсиз реалдуу болжолдоо менен байланыштуу, факты жүзүндөгү келип түшүүлөр болжолдоодон 4722,4 млн. сомго четтөө белгиленген.

Кирешелердин булактары бөлүгүндө реалдуу эмес болжолдоонун олуттуу көлөмү кошумча нарк салыгы, акциз салыгы, бажы төлөмдөрү, башка бажы төлөмдөрү жана жыйымдар, салыктык эмес төлөмдөр боюнча белгиленген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Үчүнчү өлкөдөн алынып келинген товарларга кошумча нарк салыгынын, Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн жана сатылган жана ЕАЭБ өлкөлөрүнөн алынып келинген товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө акциз салыгынын, бажы төлөмдөрүнүн жана жыйымдарынын келип түшүүлөрүн болжолдоону жакшыртуу боюнча чаралар көрүлсүн.

***“Техно-Стиль” ЖЧКсынын салык карызын төлөө жөнүндө***

Салык төлөөчү тарабынан таанылган салык, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 1 379,3 млн.сом карызды аткарууну камсыздоо жөнүндө 28.11.2022-жылдагы №2436 билдирүү (көчмө текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча КРФМге караштуу МСКнын 18.10.2022-жылдагы № 7653/00 чечими) боюнча, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 86-беренесине ылайык, Аламүдүн райондук МСКБ тарабынан 2023-жылдын 24-февралында “Техно-Стиль” ЖЧКсынан салык карызын мажбурлап өндүрүү жөнүндө доо арызын, ошондой эле Салык кодексинин 87-беренесинин негизинде ушул ЖЧКнын жетекчисине Кыргыз Республикасынын чегинен чыгууга тыюу салуу түрүндө доону камсыздоо жөнүндө арыз Чүй областынын Аламүдүн райондук сотуна берилген.

Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун ГД-414/23-Ч1 иш боюнча 13.03.2023-жылдагы аныктамасы менен, 27.05.1985-жылы туулган, “Техно-Стиль” ЖЧКсынын жетекчиси Максуталиев Женишбек Жусупбековичке карата Кыргыз Республикасынын чегинен чыгууга убактылуу чектөө белгиленген.

Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун ГД-414/23-Ч1 иш боюнча 13.03.2023-жылдагы чечими (судья Узакбаев А.Н.) менен, 1 379,3 млн. сом суммасындагы салык карызын мажбурлап өндүрүү жөнүндө доо арыз канааттандырылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кириши менен, 2023-жылдын 24-майында аткаруу барагы берилген жана 26.05.2023-жылдагы чыг. № 05-4/904 каты менен Чүй областынын Аламүдүн райондук ПССИге “Техно-Стиль” ЖЧКсына карата “Сот аткаруучуларынын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык, мажбурлап өндүрүү жана чектөө кабыл алуу үчүн жөнөтүлгөн.

Аткаруу өндүрүшүнүн алкагында, Чүй областынын Аламүдүн райондук ПССИнин сот аткаруучусу Б. Маралов тарабынан Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун СГ-443-23-Ч1 иш боюнча 30.06.2023-жылдагы

аныктамасынын негизинде “Техно-Стиль” ЖЧКсынын эсептери камакка коюлган.

***2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №549-Т тескемесин демилгелөө жана кабыл алуу***

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы тарабынан 2023-жылдын 21-августундагы №18-6860 каты менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемесинин долбоору демилгеленген, андагы Маалымкат-Негиздеменин баяндама бөлүгүндө “Техно-Стиль” ЖЧКсы укук коргоо органдарынын ишинин жыйынтыгы боюнча эсептелген салык карызын төлөө боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы жана анын төлөөгө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу белгиленген.

Ошол эле учурда, “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсы “Техно-Стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө эсебине укук менчиги боюнча ага тиешелүү мүлктү өз ыктыяры менен берүү каалоосун билдиргендиги келтирилген.

Мында, мамлекеттик чек арага жакын жайгашкандыктын артыкчылыгы жана өзүнүн милдеттерин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы кызматынын бир катар мүмкүнчүлүктөрү баса белгиленген.

“Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат” бөлүмүндө, Тескеменин долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен 601,7 млн. сом сумасындагы кошумча каражаттарды тартууга алып келерин, жабуу булактары болуп, бажы төлөмдөрү боюнча кошумча келип түшкөн каражаттар эсептелери келтирилген.

Андан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №549-Р тескемеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат комитетинин 2023-жылдын 9-октябрындагы чечими менен макулдашылган) менен, “Техно-Стиль” ЖЧКсынын салык карызын төлөө максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан төмөндөгүлөр кабыл алынган:

- бажы төлөмдөрү боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн 601,7 млн. сомго көбөйтүү;
- жаран Кудаяр Сыдыкка тиешелүү кыймылсыз мүлктү (3 бирдиктеги) сатып алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикке (мындан ары – КМК ММБМА) 601,7 млн. сом бөлүү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсына тиешелүү мүлктү мамлекеттик мүлктүн менчигине сатып алуу;
- “Техно-Стиль” ЖЧКсынын салык карызын төлөө эсебинен бюджеттин кирешесине 601,7 млн. сом өлчөмүндө акча каражаттарын чегерүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Кыргыз

Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы тарабынан зарыл чараларды көрүү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсына тиешелүү мүлктү мамлекеттин менчигине сатып алуу, “Техно-Стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө эсебинен эмес, келип түшкөн бажы төлөмдөрүнүн эсебинен республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн белгиленген.

Жаран Кудаяр Сыдыкка таандык кыймылсыз мүлктүн курамына төмөндөгүлөр кирген:

- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 2,751 га аянттагы жер участогу;
- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 1,643 га аянттагы жер участогу, контур 1130-1139, код №7-01-10-0010-0285;
- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 0,93 га жанаша жайгашкан жер участкасы, код №7-01-10-0010-0206-01 жана кампалык жайлары, бардык жабдуулары менен “Түндүк” бажылык тариздөө орду “Биргелешкен ишкана” ЖЧКсынын административдик имараты (үч кабаттуу).

Бул тескемени аткарууну контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Президенттин Администрациясына/Министрлер Кабинетине жүктөлгөн.

***3.* 19.07.2023-жылдагы “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсынын мүлкүн баалоо**

“Бизнес эксперт” Көз карандысыз баалоо жана аналитика борбору” ЖЧКсынын 2023-жылдын 15-июлундагы баалоо келишими жана 19.07.2023-жылдагы “Кыймылсыз мүлктүн рыноктук наркын баалоо жөнүндө” отчету боюнча мүлктүн наркы **547,9 млн. сомго** белгиленген.

Баалоо үчүн төмөндөгүлөр кабыл алынган:

- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган ЕНИ №7-01-10-0010-0206-01 жер учаскасын эсепке албастан, жерди пайдалануу укугун эске албастан *(жер участкаларынын менчик ээси болуп, А.К. Кубанычбеков эсептелет)* 158,8 млн. сом суммасындагы кыймылсыз мүлк;
- Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү/ Объездная контур №1130-1139 бажы терминаланын ***363,5 млн. сомго*** кыймылсыз мүлкү (имараттар жана курулмалар – 115,6 млн. сом, 43,9 миң м$^2$ жер участкалары, анын ичинен: 27,5 миң м$^2$ - 145,5 млн. сом, жер участогу 16,4 миң м$^2$ - 102,4 млн.сом);
- ***25,5 млн. сомго*** 84 аталыштагы мүлк.

КМК ММБМА (Мүлктү тескөө боюнча бөлүмдүн башчысы Э.К. Жманакулованын атынан Сатып алуучу) менен Кыргыз Республикасынын

жараны Кудаяр Сыдыктын (Сатуучу) ортосунда 2023-жылдын 24-октябрындагы №111 Сатуу-сатып алуу келишими түзүлгөн, ал жерде, Сатуучу Сатып алуучунун менчигине төмөндөгү мүлктү берүүгө милдеттенген:

- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 2,751 га аянты менен жер участкасы;
- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 1,643 га аянты менен жер участкасы;
- Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 0,93 га жанаша жайгашкан жер участкасы, код №7-01-10-0010-0206-01 жана кампалык жайлары, бардык жабдуулары менен "Түндүк" бажылык тариздөө орду "Биргелешкен ишкана" ЖЧКсынын административдик имараты (үч кабаттуу).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №549-Т тескемесинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн, Чүй областы, Аламүдүн району, Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1 дарегинде турган 0,93 га жанаша жайгашкан жер участкасы, коду №7-01-10-0010-0206-01, мамлекеттик менчик болуп эсептелет, буга байланыштуу, КМК ММБМА аны 53,8 млн.сом суммасында алып салган (М. Машиевдин 2023-жылдын 30-ноябрындагы №02/4039 каты).

Салык карызын төлөө эсебине "Индустриал Парк Силк Вэй" ЖЧКсына таандык болбогон 158,8 млн. сом суммасындагы кыймылсыз мүлк кабыл алынган (Ленинское айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1, ЕНИ №7-01-10-0010-0206-01).

26,4 миң $м^2$ асфальт-бетон бастыруунун, салмактын, бункердин, КӨП пункттарынын, контейнерлердин, сузуп алма жүк ташыгычтын, тазалоочу курулманын ж.б.у.с. идентификациялык мүнөздөмөсүнүн жоктугуна байланыштуу, айрым объектилердин наркын ашыруунун мүмкүн болуучу тобокелдиктери бар.

***4. Кайрадан текшерүүнү жүргүзүү***

№02-820-2022-000443 тергөөгө чейинки текшерүү материалдары жана КРФМ МСКнын 30.09.2023-жылдагы №13-10/2180/9524 каты боюнча КР УКМК БТБнын 29.09.2023-жылдагы кайрадан текшерүүнү дайындоо жөнүндө токтомунун негизинде, Аламүдүн райондук МСКБга көчмө кайрадан текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө 11.10.2023-жылдагы № 6769/005 жазма буйрук чыккан жана текшерүүлөрдү пландоо жана анализ жүргүзүү секторунун башчысына тапшырылган.

Көчмө кайрадан текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 29.09.2023-жылдагы №6456/005 жана 24.10.2023-жылдагы № 7057/005 чечимдери менен, кайрадан эсептөөдөн кийин "Техно-Стиль" ЖЧКсынын салык карызынын суммасы 821,9 млн.сомду түзгөн.

27.10.2023-жылы "Техно-Стиль" ЖЧКсы кайрадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайрадан кароо жөнүндө арыз менен Чүй областынын Аламүдүн райондук сотуна кайрылган, натыйжада, № СГ-481/23-Ч1 иш боюнча Чүй

областынын Аламүдүн райондук сотунун 09.11.2023-жылдагы аныктамасы менен, кайрадан кароо жөнүндө арыз канааттандырылган жана мааниси боюнча ишти териштирүү дайындалган (судья Узбекова Х.А.).

Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө, салык карызын толук төлөөгө байланыштуу, “Техно-Стиль” ЖЧКсынан салык карызын өндүрүү жөнүндө жарандык иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө арыз берилген, анын натыйжасында, Чүй областынын Аламүдүн райондук сотунун 21.11.2023-жылдагы аныктамасы менен, жогоруда көрсөтүлгөн № ГД-2802/23-Ч1 жарандык иштин өндүрүшү токтотулган.

03.11.2023-жылдагы “Техно-Стиль” ЖЧКсы *Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 72-беренесине ылайык, салык милдеттенмесин аткаруунун жеңилдетилген режимин колдонуу жөнүндө арыз менен кайрылган, салык калдыгынын толук суммасын жана 50% туумду жана 547,9 млн. сом суммасындагы салык санкциясын төлөгөндөн кийин, өздүк эсептен калган 50% туум жана 273,9 млн. сом суммасындагы гана салык санкциясы эсептен чыгарылган.*

Салык төлөөчү “Техно-Стиль” ЖЧКсынын өздүк эсебинин жыйынды карточкасына ылайык, 04.07.2024-жылга карызы жок.

***5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №549-Т тескемесин аткаруу***

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан төмөндөгүлөр жүргүзүлгөн:

- Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 27,8 млрд. сомго көбөйтүлгөн, анын ичинен: МБКнын салык төлөмдөрүн 13,0 млрд. сомго жана салык эмес төлөмдөрдү 34,9 млрд. сомго көбөйтүү, ошондой эле МСК администрлеген салыктарды 16,2 млрд. сомго азайтуунун эсебинен. Мында, 11411100 коду боюнча КРФМ МСК администрлеген КНСтин келип түшүүлөрү 2,5 млрд. сомго азайган;
- КРФМнын 2023-жылдын 16-октябрындагы №67203 билдирүү маалымкатына ылайык, КРМК ММБМАнын финансылык активдерин сатып алууга республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн 601,7 млн.сом каражаттарды бөлүү;

Аламүдүн райондук Салык кызматынын башкармалыгынын эсебине төлөм коду 11411100 (КНС) КРМК ММБМА тарабынан КНС боюнча карызды төлөө эсебине **547,9 млн. сом** чегерилген (2023-жылдын 25-октябрындагы №677 – 274,5 млн. сом, 2023-жылдын 25-октябрындагы №678 - 25,6 млн. сом, 2023-жылдын 25-октябрындагы №679 – 247,9 млн. сом).

**Корутунду**

Салыктык кайрадан текшерүү “Бизнес эксперт” Көз карандысыз баалоо жана аналитика борбору” ЖЧКсынын 2023-жылдын 15-июлундагы

баалоо келишими жана 19.07.2023-жылдагы “Кыймылсыз мүлктүн рыноктук наркын баалоо жөнүндө” отчету боюнча мүлктүн наркын аныктоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому (2023-жылдын 19-сентябрындагы №549-Т) кабыл алынган күндөн кийин, КР УКМК БТБнын 29.09.2023-жылдагы токтомуна ылайык жүргүзүлгөн.

“Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсынан жана А.К. Кубанычбековдон 547,9 млн. сомго мүлктү сатып алуу, ММБМАнын республикалык бюджетинен бөлүнгөн каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн (КРФМдин 2023-жылдын 16-октябрындагы №67203 билдирүү маалымкаты), ал төлөм коду (КНС) 11411100, “Техно стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө боюнча Аламүдүн райондук Салык кызматынын башкармалыгына чегерилген.

КРФМ алдындагы “Техно-Стиль” ЖЧКсынын 547,9 млн.сом салыктык карызын төлөө, Маалымкат-Негиздемеде көрсөтүлгөндөй “Техно-Стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө эсебине өз ыктыяры менен мүлктү берүү аркылуу эмес, “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсынан жана А.К. Кубанычбековдон кыймылсыз мүлктү сатып алуу үчүн, ММБМАнын республикалык бюджетинин чыгымдар бөлүгүнөн каражаттарды бөлүү аркылуу жүргүзүлгөн.

Б.а. “Техно-Стиль” ЖЧКсынын 547,9 млн.сом салык карызы факты жүзүндө төлөнгөн эмес, ал наркты жогорулатуу тобокелдиги менен бааланган, мүлктү мамлекеттин менчигине кабыл алуу түрүндө республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн эсебинен сатылып алынган.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 72-беренесине ылайык, салык милдеттенмесин аткаруунун жеңилдетилген режимин колдонуу тартибинде, калган 50 % туумду жана 273,9 млн. сом салык санкциясын негизсиз эсептен чыгарууга жол берилген.

Натыйжада, “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсынан жана А.К. Кубанычбековдон кыймылсыз мүлктү сатып алуу үчүн, республикалык бюджеттен кошумча чыгымдар – 547,9 млн. сомду, ал эми “Техно-Стиль” ЖЧКсынын республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө түшпөй калган салык карызы - 821,8 млн. сомду түзгөн.

**Атайын эсептерде топтолгон каражаттар**

Отчётко ылайык, атайын эсептердеги каражаттардын калдыгы 2023-жылдын башында 6 185,6 млн. сомду түздү, жалпы түшүүлөр – 28 667,1 млн. сомду, жалпы чыгымдар – 23 757,0 млн. сомду, 2023-жылдын аягына карата калдыктар 8 414,2 млн. сомду түзгөн. Башкача айтканда, бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн атайын эсептериндеги топтолгон каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарынын өсүүсү белгиленүүдө.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн негизги принциптери “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат, анда Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн

бирдиктүү реестри, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестри жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестри каралган. Бул Мыйзамдын күчү мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын бири-бирине көрсөткөн кызматтарына, өзгөчө статуска ээ болгон мамлекеттик жогорку окуу жайларына, жалпыга маалымдоо каражаттары катары катталган мамлекеттик менчик формасы менен юридикалык жактарга ж.б. жайылтылбайт.

Натыйжада, калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн өз ара байланышкан бирдиктүү тутумунда, кызмат көрсөтүүлөрдү түзүүнүн негизги принциптерин сактоодо көйгөйлөр орун алган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-пунктуна ылайык, атайын эсептерде топтолгон каражаттардын булагы болуп акы төлөнүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн, демөөрчүлүк жардам жана ыктыярдуу төлөмдөрдөн, камкордук төлөмдөрдөн, кайрымдуулук жана гранттык жардамдардан, жеке өндүрүштүк товарларды сатуудан түшкөн каражаттардан, бюджеттик кредиттерди төлөө эсебинен республикалык бюджетке кайтарылган каражаттардан чегерүүлөрдөн, билим берүү, илим жана окуу-өндүрүштүк ишмердүүлүктөн жана Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган башка каражаттардан түшкөн каражаттар киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтому менен Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеги) бекитилген, анда Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан бажылык коштоо үчүн кызмат көрсөтүү каралган.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын бажы мыйзамдарына жана ЕАЭБ Бажы кодексине ылайык, бажылык коштоо үчүн бажы төлөмү болуп саналган жыйым алынат.

"Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамындагы чектөөлөргө, ошондой эле Бюджеттик кодекстин (2022-жылдын 18-январдагы редакциясында) 105-беренесинин 8-бөлүгүнүн 3-пунктунун з-пунктчасына ылайык, мамлекеттик мекемелер тарабынан топтолгон айрым булактардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу Министрлер Кабинети тарабынан Бирдиктүү казыналык эсептин (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №233 "Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттар жөнүндө" токтому жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-июлундагы №335 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү

киргизүү тууралуу” токтому) атайын эсебинде топтолгон каражаттардын тизмеги аныкталган.

Мисалга: окуу жайларына тапшырууда (билим берүү мекемелери) акы төлөө, жатаканаларда жашагандыгы жана коммуналдык тейлөө чыгымдарын жабуу, окуу жайларга которулууда жана калыбына келтирилүүдөгү төлөм, пансионат, санаторий, эс алуу үйлөрүнүн ишинен келип түшүүлөр, эркин бюджеттик каражаттарды жайгаштыруудан пайыздык үстөктөр, кепилдик берүү үчүн комиссия, жайгаштырылган депозиттерден пайыздык үстөк кирешелери жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фондунун баалуулуктарын сатуунун алыш-бериш эсептериндеги акчалай каражаттардын күнүмдүк калдыгына эсептелген пайыздык сый акы, жөнгө салынуучу субъектилердин ар жылкы төлөмүнөн түшүүлөр ж.б.

2023-жылы 14239900 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр категориясына тийиштүү башка түшүүлөр” элементи боюнча 3 785,8 млн. сом суммасындагы, же 13,2 пайыз каражат келип түшкөн, анын ичинде төмөнкүлөрдө олуттуу суммалар түшкөн:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде “Бош бюджеттик каражаттарды жайгаштыруудан пайыздар” түрүндө 433,4 млн. сом;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунда 131,7 млн. сом: “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр категориясына тийиштүү башка түшүүлөр” классификациясы боюнча кепилдик берүү үчүн комиссия;

- Сот департаментинде “башка жыйымдар түрүндө” 177,4 млн. сом;

- Кыргыз Республикасынын ӨКМ Материалдык резервдер фондунда – 2877,9 млн. сом;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиокомпаниясында 84,4 млн. сом.

Мындан тышкары, 2023-жылы “Классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр” жана “Башка түшүүлөр” иретинде 4704,7 млн. сомго, же жалпы түшүүлөрдүн 16,4 %ын түзгөн каражаттар түзүлгөн, анын ичинде көлөмдүүсү: Тышкы иштер министрлигинде - 2108,2 млн. сом, Билим берүү жана илими министрлигинде - 107,9 млн. сом; Саламаттык сактоо министрлигинде - 331,0 млн. сом; Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы “Кадастр” мамлекеттик мекемесинде - 933,7 млн. сом; Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинде (билим берүү жана маданият ведомстволук мекемелеринде) - 120,1 млн. сом; Сот департаментинде “башка жыйымдар” түрүндө - 177,4 млн. сом; Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинде “башка төлөмдөр” түрүндө - 65,7 млн. сом; Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде - 140,3 млн. сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтому менен бекитилген Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринде (тизмегинде) акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүү иретинде бажылык коштоо үчүн бажы жыйымы каралган, ошол эле учурда "Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинде бул жыйым бажы төлөмү катары каралган.

14239900 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр категориясына тийиштүү башка түшүүлөр” элементи боюнча 3 785,8 млн. сом суммасындагы, же жалпы түшүүлөрдүн 13,2 пайызын түзгөн каражат келип түшкөн.

“Классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр” жана “Башка түшүүлөр” каражаты иретинде 4704,7 млн. сом, же жалпы түшүүлөрдүн 16,4 %ын түзгөн каражаттар түшкөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Калкка мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн өз ара байланышкан бирдиктүү тутумун түзүүнү камсыздаган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун укуктук негиздерин, ачык-айкындыгын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу боюнча чаралар кабыл алынсын.

Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүү иретиндеги мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеги) бажы мыйзамдарына шайкеш келтирилсин.

Ачык-айкындуулукту камсыз кылуу максатында, Бюджеттик классификациянын “Классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр” жана “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр категориясына тийиштүү башка түшүүлөр” элементтерин деталдаштыруу боюнча маселе каралып чыгылсын.

**Салыктык эмес төлөмдөрдү администрлөөнүн абалы жөнүндө**

2023-жылга карата мамлекеттик бюджетке салыктык эмес кирешелердин факты жүзүндө келип түшүүсү, 101,6 % пайыздык көрсөткүч менен 1 299,9 млн сомго ашык аткаруу менен, 79 958,1 млн сомго такталган план алдында 81 258,0 млн сомду түзгөн.

Түшүндүрмө катта салыктык эмес кирешелерди бекитилген жылдык пландан 37 735,0 млн сомго ашык аткарылгандыгы тууралуу жазылган.

Аудит тарабынан 2874,6 млн. сомго келип түшүүлөрдү реалдуу эмес болжолдоо аныкталган, анын ичинен кирешелер 640,0 млн сомго аз жана болжолдоону аныктабоо – 2 234,6 млн. сомго:

- такталган болжолдоо 964,3 млн сом, факты жүзүндө 1 604,3 млн сомго келип түшүүлөр алдында алымдар боюнча 640,0 млн сом.

Факты жүзүндө келип түшкөн 2 234,6 млн сом алдында болжолдоо аныкталган эмес, анын ичинен: зергер жана баалуу металлдардан жасалган

башка турмуш-тиричилик буюмдарын апробациялоо, анализдөө жана белги басуу үчүн жыйымдар боюнча 11,3 млн сом; мамлекеттик сектордун бирдиктерине ыктыярдуу трансферттер жана гранттар боюнча 2 223,3 млн сом.

**Аныкталды/Корутунду**

Айрым салыктык эмес төлөмдөрдүн түшүүлөрүн реалдуу эмес болжолдоо 2874,6 млн. сомго аныкталган, анын ичинен, келип түшкөн каражаттар 640,0 млн сомго аз жана болжолдоону аныктабоо – 2 234,6 млн. сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Салыктык эмес кирешелерди реалдуу болжолдоону жогорулатуу боюнча чаралар көрүлсүн.

2023-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчеттун долбооруна ыктыярдуу трансферттерди жана гранттарды көбөйтүү бөлүгүндө тактоолорду киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Мамлекеттик мүлктү башкаруудан салыктык эмес төлөмдөрдүн келип түшүүлөрүн талдоо**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик мүлктү башкаруудан түшкөн каражаттар 23 799,8 млн сомду түзгөн, анын ичинде: дивиденддерден - 16 870,4 млн сом; мамлекеттик мекемелердин кирешелери - 201,2 млн сом; мамлекеттик мүлктү ижарага берүү - 177,8 млн сом; менчиктештирүү - 5 192,8 млн сом; жана башкалар - 22,1 млн сом.

Мыйзамда каралбаган тартипте финансылык эмес активдер түрүндө дивиденддердин келип түшүүсү 1 335,3 млн сомго кабыл алынган.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча менчиктештирүүдөн келип түшүүлөр болжолдоону 99,2 %га аткаруу же 39,0 млн сомго кем алуу менен, 5 192,8 млн. сомго аткарылганы аныкталган.

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинде мындай ченем жоктугуна карабастан, мүлктү келечектеги дивиденддердин эсебинен өткөрүп берүүнү сунуштаган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелерине таянуу менен, акционерлер жана директорлордун чогулушунун чечиминин негизинде 2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча 1 334,8 млн сом толук көлөмдө дивиденддерди бир жолку эсепке алуу жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- КР ИИМ үчүн, 109,2 млн сомго баалоо наркы алдында, "МАМ" ААКсынын эски аэропортунун имаратын өткөрүп берүүдөн - 117,0 млн сом (2022-жылдын 21-декабрдагы №652-Т);

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы үчүн, жер участкасын эсепке алуу менен (1 226,2 млн сом), 2 177,3 млн. сомго баалоо наркы менен "Кыргызалтын" ААКсынын "Кыргыз деңизи" санаториясын берүүдөн (2023-жылдын 17-мартындагы №113-Т) – 1 217,8 млн сом (жери жок 959,5 млн. сом).

Белгилей кетсек, “Кыргыз деңизи” санаториясынын мүлк комплекси жер тилкесинин наркын эсепке албастан, 1226,2 млн. сомго бааланып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

1 334,8 млн сом суммасындагы дивиденддерди бир жолку толук эсепке алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Алдын-ала 1 226,2 млн сомго бааланган “Кыргыз деңизи” санаториясынын жер участкасынын наркын балансказ алуу жана финансылык отчеттуулукта көрсөтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-1-беренесине ылайык, мамлекеттик мүлктү башкаруу тармагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктуу бир нече аткаруу бийлик органдарынын тутуму аркылуу ишке ашырылат.

Алсак, аудиттин датасына ММБМА менен катар акционер катарында мамлекетти көрсөткөн аткаруу бийлигинин 9 тармактык органы турат (КРП Иш башкармалыгы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын ӨКМ, Ош жана Чолпон-Ата шаарларынын мэриялары).

Башкача айтканда, мамлекеттик бийликтин бул тармактык органдары бир эле учурда бир жагынан мамлекеттик саясатты ишке ашырган жана экинчи жактан акционер катары мамлекетти көрсөткөн органдар болуп саналат, бул болсо, кызыкчылыктардын кагылышуусунун пайда болушуна алып келет.

Акционердин ыйгарым укуктарын корпоративдик башкаруу ыкмаларына жана корпоративдик башкаруунун финансылык сабаттуулугуна ээ болбогон спецификалык министрликтерге өткөрүп берүү, мамлекеттик акционердик коомдорду натыйжасыз башкарууга алып келүүдө, мындан улам республикалык бюджеттин киреше бөлүгү жабыркап, айрым учурда корпоративдик ишканалардын толук банкрот болушуна алып келет. Практика көрсөткөндөй, аталган министрликтер мамлекеттик акционердик коомдорду башкарууда биринчи кезектеги милдет катары министрликтин спецификасы маселесин коет, тийиштүү түрдө корпоративдик башкаруу, мамлекеттин кирешесине дивиденддер жана кирешеден чегерүүлөр көбүнчө эске алынбай калат.

Алсак, негизинен, жогоруда айтылган дивиденддер боюнча узак мөөнөттүү өндүрүлбөгөн карыздар 105,0 млн сом өлчөмүндө тармактык министрликтерге өткөрүлгөн субъектилерде жол берилген: “Найман ГЭС”

ААКсы - 146,7 миң сом, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы - 613,7 миң сом, “Нарын СГЭМ” ААКсы - 3636,3 миң сом, ТНК “Дастан” - 100,2 млн. сом.

Негизинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-майындагы №250 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттин катышуу үлүшү бар айрым чарбалык коомдордо акционер (катышуучу) катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларды өткөрүп берүү жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине акционер (катышуучу) катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларды өткөрүп берүүдө, "ТНК Дастан" тарабынан 2021-жыл үчүн 100,2 млн сомго жарыяланган дивиденддердин төлөнүшү контроль жана мониторинг жүргүзүлбөстөн, анын түшпөй калышына жол берилген.

Ушул сыяктуу эле, “Альфа Телеком” ЖАКынын 2023-жылдагы ишинен 445,9 млн сом суммасындагы жарыяланган дивиденддер жоготууга учураган, бул “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ЖАКсы тарабынан 2024-жылдагы киреше катары таанылган, ал эми акционер катары чыккан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2024-жыл үчүн дивиденддерди 2025-жылы алат (МӨБдүн 2024-жылдын 5-июнундагы №17-03/248 каты).

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Мамлекеттик мүлктү натыйжалуу башкарууну камсыздоо максатында, мамлекеттик мүлктү башкаруунун бирдиктүү тутумун түзүү маселеси каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

105,0 млн сомго жарыяланган дивиденддер боюнча айып пулдарды эсептөө менен узак мөөнөттүү карыздарды төлөө камсыздалсын (“Найман ГЭС” ААКсы - 146,7 миң сом, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы - 613,7 миң сом, “Нарын СГЭМ” ААКсы - 3636,3 миң сом, ТНК “Дастан” - 100,2 млн. сом).

Төмөндөгүлөргө жол берген акционерлердин кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын:

- 105,0 млн сомго жарыяланган дивиденддер боюнча айып пулдарды эсептөө менен узак мөөнөттүү карыздарды өндүрүү боюнча чаралардын кабыл алынбагандыгына (“Найман ГЭС” ААКсы - 146,7 миң сом, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы - 613,7 миң сом, “Нарын СГЭМ” ААКсы – 3 636,3 миң сом, ТНК “Дастан”- 100,2 млн сом);
- “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ЖАКсы тарабынан 2024-жылдагы киреше катары таанылган, “Альфа Телеком” ЖАКсынын 2023-жылдагы ишинен 445,9 млн. сом суммасында жарыяланган дивиденддердин жоготууга учурашына;

**Дивиденддерди администрлөөнүн абалы**

ММБМА мамлекеттин атынан экономиканын ар кыл секторундагы иштеп жаткан 21 акционердик коомунда акционер катары жана 5 жоопкерчилиги чектелген коомдо катышуучу катары чыгат.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик катышуу үлүшү бар 21 акционердик коомдун 19 акционердик коому 29843,1 млн. сомго таза киреше менен аяктаган.

**Аныкталды**

2023-жылдын 1-январына карата 6,4 млн. сом өлчөмүндө жарыяланган дивиденддер боюнча төлөнбөгөн узак мөөнөттүү карыздар аныкталган: “Айдаркен сымап акционердик коому” ААКсы - 3,4 млн сом, “Эйр Кыргызстан” ЖЧКсы - 3,0 млн. сом.

Жыл башында дивиденддерди төлөө мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн 52,5 млн. сом айып пул санкциясы эсептелген, ал жыл аягына чейин 54,2 млн. сомго чейин өскөн.

**Корутунду**

Төмөндөгүлөрдүн толук жана өз мөөнөтүндө түшүүсү боюнча натыйжалуу иш камсыздалган эмес:

- 6,4 млн сом өлчөмүндө төлөнбөгөн узак мөөнөттүү карыздардын пайда болушуна алып келген мамлекеттик акционердик коомдордун эсептелген дивиденддери;

- мурдагы деңгээлден 1,7 млн сомго өскөн 54,2 млн сом суммасындагы айып пулдарды өндүрүү.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

6,4 млн. сом өлчөмүндө жарыяланган дивиденддер боюнча төлөнбөгөн узак мөөнөттүү карыздардын пайда болушуна жана төлөнбөгөн айып пулдардын 1,7 млн. сомго, же 54,2 млн. сомго чейин өсүүсүнө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Бюджеттин киреше бөлүгүнө 60,6 млн. сомдук резервдердин толук жана өз убагында түшүүсүн камсыз кылуу боюнча натыйжалуу иш камсыздалсын.

**Акционердик коомдордогу мамлекеттик өкүлдөрдүн иши жөнүндө (Директорлор Кеңеши жана Ревизиялык комиссиялар)**

**Аныкталды**

Айрым Директорлор Кеңешин күтүүгө жалпы чыгымдар - 51,5 млн сомду, Ревизиялык комитеттерди күтүүгө - 15,8 млн сомду жана тышкы аудиторлорду күтүүгө - 11,4 млн сомду түзгөн.

Акционерлердин саны 50 бирдикке чейин болсо, акционерлердин элүүгө чейинки саны менен, Директорлор Кеңешин уюштуруусуз акционердик коомдун ишин кароо бөлүгүндө, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 2-пункту колдонулбайт. Алсак, 42,0 млн сом күтүү чыгымы менен, 50 бирдикке чейинки акционерлердин саны менен 9 акционердик коомдо Директорлор Кеңеши

уюштурулган (“МИК” ААКсы, ХРАО, “Кыргызалтын” ААКсы, “Айыл Банк” ААКсы, РСК Банк ААКсы, “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсы, “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсы, “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКы, Ишкердикти өнүктүрүү фонду).

2022-жылга салыштырмалуу Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн күтүүгө каралган чыгымдар 18,3 млн сомго өскөндүгү байкалган. Алсак, 2022-жылы чыгымдар 33,2 млн. сомду түзсө, 2023-жылы 51,5 млн. сомду түзгөн.

Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн күтүүгө чыгымдардын бир кыйла өскөндүгү жана олуттуу чыгымдар төмөнкүлөрдө белгиленген: “Айыл-банк” ААКсында - 6,0 млн. сомго (7,1ден 13,2 млн сомго чейин), РСК Банк ААКсында - 3,6 млн. сомго (7,2ден 10,8 млн сомго чейин), “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсында - 20,0 млн. сомго ж.б.

Аудитордук функцияларды күтүүгө 22,4 млн. сом суммасында чыгымдар белгиленген (ревизиялык комиссиялар – 12,4 млн. сом жана көз карандысыз аудитордук компаниялар – 10,0 млн. сом).

**Корутунду**

2023-жылы мурдагы деңгээлге салыштырмалуу Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн күтүүгө каралган чыгымдар - 18,3 млн сомго, ошол эле учурда аудитордук функцияларды күтүүгө чыгымдар 22,0 млн сомго өскөндүгү байкалган.

Акционерлердин саны 50 бирдикке чейин болсо, акционерлердин элүүгө чейинки саны менен, 9 акционердик коомдо акционерлердин саны 50 бирдикке чейинки, аларды күтүүгө болжол менен 42,0 млн. сом чыгымы каралган Директорлор Кеңешин уюштуруу бөлүгүндө, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 2-пункту колдонулбайт (“МИК” ААКсы, ХРАО, “Кыргызалтын” ААКсы, “Айыл Банк” ААКсы, РСК Банк ААКсы, “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсы, “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсы, “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКсы, Ишкердикти өнүктүрүү фонду).

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Директорлор Кеңешинин жана Ревизиялык комиссиялардын мүчөлөрүн күтүүгө чыгымдарды аныктоонун бирдиктүү тутуму камсыздалсын.

Акционерлердин саны 50 бирдикке чейин болсо, акционердик коомдордун ишинде Директорлор Кеңешин уюштуруу бөлүгүндө, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 2-пунктун колдонуу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Айрым Директорлор Кеңеши жана акционерлер тарабынан аудитордук компаниялардын жана Ревизиялык комиссиялардын жыйынтыктарын сапаттуу баалоо жетишсиз жүргүзүлгөндүгү, ошондой эле алардын ишиндеги

формалдуулукту жана натыйжасыздыкты чагылдыруу менен аныкталган бузууларды жоюу боюнча натыйжалуу чаралардын көрүлбөгөндүгү белгиленген.

Мамлекеттик менчик үлүшү бар чарба жүргүзүүчү субъектилерди башкаруу органдарынын ишин KPI тутуму боюнча оптимизациялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылга иш-пландарына (КРМК 2023-жылдын 28-июлундагы № 440-т, 2023-жылдын 12-декабрындагы № 767-т киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 3.6-блок, финансы рыногу, 253, 254-пункттар) ылайык, мамлекеттик компанияларды башкаруу органдарынын мүчөлөрүн тандоо жана көрсөтүүнүн ачык тутумун түзүү максатына жеткен эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Камсыздалсын:

- Ревизиялык комиссиянын контролдук жана аудитордук иш-чараларды сапаттуу жүргүзүү, рентабелдүүлүк жана фискалдык тобокелдиктердин маанилүү көрсөткүчтөрүн талдоо боюнча ишине баа берүү;
- акционердик коомдордо аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүү бөлүгүндө, Директорлор Кеңешинин жана акционерлер чогулушунун ишинин натыйжалуулугун контролдоо;
- мамлекеттик менчик үлүшү бар чарба жүргүзүүчү субъектилерди башкаруу органдарынын ишин KPI тутуму боюнча оптимизациялоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылга иш-пландарына (КРМКнын 2023-жылдын 28-июлундагы № 440-т, 2023-жылдын 12-декабрындагы № 767-т киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 3.6-блок, финансы рыногу, 253, 254-пункттар) ылайык, мамлекеттик компанияларды башкаруу органдарынын мүчөлөрүн тандоо жана көрсөтүүнүн ачык тутумун түзүү максатына жетүү.

**Таза кирешеден 50 %дык төлөмдү администрлөөнүн абалы**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча ММБМА 58 мамлекеттик ишкана (мындан ары – МИ) менен иштешет. Берилген маалыматтарга ылайык, 2023-жылы МИлер тарабынан 4 783,0 млн сом таза киреше алынган.

МИнин материалдык-техникалык базасын жаңылоого мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы №90 токтому менен, бардык МИлер 2022-жылдан тартып 2025-жылды кошо алгандагы мезгил аралыгына карата иштин жыйынтыгы боюнча бюджетке таза кирешеден 50 пайыз төлөөдөн бошотулган.

Бул токтомду кабыл алуунун максаты болуп, материалдык-техникалык базаны (капиталдык салымдар: техникаларды сатып алуу, имараттарды жана курулмаларды оңдоо ж.б.у.с.) жаңылоого акча каражаттарын багыттоо эсептелет.

**Аныкталды**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 5 220,0 млн сомдон 7 920,5 млн сомго чейин дебитордук карыздын бир кыйла өсүүсү байкалган, аны менен катар 8 488,2 млн сомдон 14 322,9 млн сомго чейин, ал эми активдер 33 418,3 млн сомдон 65 642,3 млн сомго чейин өскөн.

МИлер берген жылдык отчетторду жана балансторды алдын ала изилдөө, ММБМА көзөмөлдөбөгөн айрым МИлерде фискалдык тобокелдиктердин болгонун жана финансылык абалдын начарлаганын көрсөттү.

Ар бир мамлекеттик ишкана үчүн директордун жана анын орун басарынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитсин деген бөлүктө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу” токтомунун 4-пункту аткарылбагандыгы белгиленген. ММБМА 2024-жылдын майында гана буйрук менен “МИнин жетекчисинин жана орун басарынын эмгек акы шарттары жана пайдалуу натыйжалуулуктун коэффициенти жөнүндө” жобо бекитилген (20.05.2023-жылдагы № 463-б буйрук).

**Корутунду**

Ар бир мамлекеттик ишкана үчүн директордун жана анын орун басарынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитсин деген бөлүктө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу” токтомунун 4-пункту аткарылбагандыгы белгиленген.

Негизинен, иш бюджеттин аткарылышы жөнүндө берилген отчетторду топтоо жана жалпылоо менен чектелген.

ММБМА 2023-жыл ичинде МИнин ишинин жыйынтыктарын баалоо боюнча толук кандуу аналитикалык ишти жүргүзгөн эмес, бекитилген бюджеттердин аткарылган жыйынтыгы жана өнүгүүнүн бекитилген стратегиялык пландарында каралган милдеттер каралган эмес.

Дебитордук жана кредитордук карыздардын өсүү себеби аныкталган эмес, административдик чыгымдарды оптималдоо боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес. Уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү менен мамлекеттик ишканаларда жана чарбалык коомдордо корпоративдүү башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, тармактык саясатты иштеп чыгуу боюнча милдеттер аткарылган эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Төмөндөгүлөрдү камсыздабаган кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын:

- ар бир мамлекеттик ишкана үчүн директордун жана анын орун басарынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитсин деген бөлүктө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын

11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомунун 4-пунктунун аткарууну;

- ведомстволук уюмдарды контролдоо жана координациялоо боюнча функционалдык милдеттерин толук кандуу аткарууну.

Уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү менен мамлекеттик ишканалардын жана чарбалык коомдордун ишине туруктуу негизде талдоо жана мониторинг жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

2022-жылы төлөнүүгө тийиш болгон жана 2021-жыл үчүн таза кирешеден 50 % бюджетке чегерүү боюнча "Кыргызкөмүр" МИнин пайда болгон 143,5 млн сом карызын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №242 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун негизинде нөлгө чыгаруу жагына 2023-жылы мыйзамсыз оңдолгон.

Б.а. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин күчү мурда пайда болгон жагдайларга жайылтылган.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 4-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттик кирешелерин жана (же) чыгашаларын өзгөртүүгө алып келе турган, 31-марттан кийин кабыл алынган ченемдик укуктук актылар кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын 1-январынан эрте эмес күчүнө кирүү жөнүндө жобону камтууга тийиш.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №242 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун негизинде, 2022-жылы төлөнүүгө тийиш болгон "Кыргызкөмүр" МИнин 143,5 млн. сом суммасындагы кирешесинен 50 % чегерүү боюнча карызды эсептен чыгарууга жол берилген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агентствосу:**

"Кыргызкөмүр" МИнин 143,5 млн. сом суммасындагы кирешесинен 50 % чегерүү боюнча карызды өндүрүү жана калыбына келтирүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Берилген маалыматтарга ылайык, 2019-жылга чейин кирешеден чегерүү боюнча карыз 2023-жылдын аягында 31,6 млн. сомду түзгөн ("Аскер Курулуш" МИ - 623,1 миң сом, "Бишкек штамптоочу завод" МИ - 23 510,2 миң сом, "Витязь" МИ - 123,9 миң сом, "Кыргызавтобекет" МИ - 386,8 миң сом, "Санаторий Ысык-Көл Аврора" МИ - 3 855,0 миң сом,

“Өзгөчө кырдаалдарга көнүл буруу боюнча Түндүк борбору” МИ - 1 511,7 миң сом, “Элдик” МИ - 1 563,1 миң сом ж.б.у.с).

Мамлекеттик ишканалардын кирешелеринен чегерүүлөр боюнча төлөнбөгөн карыздын калдыгы 31,6 млн. сомду түзгөн.

**Корутунду**

7 мамлекеттик ишкананын кирешесинен чегерүүлөр боюнча мөөнөтү өткөн 31,6 млн сом карыздарын толук өндүрүү камсыздалбаганы белгиленген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

МИнин кирешесинен чегерүүлөр боюнча мөөнөтү өткөн 31,6 млн. сом карыздарын толук өндүрүүнү камсыздабаганга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

МИнин кирешесинен чегерүүлөр боюнча мөөнөтү өткөн 31,6 млн. сом карыздарын 7 мамлекеттик ишканадан толук өндүрүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

2023-жылдын аягында кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн айып пуд санкциялары боюнча өндүрүлбөгөн карыздарга жол берилген - 27,4 млн сом.

**Корутунду**

Кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн эсептелген 27,4 млн. сом айып пул санкцияларын толук өндүрүү камсыздалбагандыгы белгиленген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн эсептелген 27,4 млн. сом айып пул санкцияларын толук өндүрүүнү камсыздабаганга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн эсептелген 27,4 млн. сом айып пул санкцияларын толук өндүрүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сом алынууга тийиш болгон, өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого МИнин таза кирешесинин 50 %ы пайдаланылбагандыгы белгиленген.

Алсак, ММБМАнын отчеттук маалыматтары боюнча, 2022-жылдын жыйынтыгы менен “Инфоком” МИси тарабынан, материалдык-техникалык базаны жаңылоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №242 токтомуна ылайык, өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу үчүн, ишкананын тескөөсүндө калган

69,9 млн. сом 2022-жылдагы мезгил аралыгындагы ишкананын таза кирешесинен 50 % пайдаланылган эмес.

Ушундай эле, “Кыргызаэронавигация” МИ - 130,6 млн. сом, “Борбордук лаборатория” МИ - 14,7 млн. сом, “Аскер көмөкчү чарбасы” МИ - 0,3 млн. сом, “Аскер соода башкармалыгы” МИ - 1,2 млн. сом, "Карабалта спирт заводу” МИ - 6,8 млн. сом, "ПМК" МИ - 5,2 млн. сом, "Кыргызавтобекети" МИ - 0,07 млн. сом, “Бажы инфра түзүмү” МИ - 0,2 млн. сом, “КР ИИМ ЖКККББнын техникалык багыттагы борбору” МИ - 0,3 млн. сом.

**Корутунду**

Республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сом алынууга тийиш болгон, өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого МИлердин таза кирешесинин 50 %ы пайдаланылбагандыгы белгиленген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

2023-жыл ичинде өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого мамлекеттик ишканалардын таза кирешесинин пайдаланылбаган 50 %ын, республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сомдун алынышын камсыздабаганга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

2023-жыл ичинде өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого мамлекеттик ишканалардын таза кирешесинин пайдаланылбаган 50 %ын республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сомду алуу камсыздалсын.

**Ижара мамилелерин администрлөөнүн абалы**

Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн республикалык бюджеттин кирешесине факты жүзүндө келип түшкөн каражаттар, 112 %га аткаруу менен пландагы 160,0 млн. сом алдында 177,8 млн. сомду түзгөн.

**Аныкталды**

ММБМАда 2023-жылдын 1-апрелинен тартып, 1,9 млн. сомду пайдалануу менен “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүн ижарага берүү келишимдеринин Бирдиктүү реестри” автоматташтырылган тутумунун алкагында электрондук документ жүгүртүү тутуму ишке киргизилген.

Бирок, 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик мүлктү ижарага берүү боюнча каттоодон өткөн келишимдердин жалпы санынан 80,1 % же 754 келишим түз келишим түзүү ыкмасы менен түзүлгөн.

Электрондук аукциондордун жыйынтыгы боюнча 188 келишим түзүлгөн, же каттоодон өткөн ижарага берүү боюнча келишимдердин жалпы санынан болгону 19,9 %.

Б.а. электрондук соода аянты тутумунан сырткары жана ижара боюнча келишимдерди түз түзүү ыкмасы менен түзүлгөн келишимдердин көпчүлүк

үлүшүнүн болушу (80,1 %), электрондук тутумдун натыйжалуулугунун төмөндөгү жана коюлган милдеттерге жана анын модернизациялоо боюнча иш-чараларга жетпегендиги тууралуу күбөлөндүрөт.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

"IS Электрондук соода аянты" автоматташтырылган тутумун модернизациялоого багытталган 1,9 млн. сомду натыйжасыз пайдаланууга алып келген, электрондук соода аянтынын тутумунан сырткары 80,1 % ижара боюнча келишимдерди түзүүгө жол берген Аукцион борборунун кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Карыздар боюнча ай сайын жыйынтыкталган маалыматты алуу жана төлөмдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн пайыздарды автоматтык эсептөө мүмкүнчүлүгү, ижара акысынын суммаларын төлөө мөөнөтү боюнча статистикалык туура маалыматтарды алуу жана анын толук кандуу иштеши максатында, "Электрондук соода аянты" порталынын иштөө регламенти кайрадан каралып чыгылсын.

**Аныкталды /Корутунду**

Ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумду эсептөө боюнча иштер жүргүзүлбөйт, көп суммадагы карызы бар, же төлөө мөөнөтүн дайыма бузган ижарачыларга карата ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу чаралары көрүлбөйт.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумду эсептөөнү камсыздабаган, көп суммадагы карызы бар, же төлөө мөөнөтүн дайыма бузган ижарачыларга карата ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу чараларын көрбөгөн Аукцион борборунун кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Ижара акыларынын суммалары боюнча карызды аныктоо жана аларды төлөө боюнча чараларды көрүү үчүн, мамлекеттик мүлктү ижарага алуу боюнча колдонуудагы келишимдерди толук инвентаризациялоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысынын эсептелген суммаларын толук эсепке алуу камсыздалган эмес. Алсак, 2023-жыл үчүн жалпы келип түшкөн 171,3 млн. сом алдында 47,4 млн. сомго ижара акысын эсептөө менен, 294 баланс кармоочулар менен салыштыруу актысы түзүлгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысынын суммалары боюнча 7,2 млн. сом өлчөмүндө карыз бар.

Отчетто айрым ижарага берүүчүлөр тарабынан 18,8 млн. сом карыз суммасы көрсөтүлбөгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

12 ижарачы боюнча 18,8 млн. сомго карызды жашырууну, ижара акысынын эсептелген суммаларын толук эсепке алууну камсыздабаган кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө колдонуудагы жобого ылайык, салыштыруу актысы түзүлсүн, анын жыйынтыгы боюнча ижара акысы боюнча карыз суммаларын өндүрүү камсыздалсын.

Түзүлгөн келишим шарттарын жана ижара акысынын суммасын төлөөнү дайыма бузган субъекттерге карата, мурда түзүлгөн ижара келишимдерин бузуу боюнча сунуш демилгеленсин.

**Аныкталды /Корутунду**

Аукциондун кызматкерлери менен биргелешип, мамлекеттик мүлктүн ижарага берилишинин мыйзамдуулугун текшерүүдө төмөндөгүлөр аныкталган:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталда “Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө” Жобонун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.09.2023-жылдагы № 183 токтому менен бекитилген) 3-главасынын 10-пунктун бузуу менен, 6,5 млн. сомго ижара акысын төлөбөстөн, 5 жылдык мөөнөт менен 1012 кв.м аянттагы жайды Медицинанын эл аралык жогорку менчик мектебине берүү. Мындан сырткары, Улуттук госпиталдын аймагында ар кандай багыттар боюнча иштеп жаткан 7 соода түйүнү аныкталган, аларда ыйгарым укуктуу органдын каттоосунан өтпөгөн ижара келишимдери бар;

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография депатаментинин Т. Океев атындагы Улуттук “Кыргызфильм” киностудиясында 2019-жылдан бери Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство униврститетине 1,8 млн. сом ижара аксынын эсептик суммасы менен билим берүү мекемеси үчүн 676 кв. м. жай кайтарымсыз пайдаланууга берилген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталынын жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография департаментинин Т. Океев атындагы Улуттук “Кыргызфильм” киностудиясынын жайын ижарага кайтарымсыз берүүгө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын;

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография департаментинин Т. Океев атындагы Улуттук “Кыргызфильм” киностудиясынынын жана

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталынын жайын ижарага берүү боюнча бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон 8,3 млн. сом ижара акысын өндүрүү камсыздалсын;

- ижарага берилген мамлекеттик мүлк объекттерин кароо боюнча тиешелүү иш-чараларды дайыма өткөрүүнү караган иш-чаралар планы түзүлсүн;

- Ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык тутумдун колдонуудагы программасынын алкагында, ыйгарым укуктуу органда каттоодон өтпөгөн, ижарага алынган мамлекеттик мүлк субъекттерин аныктоо максатында, бош имараттарга, жайларга жана жер участкаларына мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

Бишкек шаарынын жана Чүй областынын аймагында ижарага берилген жайлардын рыноктук ижара акысын баалоого жүргүзүлгөн мониторинг, мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдө жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан колдонулган баалар ортосундагы баалоодо олуттуу айырманы көрсөткөн.

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан мамлекеттик мүлктү натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу боюнча чаралар көрүлбөгөндүктөн, ошондой эле мамлекеттик мүлктү колдонгону үчүн ижара акысын эсептөө тартибин иштеп чыгуу максатында, өз ара ижара мамилелери чөйрөсүндө рыноктук орточо бааларга мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн, 92,4 млн. сомго чейин эсептик резервдердин тартылбай калышына алып келген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

- 1 кв. метр үчүн ижара акысынын суммасынын рыноктук наркын баалоого жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө” Нускамадагы бир айлык ижара акысынын базалык наркын көбөйтүүнүн максатка ылайыктуулугу;

- мамлекеттик мүлктү колдонуу үчүн ижара акысын эсептөө тартибин аныктоо жөнүндө долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн ижара акысына рыноктук баалоого мониторингдайыма жүргүзүлсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыймылсыз мүлктүн 3 объектиси (0,31 га жер участкасында жайгашкан 87,72 кв.м. турак жай аянты, 236,33 кв. м. жалпы пайдалуу аянты менен турак үй, 0,90 га жер участкасы, көп жылдык бак-дарактары менен жер участогу) жана наркы **289,9 млн. сомдук** 7 объект МАИСте каттоо жана аларды балanska кириштөө менен мамлекеттик менчикке кабыл алуу камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Кыймылсыз мүлктүн 3 объектисин жана наркы **289,9 млн. сомдук** 7 объектини каттоодо көрсөтүлбөй жана алардын баланста кириштелбей калышына жол берген ММБМАга караштуу Объекттерди башкаруу боюнча дирекциянын кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды /Корутунду**

8 мамлекеттик органдар, алардын маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн чектөө жөнүндө ички ченемдик актыларга шилтемелөө менен, ММБК МАИСте мамлекеттик мүлктү автоматташтырылган ачык эсепке алуу процессине катышпайт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүн эсепке алуунун бирдиктүү системасын жүргүзүү, ошондой эле жыйынды мамлекеттик мүлктүк балансты түзүү боюнча ченемдик-укуктук базасы жок.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

ММБК МАИСте мамлекеттик мүлктү автоматташтырылган ачык эсепке алуу процессине катышууну камсыздоо боюнча төмөндөгүлөрдүн мүмкүнчүлүктөрү каралсын: *Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы, Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасы.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүн эсепке алуунун бирдиктүү системасын жүргүзүү боюнча ченемдик-укуктук базаны иштеп чыгуу жана кабыл алуу, ошондой эле жыйынды мамлекеттик мүлктүк балансты түзүү боюнча чаралар көрүлсүн.

## Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке алуу менен) жыйынды чыгымдары (финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча кезектеги чыгымдар жана чыгымдар) **361 795,6 млн. сом** такталган план алдында **344 147,4 млн. сомду** же 95,1 %ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу, республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары 60 669,8 млн. сомго көбөйгөн. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жыйынды чыгымдарынын деңгээли ИДПга карата 28,0 %ды түзгөн.

(млн.сом)

| Бөлүмдөр-дүн аталышы | Факт 2022-ж. | Сал. сал-мак % | ИДПга карата % | План 2023-ж. | Факт 2023-ж. | Планга карата % | План-дан четтөө | Сал. сал-мак % | ИДПга карата % | 2022-жылга карата четтөө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* | *7* | *8=6-5* | *9* | *10* | *11=6-2* |
| **Бардыгы** | **283 477,6** | 100,0 | 27,8 | **361 795,6** | **344 147,4** | *95,1* | *-17 648,2* | *100,0* | *28,0* | *60 669,8* |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 83 390,3 | 29,4 | 8,2 | 121 442,5 | 117 006,7 | *96,3* | *- 4 435,8* | *34,0* | *9,5* | *33 616,4* |
| Коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздук | 49 425,4 | 17,4 | 4,8 | 59 659,8 | 58 222,7 | *97,6* | *- 1 437,1* | *17,0* | *4,7* | *8 797,3* |
| Экономикалык чыгымдар | 51 047,4 | 18,0 | 5,0 | 60 529,7 | 54 994,7 | *90,9* | *5 535,0* | *16,0* | *4,5* | *3 947,3* |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо | 1 188,6 | 0,4 | 0,1 | 2 046,7 | 1 781,0 | *87,0* | *- 265,7* | *0,5* | *0,1* | *592,4* |
| Турак жай жана коммунал-дык кызматтар | 4 859,8 | 1,7 | 0,5 | 3 624,7 | 3 605,5 | *99,5* | *- 19,2* | *1,0* | *0,3* | *- 1 254,3* |
| Саламаттык сактоо | 7 141,4 | 2,5 | 0,7 | 9 477,7 | 8 873,3 | *93,6* | *- 604,4* | *2,6* | *0,7* | *1 732,0* |
| Эс алуу, маданият жана дин | 5 234,1 | 1,8 | 0,5 | 8 077,1 | 7 760,3 | *96,1* | *- 316,8* | *2,3* | *0,6* | *2 526,2* |
| Билим берүү | 63 189,6 | 22,3 | 6,2 | 76 372,6 | 71 580,4 | *93,7* | *- 4 792,2* | *20,7* | *5,8* | *8 390,8* |
| Социалдык коргоо | 18 001,0 | 6,4 | 1,8 | 20 564,8 | 20 322,8 | *98,8* | *- 242,0* | *5,9* | *1,7* | *2 321,7* |

*2022-жылга ИДП – 1 020 744,6 млн. сом. 2023-жылга ИДП – 1 228 898,8 млн. сом.

Таблицада көрүнүп тургандай, республикалык бюджеттин чыгымдарынын бир кыйла бөлүгү “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга” багытталган - 177006,7 млн. сом же бардык чыгымдардан 34,0 %, “Билим берүү” - 71580,4 млн. сом же 20,7 %, андан ары “Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук” - 58222,7 млн. сом же 17,0 %, “Экономикалык маселелер” - 54994,7 млн. сом же 16,0 %, калган чыгымдарга 12,3 % багытталган.

2023-жылга республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эске албастан), такталган 303 698,4 млн.сом алдында 295 771,7 млн. сомду түзгөн, 97,4 %га аткарылган. ИДПга карата республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары 24,1 %ды түзгөн.

**Чыгымдар топтору боюнча Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы**

(атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эске албастан)

(млн.сом)

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Топ** | **План 2023-ж.** | **Факт 2023-ж.** | ***Планды аткаруу %*** | **Четтөө** | **Факт 2022-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* | *3* |
| **Жыйынды чыгымдар** | | **303 698,4** | **295 771,7** | ***97,4*** | ***-7 926,6*** | **240 474,8** |
| **Операцялык чыгымдар** | **2** | **258 648,5** | **253 030,1** | ***97,8*** | ***-5 618,4*** | **192 077,1** |
| Эмгек акы жана кызматкерлер | 211 | 96 400,1 | 95 138,8 | *98,7* | *-1 261,3* | 75 156,4 |
| *2111. Эмгек акы* | | *96 400,1* | *95 138,8* | *98,7* | *-1 261,3* | *75 156,4* |
| Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 212 | 11 594,9 | 11 306,0 | *97,5* | *-288,9* | 9 615,9 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу | 221 | 20 344,1 | 18 134,6 | *89,1* | *-2 209,5* | 13 786,6 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 222 | 3 276,1 | 3 084,1 | *94,1* | *-192,0* | 2 157,9 |
| Коммуналдык кызматтар | 223 | 3 448,0 | 3 168,6 | *91,9* | *-279,4* | 2 689,3 |
| Резидент эместерге пайыздар | 241 | 6 368,8 | 6 278,9 | *98,6* | *-89,9* | 4 822,3 |
| Резиденттерге пайыздар | 242 | 7 592,0 | 7 563,8 | *99,6* | *-28,2* | 5 967,9 |
| Мамлекеттик ишканаларга субсидиялар | 251 | 2 930,7 | 2 759,0 | *94,1* | *-171,6* | 2 560,7 |
| Жеке ишканаларга субсидиялар | 252 | 39,0 | 38,4 | *98,5* | *-0,6* | 23,7 |
| Эл аралык уюмдарга гранттар | 262 | 1 426,9 | 930,9 | *65,2* | *-496,0* | 808,2 |
| Мамлекеттик башкаруу секторундагы башка бирдиктерге гранттар | 263 | 76 119,8 | 75 683,2 | *99,4* | *-436,6* | 55 180,6 |
| Социалдык жөлөк пулдар жана төлөмдөр | 271 | 290,2 | 284,7 | *98,1* | *-5,5* | 170,2 |
| Калкка социалдык коргоо боюнча жөлөк пулдар | 272 | 18 613,4 | 18 576,8 | *99,8* | *-36,6* | 16 592,9 |
| Ар кандай чыгымдар | 282 | 5 204,5 | 5 082,1 | *97,6* | *-122,4* | 199,7 |
| Кыргыз Республикасынын турукташыруу фондуна акча каражаттарын чегерүү | 283 | 5 000,0 | 5 000,0 | *100,0* | - | |
| Финансылык эмес активдер | 31 | 45 049,9 | 42 741,7 | *94,9* | *-2 308,2* | 48 397,8 |
| *Негизги фонддор* | *311* | *44 410,2* | *42 102,9* | *94,8* | *-2 307,3* | *42 378,7* |

Экономикалык классификациялоо боюнча республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары, бардык чыгымдар беренелери боюнча 7926,6 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес, мында, аткаруу төмөндөгү беренелер боюнча түзүлгөн: “Эмгек акы” - 98,7 % (95135,8 млн. сом), “Социалдык фондго төгүмдөр” - 97,5 % (11306,0 млн. сом), “Резиденттерге пайыздар” - 99,6 % (7563,8 млн. сом), “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар” - 99,8 % (18576,8 млн. сом), “Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар” - 99,4 % (75683,2 млн. сом).

Чыгымдардын негизги бөлүгү эмгек акыга багытталган – жалпы чыгымдардан 32,2 %, чыгымдардын көлөмү боюнча кийинкилер: “Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар” – 25,6 %, “Финансылык эмес активдер” – 14,4 %) “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар” – 6,3 % жана калган чыгымдар – 21,5 %.

## *701-бөлүм. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар*

Республикалык бюджеттин 701-бөлүмүнүн чыгымдары төмөндөгүдөй түзүлгөн:

(млн. сом)

| | 2023-жылы бекитилген | 2023-жылы такталган | Четтөө гр.3-гр.2 | Факт 2023-жыл | Четтөө гр.5-гр.3 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар** | **115384,3** | **121442,5** | **6058,2** | **117006,6** | **-4435,9** |
| Мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдары | 8883,1 | 17412,9 | 8529,8 | 14119,8 | -3293,2 |
| Жалпы маселелер | 2407,3 | 3694,3 | 1287,0 | 3402,9 | -291,3 |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар менен байланыштуу НИОКР | 459,5 | 457,9 | -1,6 | 405,7 | -52,2 |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 18330,9 | 9729,9 | -8601,0 | 9493,0 | -236,9 |
| Мамлекеттик карыз жана баалуу кагаздар менен байланыштуу операциялар | 14165,5 | 14027,7 | -137,8 | 13902,1 | -125,6 |
| Жергиликтүү бюджетке трансферттер жана ссудалар | 71137,9 | 76119,8 | 4981,9 | 75683,2 | -436,6 |
| *Теңдөөчү трансферттер* | *3098,6* | *3098,6* | *0,0* | *3079,4* | *-19,2* |
| *Максаттуу трансферттер* | *3430,4* | *12599,5* | *9169,1* | *12182,1* | *-417,4* |
| *ММКФга трансферттер* | *23252,1* | *22632,7* | *-619,4* | *22632,7* | |
| *Социалдык фонго трансферттер* | *41356,8* | *37789,0* | *-3567,8* | *37789,0* | |

701 “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” бөлүмүнүн бекитилген параметрлери 112 442,5 млн. сомго чейин такталган, же 6 058,2 млн. сомго өсүү (105,2 %) менен, анын ичинен, төмөндөгү бөлүмчөлөр боюнча чыгымдар бир кыйла өскөн:

- “Максаттуу трансферттер” - 9169,1 млн. сомго же 3,67 эсе;
- “Мыйзам чыгаруу жа аткаруу органдары - 1,96 эсе ж.б.у.с.

Мында, төмөндөгү бөлүмдөр боюнча чыгымдар азайтылган:

- “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” - 8601,0 млн. сомго же 46,9 %;
- “Социалдык фондго трансферттер” - 3567,8 млн. сомго же 8,6 %.

“Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” бөлүмүнүн бюджети 4435,9 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес.

“Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” бөлүмүнүн курамында мамлекеттик аппараттын чыгымдары да турат, аларды администрлөө Кыргыз

Республикасынын Финансы министрлигинин Пландоо башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.

“Күч блогунан” сырткары, мамлекеттик аппараттын бекитилген чыгымдары 15579,1 млн. сомду түзгөн, такталган чыгымдар 10 534,0 млн. сомго же 167,6 %га көбөйүү менен, 26113,1 млн. сомго чейин түзгөн. Мамлекеттик аппараттын чыгымдары 24654,2 млн. сомго же 94,4 %га каржыланган.

Сметалык багыттоолордун абдан олуттуу көбөйүүсү, республикалык ченемдик-укуктук актыларды жыл ичинде кабыл алуу менен байланыштуу болгон жана төмөндөгүлөр боюнча жүргүзүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши - 709,5 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти - 1320,3 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы - 234,2 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги – 250,4 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы – 703,5 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги - 369,8 млн. сом;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы - 1812,0 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы - 870,1 млн. сомго;

- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги - 249,1 млн. сомго ж.б.

704 “Экономикалык маселелер” бөлүмүнүн чыгымдары 32116,2 млн. сомдон 17188,5 млн. сомго чейин такталган, же 14927,7 млн. сомго (46,5 %) азаюу менен, чыгымдар 1646,5 млн. сомго өздөштүрүлбөстөн 15424,2 млн. сомго каржыланган.

“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинде мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды материалдык жүйөлөштүрүү ченемдери белгиленген, ичинде:

- Президент тарабынан аныкталган тартипке ылайык, эмгек акы өзүнө кызматтык маянаны, иштеген жылдары, класстык чен жана ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн үстөктөрдү жана транспорттук чыгымдар үчүн компенсациялык суммаларды, ошондой эле тамактанууга чыгымдарды камтыйт;

- кызмат орундарынын айрым категориялары үчүн кызматчынын макулдугу менен эмгек акы төлөөнүн контракттык тутуму белгилениши мүмкүн;

- кызматчыга Министрлер Кабинети аныктаган көлөмдө социалдык пакет берилет;

- Социалдык-тиричилик маселелерин чечүү үчүн кызматчыларга мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан жана мыйзам менен тыюу

салынбаган башка булактардан материалдык жардам, анын ичинде турак жай берүү түрүндө жардам көрсөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин токтомдору менен, "Айрым мамлекеттик органдары үчүн мамлекеттик кызматчыларды материалдык жактан кызыктыруу үчүн бирдей эместикти түзгөн аларды түзүүнүн жана пайдалануунун ар кандай шарттары менен өнүктүрүү жана материалдык колдоо фонддору жөнүндө" жобо бекитилген. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төмөнкү токтомдору:

- 2021-жылдын 24-декабрындагы №343 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" 49,6 млн. сом суммасында 50% өлчөмүндө эмгек акы төлөө фонду;
- 2023-жылдын 29-сентябрындагы №514 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Банкрот иштери боюнча департаментинин өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" 50 % өлчөмүндө эмгек акы төлөө фонду - 0,9 млн. сом;
- 2022-жылдын 7-октябрындагы №547 (КПҮ) "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик финансылык көзөмөл кызматынын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" 25 % өлчөмүндө эмгек акы төлөө фонду - 13,8 млн. сом суммасында;
- 2022-жылдын 25-мартындагы №159 "КРФМ караштуу МСК өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" 1347,4 млн. сом өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын 57-беренесинде каралган каражаттын суммасынан 30 % чейинки өлчөмдө;
- 2022-жылдын 14-апрелиндеги №213 (КПҮ) "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин бюджет, экономикалык саясат боюнча комитети менен макулдашуу боюнча 21,9 млн. сом өлчөмүндө;
- 2023-жылдын 3-мартындагы №188 "Кыргыз Республикасынын финансылык көзөмөл кызматынын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" 13818,2 миң сом өлчөмүндө.
- 2022-жылдын 14-апрелиндеги №214 (КПҮ) "Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" 26,0 млн сом өлчөмүндө.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкү токтомдору менен:

- 2017-жылдын 25-октябрындагы №700 "Ыйгарым укуктуу монополияга каршы органдардын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондусу жөнүндө жобо" мурдагы жыл үчүн республикалык бюджетке келип түшкөн жөнгө салуучу талаптардан четтөөлөр (жыл бою салыштыруу актысынын негизинде 25 %га чейинки өлчөмдө көбөйтүү, же азайтуу жагына түзөтүүлөр жүргүзүлөт) суммасынан 10 % өлчөмүндө;

- 2005-жылдын 17-июнундагы №226 «КРФМ караштуу МБК өнүктүрүү фондусу жөнүндө” өткөн жылда бажы органдары товарларды чыгарууга, баштапкы чечим кабыл алууга байланыштуу бажылык операцияларды жүргүзгөндүгү үчүн бажылык жыйымдардан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка булактардан республикалык бюджетке түшкөн кирешеге барабар суммада 495,5 млн. сом өлчөмүндө.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен каражаттарынын көлөмү Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын күтүүгө чыгымдардын суммасынын 15 %ын түзгөн Фонд каралган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022–жылдын 11-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин” 4-пунктун бузуу менен, накталай акча калдыктарынын реалдуу болжолунун жоктугунан, 2023-жыл ичинде коммерциялык банктарга 5 000,0 млн. сом жайгаштырылган, бул болсо, Бирдиктүү казыналык эсептеги накталай акчанын калдыктарынын өлчөмүнүн 7 675,5 млн. сомго чейин же минималдуу жол берилген деңгээлден 2603,4 млн. сомго же 25,3 % га азайышын алып келген.

“Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебинин каражаттарын түзүү жана пайдалануу жөнүндө” Жобого (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 08.06.2022-жылдагы. № 93-П буйругу) ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын атайын эсебинде 433,4 млн. сом топтолуп, анын 272,1 млн. сому эмгек акыны төлөөгө багытталган.

## Штаттык сандын абалы

2011-жылдын 15-июнундагы №45 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган мамлекеттик, муниципалдык кызматчылардын жана башка категориядагы кызматкерлердин санынын чегин жана эмгегине акы төлөөнүн шарттарын аныктоо боюнча жогорку мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары каралат.

Бюджет чөйрөсүндөгү мамлекеттик, муниципалдык жана башка категориядагы кызматчылардын жана кызматкерлердин санынын чеги жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, эмгек акыны эсептөө тартиби, кызматтык маянанын, үстөктөрдүн жана компенсациялык суммалардын өлчөмдөрү Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматы боюнча, мамлекеттик органдардын штаттык саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 токтомуна ылайык төмөнкүдөй сунушталган:

| | 01.01.2023-ж. карата | | 01.01.2024-ж. карата | | Четтөө | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Негизги персоналдын штаттык бирдик-теринин саны | ТТП жана КТП штаттык бирдиктеринин саны | Негизги персоналдын штаттык бирдик-теринин саны | ТТП жана КТП штаттык бирдиктеринин саны | Негизги персоналдын штаттык бирдик-теринин саны | ТТП жана КТП штаттык бирдиктеринин саны |
| Министрликтер жана ведомстволор | 29399,5 | 6341,0 | 29603,5 | 6078,0 | +204 | -263 |

Алсак, негизги персоналдын штаттык бирдиктеринин саны 204 штаттык бирдикке көбөйүп, ал эми ТТП жана КТП штаттык бирдиктеринин саны 263 штаттык бирдикке кыскарган.

Берилген маалыматка ылайык, социалдык тармактын кызматкерлеринин штаттык саны 01.01.2023-жылга – 281083 штаттык бирдикти түзсө, 01.01.2024-жылга – 288265 штаттык бирдикти түзүп, 7182 бирдикке көбөйгөн.

Социалдык тармактын кызматкерлеринин орточо белгиленген эмгек акысы 12,4 миң сомдон 59,5 мин сомго чейин өзгөрөт.

2023-жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёттун тиркемесине ылайык, ведомстволук классификация боюнча 2-Форма, “күч блогун” эсепке албастан, бюджеттик тармактын эмгек акы фондусунун динамикасы төмөнкүдөй берилет:

(миң сом)

| | | **2023-жылга бекитилген** | **2023-жылга такталган** | **Аткарылган (факт)** | **Четтөө** |
|---|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 2111 | 97887,2 | 96400,1 | 95138,8 | -1261,3 |
| Социалдык фондго төгүмдөр | 2121 | 12015,4 | 11594,9 | 11306,0 | -288,9 |

Эмгек акыга бекитилген чыгымдар - 97887,2 млн. сом, 96400,1 млн. сомго чейинки чыгымдар такталган, же 1487,1 млн. сомго кыскаруу менен, факты жүзүндө бул беренеге 95 138,8 млн. сом чыгымдар каржыланган, же 1 261,3 млн. сомго бюджеттик мекемелер тарабынан өздөштүрүлгөн эмес.

**Мамлекеттик органдардын эмгек акысын түзүү** (КПҮ), 1-тиркеме.

**<u>Социалдык чыгымдар боюнча</u>**

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, социалдык чөйрөнүн чыгымдарына жалпысынан 153455,7 млн. сом же республикалык бюджеттин бардык чыгымдарынан 51,9 % каралган (атайын каражаттарды жана Мамлекеттик инвестициялык программаларды (МИП) эсепке албастан). Ички дүң продуктуга (ИДП) карата социалдык чөйрөнүн чыгымдарынын салыштырма салмагы 12,5 %ды түзгөн жана 2022-жылдын көрсөткүчтөрүнө карата 0,2 пайыздык пунктка көбөйгөн. Чыгымдардын номиналдуу өсүүсү 25254,2 млн. сомду түзгөн.

Социалдык чөйрөнүн пландуу параметрлери 2378,3 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен:

- ММК фонду боюнча трансферттер - 619,4 млн. сомго;
- Саламаттык сактоо – 412,4 млн. сомго;
- Эс алуу, маданият жана дин - 165,3 млн. сомго;
- Билим берүү – 963,0 млн. сомго;
- Социалдык коргоо – 218,2 млн. сомго.

2022-2023-жылдарга социалдык чөйрө боюнча чыгымдардын салыштырма таблицасы (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИ кредиттерин эсепке албастан)

(млн.сом)

| Бөлүмдүн аталышы | Факт 2022-ж. | Сал. сал-мак % | ИДПга карата %да | План 2023-ж. | Факт 2023-ж. | Аткаруу %да | Четтөө | Сал. сал-мак % | ИДПга карата %да | 2022-жылга карата четтөө. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* | *7* | *8=6-5* | *9* | *10* | *11=6-2* |
| **Бардыгы** | **128 201,5** | **100** | **12,3** | **155834,0** | **153455,7** | **98,5** | **-2378,3** | **100,0** | **12,5** | **25254,2** |
| ММКФга трансферттер | 19 246,7 | 15,0 | 1,8 | 23 252,1 | 22 632,7 | 97,3 | -619,4 | 14,8 | 1,8 | 3386,0 |
| Социалдык фондго трансферттер | 29 352,3 | 22,9 | 2,8 | 37 789,0 | 37 789,0 | 100 | 0,0 | 24,6 | 3,1 | 8436,7 |
| Саламаттык сактоо | 4 311,5 | 3,4 | 0,4 | 6 907,0 | 6 494,6 | 94,0 | -412,4 | 4,2 | 0,5 | 2 183,1 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 5 072,0 | 3,9 | 0,5 | 7 644,6 | 7 479,3 | 97,8 | -165,3 | 4,9 | 0,6 | 2 407,3 |
| Билим берүү | 52 231,2 | 40,7 | 5,1 | 59 719,4 | 58 756,4 | 98,4 | -963,0 | 38,3 | 4,9 | 6 525,2 |
| Социалдык коргоо | 17 987,8 | 14,1 | 1,7 | 20 521,9 | 20 303,7 | 98,9 | -218,2 | 13,2 | 1,6 | 2 315,9 |

Социалдык чөйрөдөгү абдан маанилүү чыгымдар “Билим берүү” бөлүмүнө каржыланган - 58 756,4 млн. сом, бул болсо, социалдык чөйрөдөгү бардык чыгымдардан 38,3 %ды жана ИДПга карата 4,9 %ды түзгөн. “Салмак категориясы” боюнча кийинкилер Социалдык фондго трансферттер - 37789,0 млн. сом (тиешелүү түрдө 24,6 % жана 3,1 %), ММКФга трансферттер - 22632,7 млн. сом (тиешелүү түрдө 14,8 % жана 1,8 %) ж.б.у.с.

2023-жылга республикалык бюджетти аткарууда, жаңы ченемдик актыларды кабыл алуунун, республикалык бюджеттин кирешелерин көбөйтүүнүн, сметалык багыттоолорду жылдыруунун ж.б. эсебинен,

бюджеттик багыттоолорду көбөйтүү жана азайтуунун интенсивдүү динамикасы орун алган.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин чыгымдары төмөндөгүлөр боюнча көбөйгөн:

- Борбордук аппарат боюнча - 33,4 млн. сомго;
- ведомстволук мекемелер боюнча 868,3 млн. сомго же 18,7 %га, бекитилген бюджетке (4 638,8 млн. сом) салыштырмалуу, анын ичинен: 982,9 млн. сомго көбөйгөн жана 114,6 млн. сомго азайган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча трансферттер жыл ичинде 400,6 млн. сомго көбөйгөн жана 1019,9 млн. сомго азайган, же 619,3 млн. сомго азаюу менен.

2023-жылга Социалдык фонд боюнча трансферттер 41 356,8 млн.сом суммасында бекитилген, такталган параметрлер 37 789,0 млн. сомду түзгөн, же 3 567, 8 млн. сомго азаюу менен. Төмөндөгүлөргө байланыштуу, трансферттер азайтылган:

- Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышын талдоонун жыйынтыгы боюнча чыгымдарды 2 726,2 млн. сомго оптималдаштыруу;
- “Нарынгидрокурулуш” Ачык акционердик коомунун уставдык капиталын 259,9 млн. сомго көбөйтүү боюнча *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-майындагы № 298-т тескемесин кабыл алуу менен;*
- “Бишкек штамптоочу завод” Мамлекеттик ишканасына кыска мөөнөттүү жеңилдетилген 221,7 млн. сом бюджеттик кредитти берүү үчүн, *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-июлундагы № 429-т тескемесин кабыл алуу менен;*
- аскер кызматчыларынын камсыздандыруу жана пенсиялык топтоо боюнча чыгымдарын 360,0 млн. сомго азайтуу менен *(Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 27.11.2023-жылдагы №3-9/8034 каты).*

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине каралып, бөлүнгөн акча каражаттары жалпы 782,2 млн. сомго азайтылган, анын ичинен, көбөйтүү – 151,0 млн. сомду, азайтуу – 933,2 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги боюнча чыгымдар төмөндөгүдөй көбөйтүлгөн:

- Борбордук аппарат боюнча - 52,5 млн. сомго;
- ведомстволук мекемелер боюнча - 745,8 млн. сомго көбөйтүлгөн жана чыгымдар 286,5 млн. сомго азайтылган.

Телерадио берүү компаниялары боюнча чыгымдар 337,0 млн. сомго көбөйүү менен 915,9 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Дене тарбия жана спорт департаменти боюнча 2023-жылга такталган бюджет *(аппарат жана маданияттын*

*ведомстволук мекемелери)* 147,4 млн. сомго көбөйүү менен 1723,7 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги боюнча 2023-жылга такталган бюджет 37,4 млн. сомго көбөйүү менен 80,8 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий мекемелери үчүн 2023-жылга такталган бюджет 3,5 млн сомго көбөйүү менен 221,5 млн сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Дене тарбия жана спорт департаменти боюнча *(билим берүүнүн ведомстволук мекемелери)* 2023-жылга такталган бюджет 0,3 млн. сомго көбөйүү менен 106,2 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги боюнча чыгымдар:

- Борбордук аппарат боюнча 90,5 млн. сомго көбөйүү менен 158,8 млн. сомду түзгөн;

- ведомстволук мекемелер боюнча 675,7 млн сомго көбөйүү менен 50 595,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

- жаңы ачылган мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмгегине төлөө жана мектепке чейинки уюмдардын кызматкерлерин эмгек акы менен толук камсыздоо боюнча – 398,9 млн. сом;

- жалпы билим берүү уюмдарынын, атайын мектептердин жана бардык типтеги жатак мектептердин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарларынын жана директорлордун тарифтик коюмунун (маянасынын) өлчөмүн жогорулатуу боюнча - 186,0 млн. сом ж.б.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы башталгыч кесиптик билим берүүнүн ведомстволук мекемелери боюнча 2023-жылга такталган бюджет 226,4 млн. сомго көбөйтүү менен 2 171,5 млн. сомду түзгөн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы № 365 “Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү туралуу” токтомун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык бөлүмдөрү боюнча 863 бирдиктеги социалдык кызматкер бар, аларды күтүү жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын эсебинен жүргүзүлөт жана аларды күтүүгө 2023-жылы республикалык бюджеттен 220,2 млн. сом багытталган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин берилген маалыматтарга ылайык, республика боюнча социалдык тейлөөгө 8002 адам муктаж (Бишкек шаарын эсепке албаганда), көрсөтүлгөн токтомго ылайык аларды тейлөөнү 691 социалдык кызматкер жүргүзүшү керек. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык бөлүмдөрү боюнча мындай

кызматкерлердин факты жүзүндөгү саны 863 кызматкерди түзөт, же социалдык кызматкерлердин 172 штаттык бирдиги ашыкча эсептелген, аларды күтүүгө республикалык бюджеттен Социалдык фонддун төгүмдөрүн эсепке алуу менен 34 669,5 миң сом (172*14326*12*1,1725) багытталган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

Коллизияларды четтетүү максатында социалдык кызматкерлердин ишин республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржылоо ченемдерин кайталаган ченемдик укуктук актылардын ортосундагы карама-каршылыктар алынып салынсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык кызматкерлерди күтүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы № 365 "Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү туралуу" токтомунун аткарылбашына жол берген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна 2721 "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул" беренеси боюнча пенсияларды жана жөлөк пулдарга бөлүнгөн каражаттар, пенсияларды жана жөлөк пулдарды жеткирүү боюнча "Кыргыз почтасы" МИнин жана коммерциялык банктардын чыгымдарын төлөөгө пайдаланылган, б.а. **204,6 млн. сом** суммасындагы каражаттар максатсыз пайдаланылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 21.12.2017-жылдагы №161-П (*27.09.2023-жылдагы №5-Б жаңы редакциясында*) буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык, пенсияларды жана жөлөк пулдарды жеткирүү боюнча "Кыргыз почтасы" МИнин жана коммерциялык банктардын чыгымдарын төлөө, 2227 "Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгымдар" беренеси боюнча жүргүзүлөт.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 27.09.2023-жылдагы №5-Б буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына" ылайык, пенсияларды жана жөлөк пулдарды жеткирүү боюнча "Кыргыз почтасы" МИнин жана коммерциялык банктардын чыгымдарын төлөө, 2227 "Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча чыгымдар" беренеси боюнча жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кесиптик орто билим берүүнүн бюджетинин түзүлүшү жана анын

аткарылышы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан системасыз жана контролсуз жүзөгө ашырылат. Натыйжада, контракттык негизде окуучуларды окутууга чыгымдар 10 медициналык колледж боюнча бюджеттик каражаттардын эсебинен 51,6 млн. сомго ишке ашырылган.

Алсак, Нарын медициналык колледжинде 1 окуучуга бюджеттик жана атайын каражаттардын чыгымдары тиешелүү түрдө 105,0 миң сомду жана 26,6 миң сомду түзгөн. Каракол медициналык колледжинде 1 окуучуга бюджеттик жана атайын каражаттардын чыгымдары тиешелүү түрдө 51,2 миң сомду жана 18,1 миң сомду түзгөн ж.б.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги орто кесиптик билим берүү – медициналык колледждин типтүү штатын иштеп чыксын жана бекитсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан трансферттерди өздөштүрүү жөнүндө берилген маалыматтарга ылайык, 2023-жылдын аягында Социалдык фонддун эсебинде **270778,3 миң сом** суммасында пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын болгондугу аныкталган, бул болсо, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду боюнча трансферттердин сапатсыз пландалгандыгынын натыйжасы болуп эсептелет.

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 29.03.2024-жылдагы №86489 маалымкат билдирүү менен, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду каржыланган бюджеттик каражаттардын 270778,3 миң сом көлөмүндөгү пайдаланылбаган суммасына Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун чыгымдары азайтылган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бюджеттин чыгымдарын пландоо деңгээли жогорулатылсын, пайдаланылбаган бюджеттик каражаттарга контролдоо күчөтүлсүн, ашыкча каржылоого жол берилбесин.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.05.2013-жылдагы №300 “Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч билим берүү 20 мекемесинде бухгалтерлердин, кассирлердин жана ашкана жумушчуларынын штаттан сырткары 20,5 бирдигинин болгону аныкталган, ал жерде аларды күтүүгө 2023-жылы республикалык бюджеттен 3610,7 миң сом каржыланган, Социалдык фонддун төгүмдөрүн эске алуу менен.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Башталгыч билим берүү уюмдарынын штаттан ашык бирдиктерине

чыгымдалган 3610,7 миң сом 2024-жылы каржылоодо эсепке алынсын, чыгымдар азайтылсын.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

Штаттан сырткары 20,5 бирдиктин болушуна жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч билим берүү уюмдарынын штаттары талапка ылайык келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын чыгымдар сметаларын түзүү боюнча эсептөөлөр Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде жок, аудитке берилген жок.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна өзгөртүүлөр кирбеген учурда:

- 2018-жылдын 22-ноябрындагы № 545 "Кыргыз Республикасынын башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү боюнча чаралар жөнүндө", 21.06.2021-жылдагы № 39 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү боюнча чаралар жөнүндө", 01.07.2016-жылдагы № 370 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө", Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Социалдык чөйрөдөгү чыгымдарды пландоо боюнча башкармалыгынын кызматкерлери менен макулдашылган эсептөөлөргө ылайык, 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч билим берүүнүн 92 уюмун - 922280,8 миң сомго, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин кесиптик орто билим берүүнүн 24 уюмун - 131159,2 миң сомго, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жогорку билим берүүнүн 20 уюмун - 231 029,3 миң сомго ашыкча каржыланган (көрсөтүлгөн токтомго жана жүргүзүлгөн кассалык чыгымдарга ылайык, керектөө ортосундагы айырма).

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жана** Кыргыз **Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоону, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана алар менен каралган чекте жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №370 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен, кандайдыр бир эсептөөлөр, буйруктар, ченемдик актылар жок туруп, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин жогорку кесиптик 2 (эки) билим берүү уюму көрсөтүлгөн токтомго ылайык, зарыл болгон керектөөдөн ашык - 88 921,2 миң сомго жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогорку кесиптик 1 (бир) билим берүү уюму - 30 742,8 миң сомго каржыланган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана алар менен каралган чекте жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылга окуу жайларынын чыгымдар сметасы бюджеттик жана контракттык негизде окуган окуучулардын контингентин эсепке албастан түзүлгөн. Натыйжада, контракттык негизде окуган окуучулардын чыгымдары бюджеттик каражаттардын эсебинен каржыланган, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз маданият жана искусство университети - **19952,2 миң сомго;**
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Токмок шаарындагы Республикалык маданият колледжи - **14752,9 миң сомго;**
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Жалал-Абад маданият техникуму - **3672,4 миң сомго;**
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 24 орто атайын окуу жайы (ӨАОЖ) - **149032,9 миң сомго;**
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 19 ЖОЖу - **100491,4 миң сомго.**

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз

Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен бирдикте белгиленген тартипте орто билим берүү жайларын, колледждерди жана ЖОЖдорду каржылоонун ченемдерин түзүү боюнча ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну демилгелесин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтому менен маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттары бекитилген.

Ошону менен бирге, маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин штаттык санынын ченемдерин уюштуруу зарылдыгын белгилейбиз: мисалы, балет, опера, драма артисттеринин штаты кайсы критерийлерде жана ченемдерде түзүлүшү керек, көрүүчүлөргө концерт, спектаклдер канчалык санда тартууланышы керек ж.б. Канча билет алуучу болушу керек, концерт, спектаклдер болбогон кезде алар эмгек акы алышы керекпи, жылына канча ай иштеши керек ж.б.

Ошондой эле, Жаштар иши, дене тарбия жана спорт департаментинин дирекциясы боюнча типтүү штаттар иштелип чыгылган эмес, бул аталган мекемелердин жетекчилеринин орун басарларынын санынын көбөйүшүнө алып келди. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин айрым ведомстволук мекемелеринин жетекчилеринин орун басарларынын ашыкча санын кароого мүмкүндүк берген нормалар бар:

- Спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча дирекциясында - 1 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 247,6 миң сом;
- Спорттун олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча дирекциясында - 1 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 272,4 миң сом;
- Спорттун улуттук түрү боюнча дирекциясында - 1 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 346,7 миң сом;
- “Жаштык” спорттук-массалык иш-чараларды өткөрүү боюнча дирекциясында - 3 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 1114,3 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Улуттук китепканасында - 2 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 721,5 миң сом;
- “Манас Ордо” Улуттук комплексинде - 1 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 360,7 миң сом;
- Улуттук маданий борборунда - 1 бирдик, Социалдык фондго төлөмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 360,7 миң сом;

- Т. Сатылганов атындагы Ош областтык китепканасында - 1 бирдик, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсепке алуу менен жылдык эмгек акы фонду 386,3 миң сом.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин мекемелери боюнча бардыгы болуп директордун орун басарынын 11 бирдигине көбөйүшүнө алып келди, Социалдык фондго төгүмдөрдү эске алуу менен аларды кармоого 3810,2 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине:**

Ведомстволук түзүмдөрдүн штаттык санын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтому менен бекитилген ченемдерге ылайык келтирүү жөнүндө чаралар көрүлсүн.

Штаттан ашыкча бирдиктерге жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин штаттарын түзүү ченемдерин жөнгө салуучу ченемдик актыны кабыл алуу демилгеленсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу каралган, бирок саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-майындагы № 221 "Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү чаралары жөнүндө" токтомуна тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилген эмес, буга байланыштуу мекемелерди ашыкча каржылоо жүргүзүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментин - 2352,0 миң сомго;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык ден соолукту чыңдоо борборун - 23948,7 миң сомго;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык иммунопрофилактика борборун - 6046,4 миң сомго;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык карантиндик жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялар борборун - 5036,2 миң сомго;

- 15 аймактык бөлүмдөр боюнча (*оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлору*) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментин - 58726,1 миң сомго.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-майындагы № 221 "Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү чаралары жөнүндө" Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелесин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде 2022-2023-окуу жылы үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүү мекемелеринин бюджеттерин түзүү боюнча тийиштүү документтери жок жана аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүү мекемелери боюнча акыркы эсептешүү датасы 2017-жыл менен белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бир нече ирет кайрылууларына көңүл бурулбастан, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жалпы билим берүү мекемелеринин бюджеттерин түзүү боюнча эсептер берилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жалпы билим берүү мекемелеринин класс-комплекттерин түзүү боюнча ченемдик актылар да жок.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүү мекемелери боюнча чыгымдар сметасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ылайык жана анын чегинде түзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине республиканын жалпы билим берүү мекемелеринде класс-комплекттерди түзүү ченемдерин жөнгө салуучу ченемдик актыларды кабыл алуу демилгеленсин.

**Аныкталды /Корутунду**

2022-2023 жана 2023-2024-окуу жылдарында башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарына окуучуларды бюджеттик орунга кабыл алууну регламенттеген ченемдик актылар жок.

Жооптуу кызматкерлердин түшүндүрмөсү боюнча, көрсөтүлгөн мезгилде башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарындагы бюджеттик (гранттык) орунга кабыл алуу, башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын директорлорунун буйруктары менен, б.а. алардын ыктыяры боюнча кабыл алынат.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарына окууга кабыл алуу (квота) маселесин регламенттеген ченемдик актыны кабыл алууну Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин.

**Аныкталды /Корутунду**

Социалдык чөйрө тармагынын министрликтери жана ведомстволору жана алардын ведомстволук мекемелери боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын (ТМБ) жалпы **19114,7 миң сом** суммасындагы ченемден ашык калдыктары эсептелген, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде - 6994,4 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде - 4482,8 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде - 2709,9 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадио берүү корпорациясында - 4927,6 миң сомго.

Дебитордук карыздын кредитордук карыздан ашырылганы жалпы **46978,6 миң сом** суммасында, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинде - 5229,7 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде - 31627,8 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде - 3083,0 миң сомго;
- “Кабар” Кыргыз улуттук маалымат агенттигинде - 1660,3 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде - 2663,8 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадио берүү корпорациясында - 2714,0 миң сомго.

Аудиттин жүрүшүндө, социалдык чөйрөдөгү министрликтердин жана ведомстволордун мекемелеринин чыгымдар сметасы **66093,3 миң сомго** кыскарга.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 6-августундагы № 429 "Мамлекеттик илимий-техникалык программаларды түзүү жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө, илимий-изилдөө жана тажрыйба конструктордук иштердин долбоорлоруна мамлекеттик (көз карандысыз) илимий-техникалык экспертиза уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө, илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүктү республикалык бюджеттин эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу" токтомунда төмөндөгүлөр белгиленген:

- илимий, илимий-техникалык ишти жүргүзүүгө бюджеттик каражаттар бөлүнгөн башкы мекемелер бул каражаттарды максаттуу багыты жана илимий чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын талабы боюнча так чыгымдоого жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине алардын пайдаланылышы жөнүндө керектүү маалыматты, ошондой эле аткарылган иштер жөнүндө отчетторду берүүгө милдеттүү;

- илимий чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте мезгил мезгили менен программанын аткарылышынын жүрүшүн текшерүүнү уюштурат.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук мекемелери боюнча илимий жана илимий-техникалык ишти каржылоо 226 983,9 миң сомго жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде илимий жана илимий-техникалык ишти жүргүзүүгө каражаттар бөлүнгөн башкы мекемелердин аткарган иштери жөнүндө отчеттор жана тиешелүү документтер жок, аудиттин суроо-талабы боюнча алар аудитке берилген жок.

Мындан сырткары, штатты түзүү ченемдери (типтүү штаттар) жок.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Илимий жана илимий-техникалык ишти жүргүзүүгө каражаттар бөлүнгөн башкы мекемелердин аткарган иштери жөнүндө тиешелүү отчеттор талап кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук илимий мекемелеринин типтүү штаттарын иштеп чыгуу боюнча ченемдик актыны кабыл алуу демилгеленсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда медициналык-санитардык жардамды каржылоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 13.06.2008-жылдагы № 300 "Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы медициналык-санитардык жардамды каржылоо методдорун оптималдаштыруу жөнүндө" токтомуна ылайык жүргүзүлөт жана 2023-жылы бөлүнгөн каражаттардын көлөмү 22 632,7 млн. сомду түзгөн.

Ошону менен бирге, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун маалыматтары боюнча республикалык бюджеттен каражаттарды керектөө көрсөтүлгөн токтомго ылайык - 10 073,0 млн. сомду жана бешинчи стадиядагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган оорулууларга гемодиализ кызматын көрсөтүүгө төлөм - 2230,8 млн. сом, бардыгы 12 303,8 млн. сом.

Мындан сырткары, 10 131,7 млн. сом каржыланган (жыйынтыкка багытталган программаны эске албастан), анын ичинен:

- эмгек акыны жогорулатууга - 9 000,0 млн. сом;
- оңдоо иштерине, медикаменттерди жана жабдууларды сатып алууга - 1 131,7 млн. сом.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы медициналык-санитардык жардамды каржылоо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жана алар менен каралган чекте жүргүзүлсүн.

## <u>Экономикалык тармактардын чыгымдары боюнча</u>

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 08.09.2023-жылдагы №516-р тескемесине ылайык, мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында "Кыргызпочтасы" ААКсынын уставдык капиталын көбөйтүү үчүн, республикалык бюджеттен бюджеттик каражаттар боюнча карызды төлөөгө андан ары каражаттарды багыттоо үчүн жалпы 395 871,5 миң сом суммасында акча каражаттарын бөлүү каралган.

Төлөм тапшырмаларына ылайык, капиталдаштырганга чейинки 312 590,7 миң сом каражаттар, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык-кредиттик фонддун алдындагы бюджеттик каражаттар боюнча карызды төлөөгө багытталган.

Көрсөтүлгөн каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү процессинде бардыгы болуп 312 426,0 миң сом чегерилген, анткени, 164,7 миң сом суммасындагы каражаттардын калган бөлүгү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык-кредиттик фонддун атайын эсебине которулган.

Ошентип, факты жүзүндө республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык-кредиттик фондунун атайын эсебинде кезектеги чыгымдарга андан ары пайдалануу үчүн каражаттар пайда болгон.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында, республикалык бюджеттин каражаттары булактары болуп белгиленген капиталдаштырылган каражаттардын эсебинен бюджеттик кредиттер боюнча

карызды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 8-бөлүгүнүн ченемдерин колдонууну алып салуу маселесин кароо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы № 90 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.09.2019-жылдагы № 468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен, **мамлекеттик ишканалардын материалдык-техникалык базасын жаңылоого мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында**, бардык мамлекеттик ишканалар 2022-жылдан тартып 2025-жылды кошо алган мезгил үчүн ишинин жыйынтыгы боюнча бюджетке таза пайдасынын 50 пайызын төлөөдөн бошотулат деп белгиленген.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.12.2023-жылдагы №764 тескемеси менен, "Кыргызаэронавигация" Мамлекеттик ишканасына 2023-жылдагы ишинин жыйынтыгы боюнча таза кирешенин эсебинен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик жарандык авиация агенттигине 50 000 миң сом өлчөмүндө демөөрчүлүк жардам көрсөтүү тапшырылган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети мамлекеттик ишканалардын ишине тиешелүү тескемелерди кабыл алууда, мамлекеттик ишканалардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын талаптарын жана аларды кабыл алуу максаттарын эске алсын.

**Аныкталды /Корутунду**

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары министрлигинин ортосунда түзүлгөн Япония кредитинин линиясы боюнча 1522,0 миң АКШ доллары суммасындагы жана Дүйнөлүк банктын кредитинин линиясы боюнча 1088,0 миң АКШ доллары суммасындагы (техника, жабдуу жана запастык бөлүктөр үчүн төлөнгөн) 2 карыз милдеттенмелерге ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы милдеттенмелердин жалпы суммасы 2610,0 миң АКШ долларын түзгөн.

Карызды төлөө боюнча милдеттенме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги (Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары министрлигинин укук мураскери) тарабынан аткарылбагандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредитти башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 269 519,9 миң сом суммасында калган карызды өндүрүү боюнча соттук доо демилгеленген.

Соттук процесстердин жыйынтыгы боюнча, Бишкек шаарынын район аралык сотунун 2020-жылдын 6-февралында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинен жалпы суммасы 269 519,9 миң сом суммасындагы эки кредит боюнча карызды өндүрүү чечими кабыл алынган, анын ичинен: негизги сумма боюнча - 182 210,6 миң сом, пайыздар боюнча - 50 867,1 миң сом жана айып пулдар - 36 442,2 миң сом.

Мында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы №522 токтому менен, соттун чечимин аткаруу жана бюджеттик кредитти төлөө үчүн, республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигине 339 171,2 миң сом суммасындагы каражаттарды бөлүү каралган, анын ичинде соттун чечими боюнча - 269 519,9 миң сом жана курстук айырма - 69 651,3 миң сом.

Республикалык бюджеттен 2823 “Соттун чечимдерин аткаруу” беренеси боюнча 339 171,2 миң сом каржыланган, анда “башка чыгымдар” беренеси боюнча 69 651,3 миң сом бөлүнүшү керек болчу.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

"Соттун чечимин аткаруу" беренеси боюнча чыгымдарды, соттун тиешелүү чечимдеринде каралбаган башка чыгымдарды каржылоого жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду**

“Жол фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Жол фондунун каражаттары республикалык бюджетте топтолот, атайын максатка ээ жана башка муктаждыктар үчүн алынууга же чыгымдалууга жатпайт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 346 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол фонду жөнүндө жобонун 37-пунктуна ылайык, транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча Фонддун каражаттары ага жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунун жол иштерин жүргүзүү жана жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун сактоо боюнча функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн багытталышы мүмкүн.

Ошону менен бирге, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Жол фондунун 23 030,8 миң сом суммасындагы каражаттары “Жол фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына туура келбеген максаттарга багытталган, анын ичинен: Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Борбордук аппаратынын чыгымдарына берилген: аткаруу жыйымдарын төлөө үчүн -

10087,0 миң сом, эмгек акы боюнча - 9234,5 миң сом; ижара акысы жана кызматтык иш сапарлар боюнча - 3709,3 миң сом.

Же, "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, Фонддун каражаттары максаттуу болуп эсептелерине жана атайын багытка ээ экендигине карабастан, 23 030,8 миң сом суммасындагы каражаттар Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин аппаратынын кезектеги чыгымдарын жабууга багытталган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине:**

"Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, максатсыз пайдаланылган **23 030,8 миң сом суммасындагы** каражаттар сметалык багыттоолордун эсебинен республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилсин.

"Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына туура келбеген багыттарга Жол фондунун каражаттарын пайдаланууга жол берген Жол фондунун Байкоочу Кеңешинин кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

"Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан максатсыз пайдаланылган **23 030,8 миң сом суммасындагы** каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирүүгө көзөмөл жүргүзүлсүн жана чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Республиканын ички жолдорун администрлөө жана аларды күтүү, б.а. жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо, оңдоо, күтүү жана жол чарба керектөөлөрүн камсыздоо, жол чарба чөйрөсүндөгү мамлекеттик, тармактык максаттуу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча мамлекеттик заказчынын функцияларын аткарууну төмөндөгүлөр жүргүзөт:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы № 68 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти;

- Жол фондунун катчылыгынын өзүнүн штатын күтүүгө анын каржылоо булагы жок туруп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 346 "Жол тармагынын системасын кайра

өзгөртүп түзүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол фонду.

Жол фондунун Катчылыгын күтүү жана бюджеттик каражаттарды үнөмдөө боюнча Жол фондунун каражаттарын максатсыз пайдаланууга жол бербөө максатында, жол тармагынын долбоорлорун ишке ашыруу боюнча финансылык операцияларды жүргүзүү функцияларын Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине берүү жана юридикалык жакты түзбөстөн өзүнчө топтолгон эсеп түрүндө Жол фондунун иштеши максатка ылайыктуу.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Финансылык операцияларды жүргүзүү функцияларын Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине өткөрүп берүү жана юридикалык жакты түзбөстөн өзүнчө топтолгон эсеп түрүндө Жол фондунун иштөө мүмкүнчүлүктөрү каралсын.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.05.2023-жылдагы №298-т тескемесине ылайык, 3215 “Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары” беренеси боюнча республикалык бюджеттин каражаттарынан “Нарынгидрокурулуш” ААКсынын акцияларын сатып алуу үчүн 598 915,7 миң сом суммасындагы каражаттар бөлүнгөн.

23.05.2024-жылга карата “Нарынгидрокурулуш” ААКсынын уставдык капиталынын көбөйүшүн эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин атынан мамлекеттин үлүшү 99,88 %ды түзгөн.

Бирок, капиталдаштырылган каражаттардын ичинен 598 915,7 миң сом суммасындагы каражаттар негизги фонддорду жана инфра түзүмдүк өнүгүүлөрдү көбөйтүүгө эмес, салык жана Социалдык фондго төгүмдөр боюнча милдеттенмелерди төлөө боюнча “Нарынгидрокурулуш” ААКсына чыгымдалган. Ошентип, чарба жүргүзүүчү субъектинин бюджет алдындангы милдеттенмелери республикалык бюджеттен капиталдаштырылган каражаттардын эсебинен төлөнгөн, мунун натыйжасында, республикалык бюджеттин кирешелери карыз алуучу – чарба жүргүзүүчү субъектинин каражаттарынын эсебинен эмес, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен түзүлгөн.

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 4-бөлүгү сакталбастан жана экономикалык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы жок туруп, 2023-2027-жылдарга фискалдык саясаттын негизги багыттарынын артыкчылыктуу багыттарына туура келбеген финансылык активдер менен жүргүзүлгөн операцияларга республикалык бюджеттен 598 915,7 миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бюджеттин чыгаша бөлүгүн түзүү, тиешелүү мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттарында белгиленген артыкчылыктарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 4-бөлүгүнүн ченемдеринин талаптарын эске алуу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.11.2022-жылдагы №661 “Электр станциялар” жана “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомдорун финансылык жактан чыңдоо жөнүндө” токтомуна ылайык, мамлекеттик стратегиялык энергетикалык мекемелердин финансылык туруктуулугун жакшыртуу максатында, 2023-2030-жылдары бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды төлөөгө каражаттарды багыттоо үчүн жалпы суммасы 123 708,3 млн. сомго уставдык капиталын жогорулатуу үчүн республикалык бюджеттен акча каражаттарын бөлүү каралган.

2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётко ылайык, капиталдаштырууга 10 795 299,3 миң сом багытталган, анын ичинде: “Электр станциялары” ААКсы боюнча - 5 400 000,0 миң сом жана “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы боюнча - 5 395 299,3 миң сом. Төлөм тапшырмаларына ылайык, капиталдаштырганга чейинки каражаттардын бардык суммасы бюджеттик кредиттер боюнча КРФМге караштуу Финансылык-кредиттик фондунун алдындагы карызды төлөөгө багытталган.

Башкача айтканда, 10 795 299,3 миң сом суммасындагы каражаттар энергетикалык компаниялар тарабынан негизги фонддорду жогорулатууга жана энергетикалык инфра түзүмдөрдү модернизациялоого эмес, бюджеттик кредиттер боюнча милдеттенмелерди төлөөгө чыгымдалган.

Ошентип, чарба жүргүзүүчү субъектинин бюджет алдындагы милдеттенмелери республикалык бюджеттин капиталдаштырылган каражаттарынын эсебинен төлөнгөн, анын натыйжасында, республикалык бюджеттин кирешелери карыз алуучу - чарба жүргүзүүчү субъектинин эсебинен эмес, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен түзүлдү.

Көрсөтүлгөн каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү процессинде бардыгы болуп 10 729 563,7 миң сом чегерилген, ал эми 65 735,6 миң сом суммасындагы каражаттар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесине ылайык, КРФМге караштуу Финансылык-кредиттик фондунун атайын эсебине чегерилген.

Ошентип, факты жүзүндө республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен, КРФМге караштуу Финансылык-кредиттик фонду тарабынан атайын эсепте каражаттарды күнүмдүк чыгымдарга пайдалануу үчүн түзүлдү.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында, республикалык бюджеттин каражаттары булак катары саналган капиталдаштырылган каражаттардын эсебинен бюджеттик кредиттер боюнча карызды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 8-бөлүгүнүн ченемин колдонуу маселеси каралсын.

Бюджеттин чыгымдар бөлүгүн түзүү, тиешелүү мезгилге Фискалдык саясаттын негизги багыттарында белгиленген артыкчылыктарды эске алуу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин эмгек акыларынын такталган бюджети 190 871,3 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 175 633,0 миң сомго жүргүзүлгөн, же 14 633,76 миң сом өздөштүрүлгөн эмес, бул болсо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, эмгек акы боюнча чыгымдарды пландаштыруу эмгек акы фондусун негизсиз эсептөөлөр менен жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу.

Мындан сырткары, ушундай эле каражаттардын өздөштүрүлбөй калышы төмөнкү бюджеттик мекемелерде жалпы суммасы 81 271,8 миң сомго аныкталган:

- Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы - 10 970,0 миң сом;
- КР АЧМге караштуу Ветеринардык кызмат (ведомстволук) – 9 980,0 миң сом;
- КР АЧМге караштуу Суу ресурстары кызматы – 40 672,3 миң сом;
- КР АЧМге караштуу Суу ресурстары кызматынын “Мамкартография” мамлекеттик мекемеси - 9 299,3 миң сом;
- КР АЧМге караштуу Токой кызматы - 10 350,2 миң сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Эмгек акы боюнча чыгымдарды түзүүдө өткөн мезгилдер үчүн факты жүзүндө өздөштүрүлбөгөн эмгек акы эске алынсын. Бюджеттик чыгымдарды түзүү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарына ылайык негиздүү эсептөөлөргө ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында “Санариптик экономиканы” каржылоону камсыздоого 500 000,0 миң сом каражат каралган.

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төмөндөгүдөй тескемелери кабыл алынган:

- 23.03.2023-жылдагы №166-т Маалыматтарды иштеп чыгуунун мамлекеттик борборун долбоорлоого 100 000,0 миң сом суммасындагы каражатты бөлүү жөнүндө;

- 18.04.2023-жылдагы №188-т мамлекеттик органдарга кредиттик карыздарын төлөөгө 46 800,0 миң сом бөлүү жөнүндө;

- 13.06.2023-жылдагы №326-т Кыргыз Республикасынын финансылык чалгындоо органынын автоматтык маалыматтык тутумун модернизациялоого жана маалыматтык коопсуздугун камсыздоого 9 400,0 мин сом суммасындагы каражатты бөлүү жөнүндө;

- 12.07.2023-жылдагы №424-т санариптик экономика алкагындагы иш чараларга жана долбоорлорго 237 600,0 миң сом суммасындагы финансылык каражаттарды бөлүштүрүү жөнүндө;

- 31.10.2023-жылдагы №663-т санариптик экономика алкагындагы иш чараларга жана долбоорлорго 105 900,0 миң сом суммасындагы финансылык каражаттарды бөлүштүрүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кабыл алынган тескемелерине ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча, 31.12.2023-жылга карата бөлүнгөн 499 721,4 миң сомдун ичинен министрлик жана ведомстволор тарабынан 301 307,0 миң сому өздөштүрүлгөн.

Буга байланыштуу, “Санариптик экономика” программасын ишке ашыруу алкагында мамлекеттик органдар тарабынан ар кандай себептер боюнча бөлүнгөн финансылык каражаттарды начар өздөштүрүүдөн улам каражаттарды 198 414,4 миң сомго оптималдоо жол-жобосу демилгеленген, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги - 100 000,0 миң сом;
- КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги – 3 360,0 миң сом;
- КР Билим берүү жана илим министрлиги – 27 000,0 миң сом;
- КР АЧМге караштуу Жер ресурстары кызматы – 47 500,0 миң сом;
- КР АЧМге караштуу Ветеринардык кызмат – 14 900,0 миң сом;
- КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги – 5 654,36 миң сом.

**Корутунду**

Санариптик экономика боюнча программаны ишке ашырууга бюджеттик каражаттар болгондугуна карабастан, мамлекеттик органдар тарабынан бюджеттик каражаттар өздөштүрүлгөн эмес, демек, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын чыгымдар бөлүгү аткарылган эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

“Санариптик экономика” программасын ишке ашыруу алкагында “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын чыгымдар бөлүгүн аткарбаган жана өздөштүрбөгөн фактыларга жол берген мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, экономика тармагындагы министрлик жана ведомстволор боюнча **83 652,7 миң сом** суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана эсепке алынууга тийиш болгон дебитордук карыз аныкталган, анын ичинде:

- 7 460,8 миң сом суммасына товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары, анын ичинен: КР Транспорт жана жолдор министрлигинде – 134,4 миң сом; Жерде жүрүүчү жана суу транспорт департаментинде – 184,1 миң сом; Органикалык айыл чарба департаментинде - 72,5 миң сом; Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаментинде – 108,9 миң сом; КР Санариптик өнүктүрүү министрлигинде - 95,6 миң сом; КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматында – 7,6 миң сом; КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматында (ведомстволук) – 438,7 миң сом, КР АЧМге караштуу Ветеринардык кызматында – 5561,7 миң сом, Токой кызматынын Борбордук аппаратында – 650,8 миң сом, КР АЧМге караштуу Суу ресурстары кызматында (ведомстволук) – 206,48 миң сом, анын ичинде аудиттин жүрүшүндө 3775,3 миң сом эсепке алынган.

**- 76 191,9 миң сом** суммасына дебитордук карыз, анын ичинен, КР ТКМге караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорт департаментинде – 587,9 миң сом; Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинде – 676,1 миң сом; КР АЧМге караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде – 7 015,4 миң сом; КР АЧМге караштуу Механизациялоо, инновациялык технологиялар жана айыл чарбасын кооперациялоо департаментинде – 67,3 миң сом; КР АЧМге караштуу Балык чарба департаментинде – 66,6 миң сом; КР АЧМге караштуу Ветеринардык кызматында – 35 203,5 миң сом, КР АЧМге караштуу Суу ресурстары кызматында (ведомстволук) – 2 107,2 миң сом, КР Санариптик өнүктүрүү министрлигинде – 355,1 миң сом; КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматында (ведомстволук) – 493,2 миң сом; “Түндүк” мамлекеттик мекемесинде - 38,3 миң сом; КР АЧМге караштуу Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында - 28,3 миң сом; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик мекемесинде - 81,2 миң сом; Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Кыргыз геология кызматында - 29 471,8 миң сом, анын ичинде аудиттин жүрүшүндө 9 389,4 миң сом эсепке алынган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык, **70488,0 миң сом** суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алуу жүргүзүлсүн.

**<u>Бюджеттер аралык мамилелер боюнча</u>**

01.01.2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын калдыктары 6 092,2 млн.сомду түзгөн.

2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 41553,7 млн. сомдон 7 655,2 млн. сомго көбөйтүлүп, 49 208,9 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

- жергиликтүү бюджеттин кирешелери – 33 117,6 млн. сом;
- теңдөөчү трансферттер – 3 098,6 млн. сом;
- республикалык бюджеттен максаттуу трансферттер – 12 984,0 млн. сом.

Киреше бөлүгүнүн факты жүзүндө келип түшүүсү 49 418,9 млн. сомго жүргүзүлгөн же ашык аткаруу 210,0 млн. сомду (100,4 %) түзгөн.

2023-жылга карата бюджеттин кассалык аткарылышы 50 570,0 млн. сомго такталган план алдында 54 803,8 млн. сомго аткарылган. Ошентип, жергиликтүү бюджеттер боюнча терс жагына 4 233,8 млн. сомго четтөө белгиленген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө берилген отчетторго ылайык, 01.01.2024-жылга карата бириктирилген дебитордук карыз– 3161,5 млн. сомду жана кредитордук карыз - 736,1 млн. сомду түзгөн.

Жергиликтүү бюджетке 49654,9 млн. сом өлчөмүндөгү кирешелердин келип түшүүсүндө, 236,0 млн. сом финансылык эмес активдерди эсепке алуу менен чыгымдар 50 570,0 млн. сомго жүргүзүлгөн, же жергиликтүү бюджеттин тартыштыгы 915,1 млн. сом өлчөмүндө түзүлгөн, аны жабууга төмөндөгүлөр багытталган:

- жыл башындагы каражаттардын калдыгы – 6 092,2 млн. сом;
- кредиттер, ссудалар, займдар – (-) 249,8 млн. сом;
- ички карыз алуу – (-) 221,6 млн. сом.

01.01.2024-жылга карата жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын калдыктары 4 705,7 млн. сомду түзгөн.

**Аныкталды/Корутунду**

Отчеттук даталарга карата жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын олуттуу калдыктарынын тарыхый болушу, теңдөөчү гранттарсыз жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын жетиштүүлүгү жөнүндө күбөлөндүрөт. Алсак, 01.01.2023-жылга карата 6 092,2 млн.сом калдыктардын болушу менен республикалык бюджеттен 3 098,6 млн. сомго теңдөөчү гранттар бөлүнгөн, мында, 01.01.2024-жылга карата калдыктар 4 705,7 млн. сомду түзгөн жана

3 161,5 млн. сомго дебитордук карыз пайда болгон, же теңдөөчү гранттарга зарылчылык жок туруп, алар толугу менен калдыктарда калган деп констатациялоого болот.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Отчеттук датага карата калдыктардын түзүлүшүнө алардын булактарын тактоо жана отчеттуулукта чагылдыруу зарылдыгы менен талдоо жүргүзүлсүн.

Теңдөөчү гранттарга болгон факты жүзүндөгү керектөөлөрдү жана теңдөөчү трансферттерге болгон факты жүзүндөгү керектөөнү эске алуу менен, жергиликтүү бюджетти баланстап каржылоо камсыздалсын, ашыкча каржылоого жол берилбесин.

**Жергиликтүү бюджет боюнча трансферттер**

(млн.сом)

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Факт 2021-жыл** | **Факт 2022-жыл** | **Факт 2023-жыл** | **Фактылар-дан четтөө 2021-ж. (+/-)** | **Фактылар-дан четтөө 2022-ж. (+/-)** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы:** | **3 575,2** | **6 581,6** | **15 261,5** | **3 006,4** | **8 679,9** |
| Тендөөчү трансферттер | 1 966,4 | 1 415,7 | 3 079,4 | -550,7 | 1 663,7 |
| Максаттуу трансферттер | 1 608,8 | 5 165,9 | 12 182,1 | 3 557,1 | 7 016,2 |

Келтирилген маалыматтар, республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке трансферттердин кыйшаюусуз өсүүсү жөнүндө күбөлөндүрөт, эгерде 2022-жылы алардын өсүүсү мурунку мезгилге салыштырмалуу 3 557,1 млн. сомду түзгөн же 1,8 эсе, ал эми 2023-жылы 2022-жылга салыштырмалуу 7 016,2 млн. сомду түзгөн же 2,3 эсе өскөн. Мында, трансферттердин олуттуу бөлүгүн максаттуу трансферттер түзгөн. Максаттуу трансферттер республикалык бюджеттен 12 182,1 млн. сомго каржыланган, анын ичинен:

- бийик тоолуу жана кыйынчылык менен жетүүчү зоналарда, климаттык оор шарттарда жашаган абоненттер үчүн, тиричилик керектөөлөрүнө электр энергиясын керектегендиги үчүн 50 % өлчөмүндөгү компенсациялар - 160,2 млн. сом;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин мамлекеттик ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өкүлдөөгө – 217,7 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Калкты жана жарандык абалдык актыларын каттоо департаментине өкүлдөөгө – 77,8 млн. сом;
- айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгын төлөөдөн бошотууга байланыштуу, жергиликтүү бюджеттин жоготууларын компенсациялоого – 319,4 млн. сом, республикалык бюджетте салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тутуму боюнча бирдиктүү салыкты 100 пайыз топтоо менен – 2 443,4 млн. сом;
- калктуу пункттардын генералдык планын иштеп чыгууга – 300,0 млн. сом;

- административдик-аймактык реформаларды жүргүзүүгө, Нарын областынын 27 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына - 270,0 млн. сом, Ысык-Көл областынын Түп районунун 5 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына - 50,0 млн. сом;

- өнүктүрүү программаларына Жалал-Абад шаарына– 1 745,5 млн.сом, Каракол шаарына - 685,0 млн. сом;

- Бишкек шаарынын мэриясы үчүн автобустарды сатып алууга – 4 513,8 млн. сом;

- "Бишкекасфальтсервис МИнин чыгымдарын компенсациялоого - 25,2 млн. сом;

- республикалык бюджеттен толук каржылоого өтүүгө чейин Бишкек шаарынын билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акы фонду боюнча чыгымдар бөлүгүн жабууга - 1000,0 млн. сом;

- Бишкек шаарындагы "Акылдуу шаар" долбоорунун алкагында "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашырууга - 66,1 млн.сом;

- "Жылуулук менен жабдуу" Ош муниципалдык ишканасынын электр энергиясын керектегендиги үчүн кредиттик карызды төлөөгө - 398,1 млн. сом, Токмок шаарындагы "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсынын жаратылыш газын керектегендиги үчүн - 25,5 млн. сом;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринен келип жаткан этностук кыргыздарга колдоо жана гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча 2022-2024-жылдарга иш-чаралар планын ишке ашырууга - 2,0 млн. сом;

- жалпы мамлекеттик "Абдан мыкты айыл өкмөтү" конкурсуна - 2,5 млн. сом;

- жана башка чыгымдар – 98,2 млн. сом, анын ичинен, төмөндөгү областтар боюнча: Жалал-Абад - 20,7 млн. сом, Нарын - 15,8 млн. сом, Баткен - 3,7 млн. сом, Ош - 44,9 млн. сом, Талас – 8,3 млн. сом, Чүй - 5,0 млн. сом

**Аныкталды/Корутунду**

"Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоону биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча жүзөгө ашырат, бирок республикалык бюджеттен "Жылуулук менен жабдуу" Ош муниципалдык ишканасынын электр энергиясын керектегендиги үчүн кредиттик карызды төлөө үчүн максаттуу трансферт катары - 299,0 млн. сом жана Токмок шаарындагы "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсынын жаратылыш газын керектегендиги үчүн - 25,5 млн. сом бөлүнгөн.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Республикалык бюджеттен каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.

## Региондорду өнүктүрүү фонддору

2023-жылы Региондорду өнүктүрүүнүн 46 фонду иштеген, анын ичинен, республикалык бюджеттен каржыланган, областтарды өнүктүрүүнүн 6 фонду жана райондорду өнүктүрүүнүн 40 фонду.

Алсак, аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөр орун алган:

Региондорду өнүктүрүү фонддорун факты жүзүндө каржылоо 2 636,1 млн. сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен, республикалык бюджеттин каражаттарынан – 1 239,7 млн. сом, жер казынасын пайдалануучулардын эсебинен – 1 396,4 млн. сом. Кассалык чыгымдар 2 283,5 млн. сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен, республикалык бюджеттин каражаттарынан – 1 125,8 млн. сом, жер казынасын пайдалануучулардын эсебинен – 1 157,7 млн. сом, 01.01.2024-жылга карата каражаттардын калдыктары 352,6 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, республикалык бюджеттин каражаттарынан – 113,9 млн. сом, жер казынасын пайдалануучулардын эсебинен – 238,7 млн. сом.

Нарын областтык фондунан сырткары, областтарды өнүктүрүү фонддорунун көлөмдөрү 50,0 млн. сомдон ашат, мында, абдан көлөмдүү фонд Жалал-Абад областында каралган – 261,2 млн. сом.

Райондорду өнүктүрүү фонддорунун көлөмдөрү негизинен, төмөндөгү райондордон сырткары, 50,0 млн. сомдон ашпайт:

- Түп – 130,3 млн. сом;
- Ала-Бука – 172,0 млн. сом;
- Чаткал – 83,3 млн. сом;
- Ноокен – 211,2 млн. сом;
- Өзгөн – 96,1 млн. сом;
- Талас – 71,4 млн. сом;
- Кемин – 139,5 млн. сом.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 16.01.2023-жылдагы № 20 “Региондорду өнүктүрүү жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, Типтүү жобого ылайык, фонддордун каражаттарын администрлөөнү жөнгө салуучу тарабынан фонддордун кассалык чыгымдары, чыгымдар сметасы 3111 “Имараттар жана курулмалар”, 3214 “Кредиттер, ссудалар, займдар” беренелери боюнча түзүлөт жана каржыланат жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясы менен белгиленген тартипте жөнөкөйлөтүлгөн казыналыктын жол-жоболору боюнча жүргүзүлөт.

Ошону менен бирге, Типтүү жобо менен Региондорду өнүктүрүү фонддорунун кызматкерлеринин эмгегине төлөө шарттары жана штаттык саны жөнгө салынат, алар корголгон беренелер болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясы менен белгиленген тартипте күндөлүк чыгымдар катары чыгымдардын башка беренелери менен каржыланат.

Мындан сырткары, Региондорду өнүктүрүү фонддорун каржылоо региондордогу фонддордун чыгымдар сметасынын аткарылышынын

балансторына жүргүзүлгөн талдоо менен, чыгымдардын 2 беренеси боюнча гана жүргүзүлгөндүктөн, Фонддордун каражаттарын администрлөө боюнча маалыматтарды толук эмес жана толук кандуу эмес чагылдыруу фактылары, кассалык жана факты жүзүндөгү чыгымдар ортосундагы өз ара байланыштын жоктугу, чыгымдар беренелеринин ортосундагы дал келбестиктер аныкталган, бул болсо, дебитордук, кредиттик карыздарды жашыруу, кем чыгуулар жана уурдоолор тобокелдигине алып келет.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясына ылайык, региондордун фонддорунун чыгымдар сметасын түзүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 16.01.2023-жылдагы № 20 "Региондорду өнүктүрүү жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин.

**Аныкталды /Корутунду**

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 16.01.2023-жылдагы № 20 "Региондорду өнүктүрүү жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, Типтүү жобонун 12-беренесин бузуу менен, 12 райондук мамлекеттик администрациялар тарабынан имараттарды жана курулмаларды капиталдык оңдоого, компьютердик жана кеңсе жабдууларын, курулуш материалдарын, отунду, баалуулугу аз жана тез эскирүүчү буюмдарды ж.б.у.с. сатып алууга - 70532,1 миң сом жана КР ИИМдин 3 райондук ички иштер бөлүмүнө - 9393,5 миң сом бөлүнгөн, бирок, мындай чыгымдар Типтүү жободо каралган эмес, атайын эсептин каражаттарынан жүргүзүү гана сунушталган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Региондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын даректүү пайдаланылышына контролдоо күчөтүлсүн.

Каралбаган чыгымдарга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин кароо менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, республикалык бюджеттин каражаттарынан каралган долбоорлорду каржылоо зарылдыгы жөнүндө Региондорду өнүктүрүү фонддоруна жеткирилсин.

2023-жылга Региондорду өнүктүрүү фонддору боюнча чыгымдар төмөндөгүдөй берилген:

1. Областтар бөлүгүндө:

| Региондордун аталышы | Суммасы (млн.сом) | % | Объекттердин саны | % | Туруктуу түзүлгөн жумуш орундарынын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| **Республикалык боюнча** | **2 283 ,5** | **100,0%** | **1 151** | **100,0%** | **909** |
| Баткен областы | 231,4 | 10,1% | 88 | 7,6% | 23 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад областы | 745,1 | 32,6% | 217 | 18,9% | 443 |
| Ысык-Көл областы | 221, 1 | 9,7% | 233 | 20,2% | 157 |
| Нарын областы | 121,0 | 5,3% | 110 | 9,6% | 7 |
| Ош областы | 372,5 | 16,3% | 185 | 16,1% | 166 |
| Талас областы | 172, 4 | 7,6% | 82 | 7,1% | 59 |
| Чүй областы | 419, 9 | 18,4% | 236 | 20,5% | 54 |

2. Багыттар бөлүгүндө:

| Аталышы | Суммасы (млн.сом) | % | Объекттер-дин саны | % | Туруктуу түзүлгөн жумуш орундарынын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүү объекттери | 588,4 | 25,8% | 351 | 30,5% | 474 |
| Саламаттык сактоо объекттери | 80,1 | 3,5% | 46 | 4,0% | 20 |
| Маданият объекттери | 148,4 | 6,5% | 83 | 7,2% | 40 |
| Спорт объекттери | 101,2 | 4,4% | 44 | 3,8% | 39 |
| Муниципалдык объекттер | 296,2 | 13,0% | 175 | 15,2% | 82 |
| Жана башка инфра түзүмдөр | 739,5 | 32,4% | 389 | 33,8% | 63 |
| Каржылоо Экономикалык долбоорлор | 106,7 | 4,7% | 22 | 1,9% | 161 |
| Жана башкалар | 222,9 | 9,8% | 41 | 3,6% | 30 |
| **БАРДЫГЫ** | **2 283, 5** | **100,0%** | **1 151** | **100,0%** | **909** |

**Аныкталды/Корутунду:**

“Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексине ылайык, жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө, күтүүгө жана аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларына ылайык максаттуу багыттагы иш-чараларды ишке ашырууга чегерүүлөр, кыйыр салыктарды эсепке албаганда, пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн акчанын 2 пайызы өлчөмүндө төлөнөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан берилген баштапкы берилген маалыматка *(КРФМге караштуу МСКнын 26.06.2024-жылдагы №22-2-10/5916 чыгыш каты)* ылайык, 2023-жыл үчүн 485 субъекттин (жеке жана юридикалык жактар) кыйыр салыктарды эсепке албаганда, пайдалуу кенди сатуудан алынган акчасы 108 062,2 млн. сомду түзгөн, алар 98 751,6 млн. сомго чейин такталган *(КРФМге караштуу МСКнын 11.07.2024-жылдагы №22-2-10/6488 чыгыш каты)* жана алар боюнча республикалык бюджетке чегерүүлөр 2 007,1 млн. сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен: республикалык бюджет – 1 630,1 млн. сом, жергиликтүү бюджет – 377,0 млн. сом.

Эсептөөлөр боюнча “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексине ылайык, бюджетке 2 пайыз өлчөмүндөгү чегерүүлөр 1 975,0 млн. сомду түзүшү керек эле, же субъекттер тарабынан 32,1 млн. сомго көп чегерилген, анын ичинен: ар бир субъект боюнча белгиленгенден ашык чегерилген – 113,5 млн. сом, жеткире чегерилген эмес – 81,4 млн. сом.

Жогоруда белгиленгендей, 2023-жылы Региондорду өнүктүрүү фонддору жер казынасын пайдалануучулардын каражаттарынын эсебинен 1 396,4 млн.

сомго каржыланган, же 233,7 (1630,1-1396,4) млн. сом көрсөтүлгөн чегерүүлөрдү администрлөөдөн сырткары калган.

Алсак, пайдалуу кенди сатуудан түшкөн пайда, ошондой эле алардан республикалык бюджетке чегерүүлөр талаптагыдай контролдонбойт, администрленген салыктык эмес кирешелер боюнча эсеп жана отчеттуулук (жер казнасын пайдалануучулардын пайдасынан чегерүүлөр бөлүгүндө), алар боюнча, салык калдыгы жана ашык төлөөлөр боюнча салыштыруу актылары жок.

Салыктык эмес кирешелердин башкы администраторлору отчетторду түзүүгө жана белгиленген мөөнөттө ыйгарым укуктуу органга берүүгө милдеттүү болгон, "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 17, 18-беренелерин бузуу менен, КРФМге караштуу МСК, ошондой эле КРФМдин Салыктык эмес кирешелерге анализ жүргүзүү бөлүмү тарабынан пайдалуу кенди сатуудан алынган пайданын суммалары, ошондой эле пайдалуу кенди сатуудан алынган пайдадан 2 пайыз өлчөмүндөгү чегерүүлөр жөнүндө отчеттор түзүлбөйт.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Чегерүүлөрдү толуктугу жана алардын өз учурунда түзүлүшү үчүн, пайдалуу кенди сатуудан алынган пайданын суммалары, ошондой эле пайдалуу кенди сатуудан алынган пайдадан 2 пайыз өлчөмүндөгү чегерүүлөр бөлүгүндө, администрленген салык эмес кирешелер боюнча эсеп жана отчеттуулук жүргүзүлсүн.

**Аныкталды /Корутунду**

Республиканын айрым райондук мамлекеттик администрацияларынын штаттык жүгүртмөлөрү жана жүргүзүлгөн кассалык чыгымдары боюнча эмгек акы каражаттарына болгон керектөөлөрдүн шайкештигине жүргүзүлгөн талдоодо, 5 131,2 миң сомго ашыкча каржылоо аныкталган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Региондордун фонддорунун административдик чыгымдарын пландоо деңгээли жогорулатылсын, каражаттардын пайдаланылышына туруктуу негизде контролдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен каралгандан ашыкча эмгек акыны каржылоого жол берилбесин.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн 4 аппараты (Нарын, Ысык-Көл, Ош, Баткен областтары) боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча

запастары 327,0 миң сомду, кредитордук карыздан ашырылган дебитордук карыз - 1 359,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен аудиттин жүрүшүндө 2024-жылы каржылоодо – 633,8 миң сом (товардык-материалдык баалуулуктар – 119,9 миң сом, кредитордук карыздан ашырылган дебитордук карыз - 513,9 миң сом) эсепке алынды.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын областындагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жылдык отчету боюнча эсептөөлөрдөгү 1052,8 миң сом суммасындагы каражаттардын калдыктары жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары республикалык бюджетке чегерилсин.

**Бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо абалы**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-авгусундагы №436 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулугун баалоо тартибинин" 44-пунктуна ылайык бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн (БКБТнын) программалык негизде бюджетти ишке ашыруунун натыйжалуулугунун деңгээли ушул Тартиптин 34, 35-пункттарына ылайык ар бир бюджеттик программа боюнча жыйынтыктоочу баалоону кошуу жана бааланып жаткан бюджеттик программалардын санына бөлүү жолу менен аныкталат (төмөн - 209,0; орточо – 210-234; жогору - 235).

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин бюджеттик программаларынын натыйжалуулугуна тышкы баалоо жүргүзүлгөн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн баалоодо, натыйжалуулук индикаторунун көрсөткүчтөрүнүн күтүлгөн маанилерин сапатсыз жана азайтып пландоо, кээ бир министрликтерде бюджеттик программалардагы натыйжалуулуктун сапаттуу индикаторлорунун жоктугу, каржылоо көлөмү менен индикаторлордун ортосундагы байланыштын жоктугу аныкталган.

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги боюнча программалык негизде бюджетти аткаруунун натыйжалуулугунун төмөн даражасы ыйгарылган - 198,1 балл, программалар бөлүгүндө төмөн болуп, "Кооптуу жаратылыш процесстерин жана көрүнүштөрүн болжолдоо" 884,8 млн сомго каржылоо менен 208,2 балл жана «Өзгөчө кырдаалдарда өз алдынча башкаруу органдарын, жарандык коргонуу күчтөрүн жана калкты аракеттенүүгө даярдоо» - 68,9 млн. сомго каржылоо менен 113,1 балл.

Алсак, жалпы 7133,7 млн. сом суммасында каржылоодо, 928,7 млн. сом наркындагы 2 программа боюнча натыйжалуулуктун деңгээлинин даражасынын төмөндүгүнө жол берилген (“Кооптуу жаратылыш процесстерин жана көрүнүштөрүн болжолдоо” наркы 859,8 млн. сом жана «Өзгөчө кырдаалдарда өз алдынча башкаруу органдарын, жарандык коргонуу күчтөрүн жана калкты аракеттенүүгө даярдоо» наркы 68,9 млн. сом).

| **КОД** | **Программанын аталышы** | **Баллдары** | **Каржылоо млн.сом** |
|---|---|---|---|
| 452 | Кооптуу жаратылыш процесстерин жана көрүнүштөрүн болжолдоо | 208,2 | 859,8 |
| 453 | Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу | 242,5 | 3303,6 |
| 454 | **Өз алдынча башкаруу органдарын, жарандык коргонуу күчтөрүн жана калкты өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүүгө даярдоо** | 113,1 | 68,9 |
| 455 | Мамлекеттик жана моблизациялык резердин материалдык баалуулуктарын башкаруу | 228,2 | 2901,4 |
| | Программалык негизде бюджетти аткаруунун натыйжалуулугунун даражасы | 198,1 | 7133,7 |

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине 7133,7 млн. сомго жалпы каржылоо менен 198,1 балл деңгээлинде программалык негизде бюджетти аткаруунун натыйжалуулугунун даражасынын төмөндүгү жөнүндө, негизинен 928,7 млн. сом наркындагы 2 программа боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетишилбегендиктен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2024-жылдын 3-апрелиндеги №2 токтому менен бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоонун натыйжалары жөнүндө корутундуну жана тышкы баа берүүнүн натыйжалары боюнча чараларды Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүү жөнүндө чечими кабыл алынган.

Бирок, 928,7 млн. сом наркындагы 2 программа боюнча натыйжалуулуктун сапаттык жана сандык индикаторлоруна жетпегендиги үчүн, аларды натыйжасыз пайдалангандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматтагы адамдарынын жоопкерчилигин кароо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-авгусундагы №436 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулугун баалоо тартибинин” 50-пунктунун ченемдерин колдонуу белгиленген эмес.

**Сунуштама**

Төмөндөгүлөр боюнча чаралар көрүлсүн:

- 928,7 млн. сом наркындагы 2 программа боюнча натыйжалуулуктун сапаттык жана сандык индикаторлоруна жетпегендиги үчүн, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматтагы адамдарынын жоопкерчилигин кароо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №436 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулугун баалоо тартибинин" 50-пунктунун ченемдерин аткаруу;

- программалык бюджеттин индикаторлорунун жана каржылоо көлөмүнүн өз ара байланышын камсыз кылуу.

## Мамлекеттик карыз боюнча

***31.12.2023-жылга карата мамлекеттик карыздын абалы***

| **Көрсөткүчтөр** | **Негизги сумма** | | | | **Четтөө 2023-2022 -жж.** | | **Салыштырма салмак, %** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **млн. АКШ долларында** | | **млн сомдо** | | | | **ИДП** | | **мамлекеттик карызга карата, %** | |
| | **2022 г.** | **2023г.** | **2022 г** | **2023** | **Млн. долл.** | **Млн. сом** | **2022** | **2023** | **2022** | **2023** |
| **Мамлекеттик карыз** | **5581,5** | **6 280,5** | **478225,6** | **559 503,6** | **699,0** | **81278,0** | **52,0** | **45,5** | **100,0** | **100** |
| Мамлекеттик тышкы карыз | 4482,9 | 4 652,7 | 384093,2 | 414 490,2 | 169,8 | 30397,0 | 41,8 | 33,7 | **80,3** | 74,1 |
| Мамлекеттик ички карыз | 1098,6 | 1 627,8 | 94132,4 | 145 013,4 | 529,2 | 50881,0 | 10,2 | 11,8 | 19,7 | 25,9 |

31.12.2023-жылдагы абал боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын көлөмү (тышкы+ички) өткөн жылга салыштырмалуу 699,0 млн. АКШ долларына көбөйгөн жана 6 280,5 млн. АКШ долларын (559 503,58 млн. сом – ИДПга карата 45,5 %) түзгөн.

Тышкы карыздын ИДПга карата үлүшү 33,7 %ды (4652,73 млн. АКШ доллары же 414490,20 млн. сом), ички карыз ИДПга карата 11,8 %ды түздү. Мамлекеттик карызга карата тышкы карыздын салыштырма салмагы өткөн 2022-жылга салыштырмалуу 6,2 %га азаюу менен 74,1 %ды түзгөн, жана тескерисинче, мамлекеттик карызга карата ички карыздын деңгээли 2022-жылга салыштырмалуу 6,2 %га көбөйгөн жана 25,7 %ды түзгөн (1 627,80 млн. АКШ доллары же 145 013,37 млн. сом).

Мамлекеттик карыздын көбөйүшү негизинен, мамлекеттик карыздын көбөйүүсү 75,7 %ды түзгөн, ички карыздын 529,2 млн. АКШ долларга өсүүнүн эсебинен болгон, сом түрүндө тышкы карыздын өсүүсү - 30397,0 млн. сомду, ички карыз – 50881,0 млн. сомду түзгөн.

Тышкы карыздын түзүмүндө карыздын бир кыйла деңгээли, эл аралык финансылык институттар алдындагы көп кырдуу жеңилдетилген зайымдарга туура келет – 53,6 % (2495,8 млн. АКШ доллары, 222 340,8 млн. сом), негизинен Кыргыз Республикасынын кредитору болуп, Кытайдын Экспорттук-Импорттук Банкы эсептелет, анын алдындагы карыз 1708,2 млн. АКШ долларын же 152 172,48 млн. сомду түзгөн, бул болсо, мамлекеттик тышкы карыздын 36,7 %ын түзөт.

2023-жыл ичинде мамлекеттик карыздын аткаруу балансына ылайык, 01.01.2024-жылга карата ички карыздын түзүмүнө төмөндөгүлөр кирет:

- жана башка ички кредитордук карыз – 92,4 млн. сом;
- акциялардан сырткары мамлекеттик баалуу кагаздар (МБК) – 144349,4 млн. сом;
- ички милдеттенмелер – 663,9 млн. сом.

***2023-жылы мамлекеттик карызды тейлөө***

***(млн. сомдо)***

| № | Көрсөткүчтөр | Негизги сумма | Пайыздар | Жана башка-лар | Бард-ыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Мамлекеттик карыздын БАРДЫГЫ, анын ичинен:** | **39 173,0** | **13 842,6** | **59,4** | **53 075,0** |
| 1 | Мамлекеттик тышкы карыз | 25 227,3 | 6 278,9 | 59,4 | 31 565,6 |
| 2 | Мамлекеттик ички карыз | 13 945,7 | 7 563,7 | - | 21 509,4 |

Мамлекеттик карызды тейлөөгө, такталган 53 411,3 млн. сом алдында республикалык бюджеттен 53 075,0 млн. сом багытталган, анын ичинен: тышкы карыз - 31 565,6 млн. сом, ички карыз - 21 509,4 млн. сом. Каралаган милдеттенмелер 336,3 млн. сомго жеткире аткарылган эмес.

Тышкы карызды тейлөө боюнча бир кыйла чыгымдар, эл аралык финансы институттарынын алдындагы карыздарды төлөөгө туура келген – 17590,0 млн. сом (тышкы карызды тейлөөдөн 55,7 %), Кытайдын Экспорттук-Импорттук Банкына 11200,3 млн. сом (тышкы карызды тейлөөдөн 35 %) төлөнгөн.

**Аныкталды /Корутунду**

Мамлекеттик тышкы карызды тейлөө графигине ылайык, Кувейттин Араб экономикалык өнүгүү фондуна (мындан ары – КАЭӨФ) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 15.11.2022-жылы 438 030,74 АКШ доллары суммасында (төлөм датасындагы курс боюнча 134 869,519 кувейт динарынын эквиваленти) кезектеги төлөм жүргүзүлгөн, ал 10.01.2023-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын эсебине кайтарылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан КАЭӨФ менен 2023-жылдын 12-13-январындагы бир нече жолу электрондук кат алышуу боюнча алынган, 17.01.2023-жылы Bank of America банкындагы КАЭӨФтин жаңы такталган банктык эсебине 441 182,07 АКШ долларындагы (төлөм датасындагы курс боюнча 134 869,519 кувейт динарынын эквиваленти) кайрадан төлөм жүргүзүлгөн. Реквизиттерди өзгөртүү тууралуу кызматтык кат мамлекеттик карызды тейлөө бөлүмүнүн башчысы С. Байдалиев жана башкы адис Р. Султанкулова тарабынан даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан КАЭӨФге 2023-жылдын 17-январындагы жогоруда көрсөтүлгөн 441 182,07 АКШ долларындагы (төлөм датасындагы курс боюнча 134 869,519 кувейт динарынын эквиваленти) төлөм боюнча каражаттарын алгандыгын тастыктоо жөнүндө бир канча жолу суроо-талап жөнөтүлгөн жана 04.04.2023-жылы ошол эле электрондук даректен КАЭӨФ жогоруда көрсөтүлгөн каражаттарды алгандыгы жөнүндө билдирүү алынган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине КАЭӨФдин кыргыз тараптан кредитти төлөө боюнча каражаттарды алуудагы кечигүүсү жөнүндө 17.04.2023-жылдагы жөнөтүлгөн каты Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дарегине жөнөтүлгөн, мындан сырткары, КАЭӨФден 134 869,519 кувейт динарында 15.11.2022-жылга каралган төлөмдү төлөө зарылдыгы жөнүндө 09.05.2023-жылы факсимилдик билдирүү келип түшкөн.

Ошентип, 17.01.2023-жылы КАЭӨФге жүргүзүлгөн 441 182,07 АКШ доллары өлчөмүндөгү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин төлөмүн адресат алган эмес, б.а. 15.11.2022-жылга каралган кезектеги төлөм ушул кезге чейин алынган эмес, же мамлекеттик карыз боюнча 441 182,07 АКШ доллары суммасындагы мөөнөтү өткөн карыз бар.

КАЭӨФ менен салыштыруу жыйынтыктары, кат алышуулар менен тастыкталган 441 182,07 АКШ доллары суммасындагы төлөмдү албай калуу менен, көрсөтүлгөн сумма “аныкталбаган суммалар” бөлүмүнө киргизилбестен, тышкы карызды тейлөөгө топтолгон, ошону менен бирге, мамлекеттик карыздын бул суммадагы мөөнөтү өткөн карызын жашырууга жол берилген. Көрсөтүлгөндөргө ылайык, мамлекеттик карызды тейлөө суммасы азайтылышы жана 31.12.2023-жылдагы абал боюнча мамлекеттик карыздын көлөмү көбөйтүлүшү керек.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде мамлекеттик тышкы карызды тейлөө боюнча төлөмдөргө мониторинг жүргүзүү, түзүү эрежелерин жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кызматкерлеринин иш-аракеттеринин тиешелүү жол-жоболорун жана алгоритмдерин камтыган ички документ жоктугун, белгилей кетүү керек.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

1. Төмөндөгүлөр боюнча чаралар көрүлсүн:

- Bank of America банкындагы КАЭӨФдин эсебине 441 182,07 АКШ долларындагы (төлөм датасындагы курс боюнча 134 869,519 кувейт динарынын эквиваленти) төлөм суммасын кайтарууну камсыздоо боюнча;

- 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча Борбордук казыналыктын отчетуна “аныкталбаган суммалар” бөлүмүнө 441 182,07 АКШ долларын киргизүү менен, мамлекеттик карызды тейлөө суммасын 441 182,07 АКШ долларына азайтуу жана 31.12.2023-жылдагы абал боюнча мамлекеттик карыздын көлөмүн көбөйтүү бөлүгүнө оңдоолорду киргизүү боюнча.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде мамлекеттик тышкы карызды тейлөө боюнча төлөмдөргө мониторинг жүргүзүү, түзүү эрежелерин жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кызматкерлеринин иш-аракеттеринин тиешелүү жол-жоболорун жана алгоритмдерин камтыган ички документ иштелип чыгылсын жана бекитилсин.

**Аныкталды /Корутунду**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чечимди кабыл алуу үчүн акт түзүү менен, Мамлекеттик карыз башкармалыгында эсептелген дебитордук жана кредитордук карыздарды инвентаризациялоо жүргүзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бир нече жолку сунушуна карабастан, Мамлекеттик карыз башкармалыгы тарабынан 664,0 млн. сом суммасында кредитордук карыздын *(“Кредитопдук карыздар боюнча маалыматтар” 1-формага карата 6-тиркеме жана “Жана башка милдеттенмелер” 12-тиркеме),* 92,4 млн. сом *(“Жана башка дебитордук карыз” 1-формага карата 9-тиркеме)* дебитордук карыздын эсептелиши улантылууда.

Көрсөтүлгөн суммалар ушул кезге чейин тиешелүү тастыктоочу документтер менен тастыкталган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобого ылайык, доонун эскирүү мөөнөтүнүн бүткөндүгүнө байланыштуу, дебитордук жана кредитордук карыздарга карата иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Айрым донорлор менен түзүлгөн кредиттик макулдашуулардын финансылык шарттары менен, мамлекеттик бюджеттин кошумча чыгымдары болуп эсептелген жана айып пул санкцияларын көрсөткөн, өздөштүрүлбөгөн кредиттик каражаттардын калдыктарына комиссиялардын өзгөчө төлөмдөрү каралган.

Резервдөө (өздөштүрбөө) үчүн пайыздар түрүндө мамлекеттик бюджеттен төлөнгөн кошумча каражаттардын жалпы суммасы 31.12.2023-жылдагы абал боюнча 59,3 млн.сомду түзгөн, анын ичинен, Кытайдын

Эксимбанкынын кредити боюнча - 4,5 млн.сом, ЕРӨБ - 35,4 млн.сом, АБИИ - 7,0 млн.сом, ЕАБР - 3,4 млн.сом.

Төмөндөгү кредиттик долбоорлор боюнча абдан олуттуу суммалар төлөнгөн;

- ЕРӨБ: "Лебединовка ГЭСин реконструкциялоо" - 2,8 млн.сом, "Каракол шаарындагы суу менен жабдуу тутумун реабилитациялоо" - 2,6 млн.сом, “Жалал-Абад шаарындагы суу менен жабдуу тутумун жана канализацияны реабилитациялоо" - 0,8 млн.сом, “Ноокат шаарындагы суу менен жабдуу тутумун жана канализацияны реабилитациялоо " - 2,1 млн.сом;

- ЕАБР: “Бишкек-Ош автомобиль жолун реконструкциялоо, 4-фаза" – 3,2 млн.сом, “Жашыл шаар – 2, Терезе – 2” чектүү программаларынын Бишкек автобустары” - 13,8 млн.сом, "Бишкек шаарындагы катуу таштандыларды башкаруу тутумун жакшыртуу” – 2,3 млн.сом, “Бишкек-Ош автомобиль жолун реконструкциялоо, 4-фаза" – 3,4 млн.сом;

- АБИИ: "Жеке финансылык секторду шашылыш колдоо” - 7,0 млн.сом;

- Кытай Эксимбанкы: "Түндүк-Түштүк альтернативдүү авто жолу (Казарман-Жалал-Абад жана Балыкчы-Арал)" - 14,3 млн.сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Алынган кредиттик каражаттарды өз учурунда жана толук эмес өздөштүрбөөгө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

Резервдөө үчүн комиссияларды төлөө шарттары жок эл аралык кредиттик макулдашууларды түзүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн.

***Мамлекеттик ички карызды администрлөө***

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, бюджеттин ресурстук бөлүгүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын (МБК) жайгаштыруудан 16000,0 млн. сом көлөмүндөгү каражаттардын келип түшүүсүн камсыз кылуу пландалган.

МКВ, МКО жана КОну чыгаруудан келип түшүүлөр 39 294,3 млн. сомго чейин, же бекитилгенден 23 294,3 млн. сомго көбөйүү менен такталган.

МБК чыгаруудан факты жүзүндөгү келип түшүүлөр 38 046,1 миң сомду түздү, же такталган параметрлер 1 248,2 млн. сомго толук жеткире аткарылган эмес, анын ичинде МКВ чыгаруудан - 970,2 млн. сом, МКО чыгаруудан 308,0 млн. сом жеткире түшкөн эмес.

Баалуу кагаздарды иш жүзүндө чыгаруу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 54 640,9 млн. сомго (КМны эске албаганда 1864,3 млн. сом) жүргүзүлгөн, мында чыгарылган МБК дисконту (МБК номиналы менен келип түшкөн каражаттардын наркынын ортосундагы айырма) 16 594,8 млн. сомду түзгөн, анын ичинде: МКВ – 30,8 млн. сом, МКО

– 16 564,0 млн. сом, бул жалпысынан алганда баалуу кагаздарды чыгаруудан 30,3 %ды түзөт.

Мындан тышкары, МБК орточо бааланган кирешеси аудит жүргүзүлгөн мезгилде МБК түрү боюнча 11,86 %дан 16,39 %га чейин өзгөргөн, мында киреше төмөндөгүдөй болгон: 12 айлык МКВда –11,86 %, 2 жылдык МКО – 15,26 %, 3 жылдык МКО – 16,39 %, 5 жылдык МКО – 15,26 %, 7 жылдык МКО – 16,22 %, 10 жылдык МКО – 15,28 %. 15 жылдык МКО жана 20 жылдык МКО купондук коюмдары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 13 % өлчөмүндө белгиленген.

2023-жылы чыгарылган МБКнын негизги кармоочулары болуп Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы - 21 855,6 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Мамлекеттик пенсиялык топтомо фонду - 14 544,2 млн. сом, “РСК Банк” ААКсы - 6 364,1 млн. сом, “Айыл Банк” ААКсы - 6054,0 млн. сом жана башка коммерциялык банктар жана финансылык институттар эсептелет.

Атап айтканда, аудит жүргүзүлгөн мезгилде төмөндөгүлөр МБКны сатып алышкан:

- “РСК Банк” ААКсы номиналдык наркы 6364,1 млн. сом, ал үчүн бюджетке 4282,2 млн. сом которулган, же дисконт - 2081,9 млн. сомду түзгөн;

- “Айыл Банк” ААКсы номиналдык наркы 27909,6 млн. сом, ал үчүн бюджетке 21052,0 млн. сом которулган, же дисконт - 6857,6 млн. сом. Ошол эле учурда белгиленгендей, “Айыл Банк” ААКсы аркылуу 15.05.2023-жылдагы баалуу кагаздар рыногунда тейлөөгө түзүлгөн келишимдин алкагында, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын соода тутумуна катышууга жетүү мүмкүнчүлүгүн болбогондуктан, жалпы суммасы 16 300,0 млн. сом, төлөө наркы - 21 855,6 млн. сом, же 5555,6 млн. сом дисконту менен мамлекеттик кагаздарды сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Мамлекеттик пенсиялык топтомо фонду аркылуу 14544,2 млн. сом, алардан келип түшкөн түшүүлөр - 9251,1 млн. сомду, дисконту 5293,1 млн. сомду түзгөн.

2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын тескөө стратегиясы аркылуу ички карыздарга карата каралгандай, *“сунушталган мамлекеттик баалуу кагаздардын мөөнөттүү түзүмү көбүрөөк өлчөмдө чыгымдарды минималдаштыруу натыйжасынан улам аныкталат...”,* бирок 2023-жылы МБКны башкаруу боюнча түзүлгөн иштердин абалы аларды чыгаруу сыяктуу эле өтө чыгашалуу экендигин көрсөттү: сатуудагы баанын төмөндүгү (номиналдан 69,7 % гана келип түшкөн), ошондой эле төлөп жаткандагы баанын төмөндүгү (МБК алардын номиналы боюнча төлөнөт).

Ошентип, 2023-жылы 16 594,8 млн. сом көлөмүндө чыгарылган МБК дисконту ар жылдык купондук коюмду эске албаганда, келечекте бюджетке кошумча жүк болот.

Натыйжада, 54 640,9 млн. сомго МБКны чыгарууда, ал үчүн 38 046,1 млн. сом алынган, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан болгону 62 204,6 млн. сом төлөнгөн, анын ичинен дисконт - 16 594,8 млн. сом.

<u>КРФМ МКБнын комментарийи:</u>

*“ ...16 594,8 млн. сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн дисконттун суммасы, же чыгарылган МБКнын номиналдык наркынан 30,3 %ы мамлекет тарабынан баалуу кагаздарды жүгүртүү түрүнө жана мөөнөтүнө жараша көбүнчө (83 %дан ашуун) 5-20 жыл ичинде акырындык менен төлөнүп берилет.*

*... Инфляциянын деңгээлин эске алуу менен, МБКнын төлөнүүчү суммасынын наркы 5-20 жылдан кийин МБКнын кезектеги наркынан төмөн болот. Экономикалык теория боюнча кезектеги акчанын наркы келечектеги акчанын наркынан ар дайым жогору турат”.*

**Аныкталды/Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө 2023-жылдын 12 айы үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун балансына карата “Баалуу кагаздар, акциялардан тышкары (милдеттенмелер)” 1-формасына берилген 10-тиркеменин ишенимсиздиги аныкталды.

Алсак, көрсөтүлгөн отчетко капиталдык салым обьектилерин куруучулар алдында бюджеттин карызын төлөө үчүн 10 000,0 млн. сомго чыгарылган МБК көлөмү киргизилген эмес, ошондой эле 8321476750 сом көлөмүндөгү курстук айырмачылык туура эмес көрсөтүлгөн.

Мисалга, отчеттуулуктун көрсөтүлгөн формасындагы “чыгарылган баалуу кагаздар” (узак мөөнөттүү) графасында “64380234,1” суммасын көрсөтүүнүн ордуна, “56244580,3” суммасы көрсөтүлгөн, “курстук айырмачылык” графасында “185822,9”суммасынын ордуна “8321476,7” суммасы көрсөтүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун балансына карата “Баалуу кагаздар, акциялардан тышкары (милдеттенмелер)” 1-формасына берилген 10-тиркемеге тийиштүү түзөтүүлөр киргизилген жана “чыгарылган баалуу кагаздар” (узак мөөнөттүү) графасында – “64380234,1”, “курстук айырмачылыкта” – “185822,9” көрсөтүлүп, же түзөтүү суммасы – “8135653,8” түзгөн.

Көрсөтүлгөндөр КРФМ жетекчилиги тарабынан ички карызды администрлөөгө ички контролдун жоктугун күбөлөндүрөт.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

2023-жыл үчүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бекитилген отчетуна өзгөртүүлөрдү киргизүүгө алып келген тийиштүү эмес жана туура эмес отчеттук маалыматтарга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Мамлекеттик ички карызды администрлөөдө контролду жана мониторингди күчтөндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

## ***Казыналык милдеттенмелерди (КМ) чыгаруу жөнүндө***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 616 "Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө жана курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.04.2023-жылдагы № 177-т тескемесине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 23.05.2023-жылдагы № 69-Б, 14.06.2023-жылдагы № 77-Б, 16.06.2023-жылдагы № 79-Б, 12.07.2023-жылдагы № 90-Б, 18.10.2023-жылдагы № 124-Б жана 23.12.2023-жылдагы № 149-Б буйруктарына ылайык, төмөнкү позициядагы казыналык милдеттенмелердин чыгарылышы жүзөгө ашырылган.

(миң сом)

| | **Сериясы** | **Катар саны** | **Чыгаруу суммасы** | **РСК Банк** | **Айыл Банк** | **Калдыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| КО | «2» | 45 | 2 363 632,9 | 1 183 112,4 | 1 180 632,9 | |
| КО | «3» | 32 | 1 928 237,5 | 1 216 773,4 | 711 464,2 | |
| КО | «4» | 3 | 2 180 635,4 | 620 635,4 | 1 560 000,0 | |
| КО | «5» | 21 | 1 707 230,5 | 1 044 293,4 | 662 937,0 | |
| КО | «6» | 1 | 200 000,0 | | | 200 000,0 |
| КО | «7» | 15 | 1 620 263,7 | | | 1620 263,7 |
| | **Бардыгы** | **117** | **10 000 000,0** | **4 064 814,6** | **4 114 921,7** | **1 820 263,7** |

Ошентип, 10,0 млрд. сомго мамлекеттик органдардын карыздарын төлөө жана курулуш объекттерин каржылоо үчүн жүгүртүү мөөнөтү 3 жыл, купондук коюуму 13 %дык Казыналык милдеттенмелер чыгарылган, алар "РСК Банк" ААКсы тарабынан 4064,8 млн. сомго, "Айыл Банк" ААКсы тарабынан 4114,9 млн. сомго сатылып алынган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.10.2023-жылдагы № 660-т жана 01.11.2023-жылдагы № 667-т тескемелерине ылайык, акча каражаттарын которуу жолу менен 8 179,7 млн. сомго "2", "3", "4", "5" сериясындагы КМларга мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн, анын булагы катары чыгарылган МКО саналат. Казыналыктын отчетуна ылайык, Казыналык милдеттенмелерди факты жүзүндө төлөө 8 223,8 млн. сомго жүргүзүлгөн.

## **Бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды администрлөөнүн абалы**

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча республиканын чарба жүргүзүүчү субъекттеринин бюджеттик кредиттер боюнча карызы, өткөн жылдагы деңгээлге салыштырмалуу 14 532,2 млн. сомго же 108,5 %га өсүү

менен 184 046,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: мөөнөтү өткөн карыз - 676,4 млн. сомго кыскаруу менен 4370,4 млн. сом.

Бюджеттик кредиттерди кайтаруу боюнча 2023-жылдын болжолдоо планын аткаруу 15 168 757,5 миң сомго, же такталгандан 305,7 млн. сомго ашыруу менен 102 %га аткарылган.

Планды аткаруунун өзгөчөлүгү, бюджеттик кредиттерди жалпы төлөнүшүнөн 73,8 %, уставдык капиталды көбөйтүүгө 11 191 173,8 миң сом көлөмүндө бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен чарба жүргүзүүчү субъекттердин карыздарын төлөө болуп эсептелет:

- энергетикалык компаниялар – 10 795 299,3 миң сом;

- “Кыргыз почтасы” ААКсы - 395 874,5 млн. сом.

Мындан сырткары, КР АЧМге караштуу Суу ресурстары кызматынын карыздарын төлөө үчүн республикалык бюджеттен 338 731,2 млн. сом бөлүнгөн.

Өткөн жылдагы деңгээлге салыштырмалуу, өсүү динамикасы белгиленген:

- банк жана банк иштеринин карызы - 3 183,0 млн. сом жана муниципалдык органдардыкы - 1 567,2 млн. сом;

- курулуш комплексинин субъекттеринин мөөнөтү өткөн карыздары - 23,9 млн. сом, саламаттык сактоо - 74,7 млн. сом, муниципалдык органдар;

- - 34,8 млн. сом, суу чарбасы - 68,1 млн. сом.

Белгилей кетчү нерсе, мурунку карызды төлөө булагы катары карызкорлор тарабынан пайдаланылган уставдык капиталды көбөйтүү тартибинде республикалык бюджеттен 11 191 173,8 миң сом багытталган.

Б.а. жеке каражаттарынын эсебинен карыздарды төлөө боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыктан, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн эсебинен мурунку карыздарды төлөөгө жол берилген. Факты жүзүндө бюджеттик каражаттардын эсебинен узак мөөнөттү карызды төлөө жүргүзүлгөн.

Жазылгандар жаңы бюджеттик кредиттерди берүүгө мүмкүнчүлүк берген, ал болсо, бюджеттик кредиттер боюнча карыздын жалпы абалын өзгөрткөн эмес.

Негизги карыздагы бир кыйла салыштырма салмакты энергетикалык комплекстин субъекттери ээлейт - 161 963,9 млн.сом же 88,0 %, банк жана банк иштери - 9 378,2 млн. сом же 5,1 %, муниципалдык органдар - 4 499,5 млн.сом же 2,4 %, агро өнөр жай комплекси - 2 718,5 млн. сом же 1,5 %, транспорт жана байланыш - 1 632,4 млн.сом же 0,9 %.

Мөөнөтү өткөн карыздагы бир кыйла бөлүк агро өнөр жай комплексинин субъекттерине туура келет -1 901,7 млн.сом (32 %), транспорт жана байланыш - 1 096,1 млн.сом (25 %), энергетикалык комплекс – 238,5 млн. сом (5 %), курулуш комплекси – 432,3 млн. сом (10 %), саламаттык сактоо - 511,1 млн. сом (12 %), муниципалдык органдар – 113,1 млн. сом (3 %).

Агро өнөр жай комплекси түзүмүндө, күрөөлүк камсыздоосу жана кредиттөөнүн так механизми жок туруп, 1992-1997-жылдары берилген

кредиттер боюнча пайда болгон мөөнөтү өткөн карыздар бар: Айыл чарба министрлиги (МСВХ жана ПП – 718,0 млн. сом), "Ош-Кыргызагрохимия" АКсы (109,6 млн. сом) жана Зооветжабдуу (Жалал-Абад Зооветжабдуу – 16,7 млн. сом ж.б.у.с.).

"Транспорт жана байланыш" тармагында жалпы мөөнөтү өткөн карыздан алардын мөөнөтү өткөн карызы көпчүлүк бөлүктү ээлеген көйгөйлүү субъекттер бар (Транспорт жана коммуникациялар министрлиги – 541,6 млн. сом, "Кыргызтелеком АКсы - 184,9 млн. сом, "Ош ПАТП-1" АКсы - 186,2 млн. сом, "Автомобилист ААКсы - 83,4 млн. сом).

Бюджеттик кредиттердин мөөнөтү өткөн карыздарынын абдан көп үлүшү 1992-2000-жылдар аралыгында (Фонд түзүлгөнгө чейин) 4 088,2 млн. сомго берилген кредиттерге туура келет, анын ичинен мөөнөтү өткөн карыз 2 763,7 млн. сом же 63 %. Мөөнөтү өткөн карызга жол берүүнүн негизи болуп, аларды тариздөөдө бюджеттик кредиттерди кайтаруу кепилдигинин шарттарынын жоктугу эсептелет.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фондуна:**

Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, кайтарымсыз карыздар боюнча карызды жөнгө салуу жана мөөнөтү өткөн карызды төлөө улантылсын.

Жыл сайын төлөө графигине ылайык шаардын мэриялары жана муниципалдык ишканалар тарабынан алынган бюджеттик кредиттерди төлөө үчүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте жергиликтүү бюджеттерге каражаттар каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 2-пунктуна ылайык, бюджеттик насыялар зайымчыга келишимде каралган насыяны жана пайыздарды кайтарып берүү боюнча, мурда берилген насыялар боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздар болбогондо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген бюджетке салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча өз милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылган шартта берилиши мүмкүн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 19.07.2023-жылдагы №429-т тескемеси боюнча республикалык бюджеттен "Бишкек штамптоочу заводуна" (БШЗ) курамында 355,7 млн. сом салык карызын камтыган кредитордук карызды төлөө жана мамлекеттик ишкананын жайларында оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн, республикалык бюджеттен 476,8 млн. сом бюджеттик кредит бөлүнгөн.

Бюджеттик кредитти алуу үчүн берилген бизнес план, негизги өндүрүш жабдууларын модернизациялоо жана технологияларды жакшыртуу, өндүрүш кубаттуулугунун күчүн көбөйтүү жана өндүрүш көлөмүн күчөтүү, чыгарылган продукциялардын сапатын жакшыртуу, жумуш орундарын түзүү

сыяктуу артыкчылыктуу маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн эмес, ал болгону “БШЗ” МИнин салыктык жана башка карыздарын төлөө үчүн гана түзүлгөн.

Берилген отчеттук маалыматтарга ылайык, бюджеттик кредитти алуу үчүн, “БШЗ” МИнин өндүрүш көрсөткүчтөрүнүн көлөмү бюджеттик каражаттарды ишенимдүү кайтаруу боюнча келечекте жетиштүү болуп эсептелбейт.

2024-жылдын 1-январындагы абал боюнча 476,8 млн. сом алынган бюджеттик кредиттин ичинен 24,4 млн. сом суммасында карыз салыгын төлөө үчүн пландан ашык пайдаланылган. Бул болсо, “БШЗ” МИнин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин жаңылыштырууга алып келгендигин жана бюджеттик кредитти бөлүү үчүн тастыктоочу документтерди негизсиз даярдагандыгын көрсөтөт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 19.07.2023-жылдагы №429-т тескемесинин негизинде, салык, камсыздандыруу төгүмдөрү жана электр энергиясы боюнча кредиттик карыздарды төлөө үчүн “Бишкек штамптоочу заводу” МИге республикалык бюджеттен 476,8 млн. сом бөлүнгөн.

Башкача айтканда, бюджеттик кредит, экономиканын тармактарын колдоо жана өнүктүрүү менен туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу, инфра түзүмдөрдү, калктын жашоо тиричилигинин коммуналдык тутумун жакшыртуу жана өлкөнүн улуттук коопсуздугун камсыз кылуу максатында эмес, факты жүзүндө “Бишкек штамптоочу заводу” МИнин салыктык жана камсыздандыруу карыздарын төлөө максатында бөлүнгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фондуна:**

Карыз алуучулар тарабынан бюджеттик кредиттердин максаттуу пайдаланылышына талдоо жана мониторинг өз учурунда жана сапаттуу жүргүзүлсүн, ошондой эле бөлүнгөн бюджеттик каражаттар боюнча бюджеттик кредиттин максаттуу пайдаланылышына отчетту түзүүдө туура гана маалыматтар көрсөтүлсүн.

“Күрөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына жана тартибине ылайык, Кредитор Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фонду менен Күрөө жөнүндө келишим түзүү үчүн тиешелүү документтерди даярдашы жана Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууну камсыздоодо Күрөө жөнүндө келишимди нотариалдык жактан камсыздап, күрөөнү берүү жана аны Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик каттоо органдарында катталсын.

Камсыздалсын:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ченемдерин жана талаптарын так сактоо;

- Салыктарды жана бюджетке башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча карыздары бар субъекттерге бюджеттик кредиттерди негизсиз берүүнү токтотуу.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин "Тамга" аскер-көмөкчү чарбасы (мындан ары – КР КМ "Тамга" АКЧ) тарабынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-майындагы №253-т тескемесине ылайык, ири мүйүздүү малды көбөйтүүгө, айыл чарба техникаларын сатып алууга, бак өстүрүүчүлүктү өнүктүрүүгө, ошондой эле жер-жемишти жана жашылчаларды сатып алууга 25,3 млн. сом суммасында берилген бюджеттик кредитти максатсыз пайдаланууга жол берилген.

Аудит тарабынан мурда пайда болгон кредитордук карызды төлөөгө, банктын комиссиялык чыгымдарын жана мурда алынган кредиттин пайыздарын төлөөгө 2,2 млн. сом пайдаланылгандыгы аныкталган. Кредиттин пайдаланылбаган калдыгы 23,1 млн. сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2023-жылдагы №253-т тескемесине ылайык, аны максаттуу багыттарга жеткирүү максатында, кредиттик каражаттарды максаттуу пайдалануу жана өз учурунда өздөштүрүүгө жана максаттуу пайдаланууга талаптагыдай контролдоо камсыздалсын.

Бюджеттик кредит боюнча эсептелген пайыздарды төлөө үчүн максатсыз пайдаланууга жол берген Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин «Тамга» Аскердик көмөкчү чарбасынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин «Тамга» Аскердик көмөкчү чарбасына бөлүнгөн пайдаланылышы жөнүндө отчетту өз убагында тариздөө жана максаттуу багыты боюнча кредиттик каражаттардын пайдаланылышына мониторинг жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

"Солнышко" МИ негизги фонддорду сатып алуу жана капиталдык оңдоо иштери боюнча 101,1 млн.сом бюджеттик кредитти алууда, Солнышко" МИнин бюджеттик кредиттерди максаттуу пайдалануу боюнча отчету 73,4 млн. сомго чыгымдоо менен берилген, ал жерде, курулуш-куроо иштерин жүргүзүү жергиликтүү сметалар жана аткарылган иштердин актылары менен тастыкталган эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фондуна:**

Карыз алуучунун бюджеттик кредиттерди максаттуу пайдалануу боюнча отчету, керектүү документтер менен милдеттүү түрдө тастыкталсын.

**Аныкталды**

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 23.02.2023-жылдагы №78-т тескемесинин негизинде, “Чакан ГЭС” ААКсына “Орто-Токой” кичи гидроэлектр станциясынын курулушунун долбоорунун наркынан 30 % өлчөмүндө 350,0 млн. сом суммасында бюджеттик кредит бөлүнгөн.

21МВт кубаттуулуктагы Орто-Токой суу сактагычына кичи гидроэлектро станцияны куруу үчүн, техникалык-экономикалык негиздеме жана долбоорлоо-сметалык документтер мөөнөтүн бир жылга бузуу менен аудиттин Күрөөлүк камсыздоо катары “Бюджеттик кредиттин каражаттарынын эсебинен Орто-Токой суу сактагычына кичи гидроэлектро станцияны куруу долбоорунун алкагында сатылып алынган курулмалар, жабдуулар жана башка мүлк” кабыл алынган.

.

“Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан (2023-жылдын 8-августундагы алмаштыруу) 1 744,0 миң сом өлчөмүндө үнөмдөлгөн бюджеттик каражаттардын өз убагында кайтарылбаганыдыгы белгиленген.

Подрядчы «China Nafional Heavy Machinery Corporation» (CHMC) тарабынан туннель салынуучу жана даярдоо иштери боюнча курулуш графигинен артта калууга, контракттык макулдашуу күчүнө кирген датанын тастыкталбагандыгына, Заказчы “Чакан ГЭС” ААКсы менен иштелип чыккан жана макулдашылган программалардын берилбегендигине жол берилген.

**Корутунду**

Подрядчы “China Nafional Heavy Machinery Corporation” (CHMC) жана Заказчы “Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан Контракттын айрым шарттары сакталбагандыктан жана аткарылбагандыктан, аудит күнүндө Орто-Токой суу сактагычына кичи гидроэлектро станцияны куруу долбоору боюнча курулуш иштери башталган эмес, Контракттын түзүлгөн күнүнөн 1 жыл үч ай өткөнүнө карабастан.

Заказчы тарабынан Подрядчынын эсебине чегерилген 348,2 млн. сом, 2023-жылдын 8-августунан тартып ушул кезген чейин тартылган каражаттар катары таанылган.

“Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан (2023-жылдын 8-августундагы алмаштыруу) 1 744,0 миң сом өлчөмүндө үнөмдөлгөн бюджеттик каражаттардын өз убагында кайтарылбаганыдыгына жол берилген.

Подрядчы “China Nafional Heavy Machinery Corporation” (CHMC) тарабынан туннель салынуучу жана даярдоо иштери боюнча курулуш графигинен артта калууга, контракттык макулдашуу күчүнө кирген датанын тастыкталбагандыгына, Заказчы “Чакан ГЭС” ААКсы менен иштелип чыккан жана макулдашылган программалардын берилбегендигине жол берилген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фондуна:**

“Күрөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына жана тартибине ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине

караштуу Финансы-кредиттик фонду, Кредитор менен Күрөө жөнүндө келишим түзүү үчүн тийиштүү документтерди даярдоо жана Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо иретинде күрөө жөнүндө келишимди нотариалдык тариздөө аркылуу күрөөнү камсыз кылуу жана аны Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик каттоо органдарында каттоодон өткөрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Бюджеттин кирешесине үнөмдөлгөн 1 744,0 миң сом бюджеттик каражаттарды өз учурунда кайтарбаган "Чакан ГЭС" ААКсынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги жөнүндө маселе каралсын.

Заказчы "Чакан ГЭС" ААКсы менен иштелип чыгышы жана макудашышы керек болгон "Программанын" 4.14-пунктуна, "Өзгөчө колдонуу шарттарынын" II бөлүгүнө, контракттын шарттарына ылайык Подрядчыдан талап кылынсын. Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдары менен суу сактагычты жана туннелдерди куруу үчүн кошумча жер аянттарын бөлдүрүү жөнүндө маселени чечүү тездетилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.04.2023-жылдагы № 209-т тескемеси боюнча Баткен областынын аймагында жайгашкан "Северный Сох" жер алдындагы газ сактоочу жайды пайдалануу долбоорун ишке ашыруу боюнча ишти баштоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы "Кыргызтраснефтегаз" МИ тарабынан алынган 5,0 млн. сомдук бюджеттик кредиттин ичинен жеке максаттары үчүн 4,9 млн. сом максатсыз пайдаланылгандыгы аудит тарабынан аныкталган.

Мында, "Кыргызтраснефтегаз" МИнин бюджеттик кредитинин максаттуу пайдалануу отчетунун формасы, 5,3 млн. сом "өздөштүрүлгөн" статусунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Финансылык-кредиттик фонду тарабынан ачык эмес түзүлгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.04.2023-жылдагы № 209-т тескемеси боюнча Баткен областынын аймагында жайгашкан "Северный Сох" жер алдындагы газ сактоочу жайды пайдалануу долбоорун ишке ашыруу боюнча ишти баштоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы "Кыргызтраснефтегаз" МИ тарабынан алынган 5,0 млн. сомдук бюджеттик кредиттин ичинен жеке максаттары үчүн 4,9 млн. сом максатсыз пайдаланууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Электробустарды жана заряддык түзүлүштөрдү сатып алуу үчүн, Жалал-Абад шаарынын жана Нарын шаарынын мэрияларына тиешелүү түрдө 100,0 млн. сом жана 66,0 млн. сом суммасында бөлүнгөн бюджеттик кредиттердин максаттуу пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудитте, сатып алуучу "Оомат-

Нурдос" ЖЧКсы менен кабыл алуу-өткөрүп берүүдө жана бажылык жол-жоболорду жүргүзүүдө берилген документтердин дал келбестиги, тендердик иш-чараларды өткөрүүдө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына туура келбеген фактылар аныкталган, б.а. электробустар менен заряддык түзүлүштөрдү жеткирүүдө МБКдан бир нарк менен бажылык тазалоодон өткөн (бирдей эле контракт, инвойстор), ал эми бул техникаларды Жалал-Абад шаарынын жана Нарын шаарынын мэрияларына башка нарк менен берилген (башка документтер көрсөтүлгөн), контракттык маалыматтар боюнча техникаларды жеткирүү мөөнөттөрү дал келген эмес.

Алсак, Жалал-Абад шаарына жеткирилген 10 электробустун жалпы наркын жогорулатуу тобокелдиги, бажылык наркка салыштырмалуу 68,5 млн. сомду түзгөн, мында, жеткирүү мөөнөтү бузулган, ал жерде айып пул санкциялары 2,3 млн. сомду түзмөк.

Ушундай эле, Нарын шаарына 5 электробусту жана 3 заряддык түзүлүштү жеткирүүдө, алардын наркын жогорулатуу тобокелдиги бар, жеткирүү мөөнөтү бузулган, ал жерде айып пул санкциялары 660,0 миң сомду түзмөк.

Белгилей кетүүчү нерсе, бир ошол эле жабдуучу "Оомат Нурдос" ЖЧКсы тарабынан Жалал-Абад шаарынын жана Нарын шаарынын мэрияларына бир ошол эле "Safe road Import & Export Co.Ltd" Кытай компаниясынан электробустар жана заряддык түзүлүштөр жеткирилген, алардын наркы мүмкүн окшош эмес, электробустар жана заряддык түзүлүштөр олуттуу айырмаланып турат.

## Мамлекеттик инвестициялар программасы

### Мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүлүшү жана аткарылышы

2023-жылга мамлекеттик инвестициялардын бюджетин аткаруу 40565,7 млн.сом суммасында же 98,3 %да берилген, анын ичинен:

- 98,3 %га аткаруу менен 39 596,7 млн. сомго тышкы каржылоо боюнча - 24 555,7 млн. сом жана гранттар - 15 040,9 млн. сом;
- 98,1 %га аткаруу менен 969,1 млн. сомго ички каржылоо боюнча.

Бюджетти колдоо үчүн донор өлкөлөрүнөн жана эл аралык финансылык институттардан факты жүзүндө программалык жардамдан, болжолдоону 98,2%га аткаруу менен 15 040,9 млн. сом келип түшкөн, анын ичинен: кредиттер – 14 818,5 млн. сом (167,4 млн. АКШ долл.).

Бирок, 2023-жылга мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет, "Мамлекеттик инвестициялардын аткарылышынын отчету" аткаруучулар тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу жана бекитүү процессин сактоо менен, ар бир долбоор боюнча бюджеттин чыгымдарынын категориялары

боюнча пландуу жана факты жүзүндөгү чыгымдарды салыштырбастан туруп, Долбоорлордун тизмеси түрүндө толук эмес жана ачык эмес түзүлгөн.

Мындан сырткары, БКЭ тутумунан сырткары коммерциялык банктарда турган мамлекеттик инвестициялардын 24 555,7 млн. сом каражаттары, бюджеттин профицитин жабдуу үчүн финансылык аспаптар катары пайдаланылган.

Резервдөө үчүн комиссия түрүндө 59,4 млн.сом айып пул санкциялары, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн кошумча төлөнгөндүгүнө байланыштуу, алынган инвестициялардын 1 176,3 млн. сомго өздөштүрүлбөгөндүгүнө жол берилген (Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги - 545,6 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги - 173,2 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги – 154,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги - 109,3 млн.сом, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги - 92,2 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Суу ресурстары кызматы - 60,7 млн.сом ж.б.).

Аларга жол берүүнүн себептери аныкталбастан, пландык чыгымдан 515,5 млн. сомго ашыруу менен чыгымдоо аныкталган, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин долбоорлору боюнча – 222,9 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги – 206,3 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги – 69,8 млн. сом ж.б.

Баштапкы бекитилген бюджетти ***3 923,1 млн. сомго*** (41,2 млн. АКШ долл.) азайтуу жагына тактоо белгиленген, негизинен, “Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышына байланыштуу, ЕСтин “Санариптештирүү секторун колдоо” программасы боюнча 290,7 млн. сомго (3,3 млн. АКШ долл.) грант.

Акча каражаттарынын жүгүртүлүшүнө мониторинг жүргүзүү тартибинде коммерциялык банктар менен салыштыруу жүргүзүү боюнча функционалдык милдеттерин аткарбагандыгына байланыштуу, атайын жана пайыздык эсептердеги 6440,8 млн.сом каражаттардын калдыктарынын тастыкталбагандыгына жол берилген.

**Сунуштама**

2023-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко, “Мамлекеттик инвестициялардын аткарылышы” тиркемесине ар бир долбоор боюнча чыгымдар категориялары боюнча пландык жана факты жүзүндөгү суммаларды салыштыруу аркылуу тактоолор киргизилсин.

Төмөндөгүлөргө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын:

- 2023-жылга мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту аткаруучулар тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу жана бекитүү процессин сактоо менен, ар бир долбоор боюнча бюджеттин чыгымдарынын категориялары боюнча пландуу жана факты жүзүндөгү чыгымдарды салыштырбастан туруп, Долбоорлордун тизмеси түрүндө толук эмес жана ачык эмес түзүүгө;

- Акча каражаттарынын жүгүртүлүшүнө мониторинг жүргүзүү тартибинде коммерциялык банктар менен салыштыруу жүргүзүү боюнча функционалдык милдеттерин аткарбагандыгына байланыштуу, атайын жана пайыздык эсептердеги 6440,8 млн. сом каражаттардын калдыктарынын тастыкталбагандыгына;

- пландык чыгымдан 515,5 млн. сомго ашыруу менен чыгымдоого, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин долбоорлору боюнча – 222,9 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги – 206,3 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги – 69,8 млн. сом ж.б.

Бирдиктүү казыналык эсептен сырткары турган 6440,8 млн. сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын калдыктарын чегерүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктун аткаруу мүмкүнчүлүгү каралсын.

## Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган ишке көзкарандысыз аудит жүргүзүүнүн, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн жана сунуштоонун принциптеринин сакталышынын абалы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Дүйнөлүк банк аркылуу каржыланган 22 долбоордун иши боюнча көзкарандысыз аудит жүргүзүүнүн, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн жана сунуштоонун принциптеринин сакталышына карата жүргүзүлгөн аналитикалык обзор аркылуу төмөндөгүдөй тутумдук кемчиликтер аныкталган:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен чыгымдардын 5 категориясы боюнча бекитилип макулдашылган “Бюджеттердин факты жүзүндөгү аткарылышы жөнүндө отчеттун” аткаруучулар тарабынан түзүлбөгөндүгү жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан талап кылынбагандыгы. Жогоруда айтылгандар “Мамлекеттик инвестициялар программасынын аткарылышы жөнүндө отчёттун” чыгымдар категориясы боюнча пландык жана факты жүзүндөгү суммаларды салыштыруусуз Долбоорлордун тизмеги бөлүгүндө тиркемесинин ачык жана толук эмес түзүлүшүнө алып келген;

- алгач ирет бекитилген бюджеттин айрым долбоорлору боюнча такталбагандыгына, финансылык отчеттуулук менен “Операциялык

чыгымдар” курамында - Операциялык башкаруу боюнча бекитилген жетекчилик менен “Консультациялык кызмат көрсөтүү” курамында ДИБ - ОРП кызматкерлерин күтүү боюнча чыгымдарды киргизүү бөлүгүндө Финансы министрлиги менен макулдашылган бюджеттер ортосундагы дал келбестиктердин орун алышына байланыштуу 3411, 2 миң АКШ долларына пландан ашыкча чыгымдарга жол берүү;

- “COVID-19 шашылыш долбоорунун”, Саламаттык сактоо министрлигинин объектилеринин оңдоо иштерине 130,5 миң АКШ долл. суммасында төлөнгөн акча каражаттары отчётко жана бюджетке дал келбегендиги;

- 95223,5 миң АКШ доллары алынса, Гранттык каражаттардын эсебинен түзмө-түз төлөмдөрдү ишке ашыруунун операциялык жетекчилигинде белгиленгендиктен, 10890,5 миң АКШ долларына (кумулятивдүү - 34063,1 миң АКШ доллары) кредиттик каражаттардын эсебинен “Борбордук Азия - Түштүк Азия “CASA 1000” электр энергиясын өткөрүп берүү жана сатуу боюнча долбоорду” кошо алганда.

Дүйнөлүк банк аркылуу каржыланган 20 долбоор боюнча аудитордук корутундулар алдын-ала наркы 133,0 миң АКШ доллары турган жеке “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсы тарабынан кыска мөөнөттө, же ар бир долбоорго корутунду 3 күндө жүргүзүлгөн, стандарттуу, эскертүүсүз жана модификациялык пикирсиз даярдалган, анда:

- Чыгымдар категориялары боюнча берилген Долбоорлор боюнча бекитилген бюджет жалпыга ачык эмес маалымат экендиги, тийиштүү түрдө, бюджет факты жүзүндөгү суммалар менен салыштырылган эмес деп туура эмес көрсөтүлгөн деп таанылган. Ошол эле учурда, Дүйнөлүк банктын талабында финансылык башкаруу процессинде биринчи кезекте бюджетти пландаштыруу жана түзүү, бюджетти түзүүнүн, эсепке алуунун жана отчеттуулуктун толук циклин сактоо турат.

- “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсы түзмө-түз каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын алуу жөнүндө табыштамалардын жол-жоболоруна киргизилген чыгымдардын алгылыктуулугуна карата, ошондой эле МАР принциптери боюнча төлөө процедураларына шайкештик жөнүндө айрым аудитордук корутундуларды даярдаган эмес;

- долбоорлорду ишке ашыруу прогрессин, финансыны башкаруу тутумунун ишин баалоо, ошондой эле ички көзөмөл механизмдеринин обзору жок.

Жогоруда жазылгандар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик инвестицияларды рационалдуу финансылык башкаруу, Долбоорлордун бюджетин сапаттуу пландаштыруу жана аткаруунун толук циклин сактоо, Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрүнүн ишенимдүү эсепке алуу жана анык финансы отчеттуулугун берүү, акча каражаттарынын жана төлөмдөрдүн кыймылына, МИ ишке ашыруу прогрессине контроль жана мониторинг жүргүзүү жана индикаторлордун абалына баа берүү, ошондой эле көзкарандысыз жеке

компаниялар тарабынан финансылык отчеттуулуктун натыйжалуу аудитин жүргүзүү камсыздалбагандыгын далилдейт.

**Сунуштама**

Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги күчөтүлсүн:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эл аралык кызматташтык башкармалыгынын мамлекеттик инвестицияларды сарамжалдуу финансылык башкарууда, долбоорлордун бюджетин сапаттуу пландаштыруу жана аткаруунун толук циклин сактоодо, долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрү тарабынан ишенимдүү эсепке алууну жүргүзүү жана ишенимдүү финансылык отчеттуулукту берүүдө, акча каражаттарынын кыймылын жана төлөмдөрдү контролдоо жана мониторинг жүргүзүүдө, МИ ишке ашыруунун жүрүшү жана индикаторлордун абалын баалоодо, ошондой эле көз карандысыз жеке компаниялар тарабынан ДБ Стандарттарына ылайык финансылык отчеттуулукка натыйжалуу аудитти жүзөгө ашырууда;

- пландык, баштапкы бекитилген бюджетти өз убагында тактабагандык үчүн финансылык отчеттуулук менен Финансы министрлиги менен макулдашылган бюджеттердин ортосунда ДИАБ кызматкерлерин күтүү боюнча чыгымдарды киргизүү бөлүгүндө шайкештигине жетишүүдө;

- саламаттык сактоо министрлигинин объекттеринин оңдоо иштерине акча каражаттарын төлөө бөлүгүндө “COVID-19 шашылыш долбоорунун” бюджетинин жана отчеттуулугунун шайкештигине;

- түз төлөмдөрдү жүзөгө ашыруунун алгылыктуулугу 58654,6 миң АКШ долларына 95223,5 миң. АКШ. долларын алган учурда.

Мамлекеттик инвестицияларды рационалдуу финансылык башкаруу, Долбоорлордун бюджетин сапаттуу пландаштыруу жана аткаруунун толук циклин сактоо, Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрүнүн ишенимдүү эсепке алуу жана анык финансы отчеттуулугун берүү, акча каражаттарынын жана төлөмдөрдүн кыймылына, МИ ишке ашыруу прогрессине контроль жана мониторинг жүргүзүү жана индикаторлордун абалына баа берүү, ошондой эле ДБ Стандарттарына ылайык, көзкарандысыз жеке компаниялар тарабынан финансылык отчеттуулуктун эффективдүү аудитин жүргүзүү сапаттуу камсыздалсын.

"Микро, чакан жана орто ишкерликти шашылыш колдоо" (мындан ары - МЧОИШК) жана "Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо" (мындан ары - СБССМ) **тематикалык аудиттеринде** системалык кемчиликтер белгиленген:

- ДИАБду күтүүгө чыгымдарды чагылдыруу бөлүгүндө бекитилген бюджет менен финансылык отчеттуулуктун ортосундагы дал келбестик;

- Айыл чарба чөйрөсүн кредиттөөдөн алып салуудан, көпчүлүк коммерциялык банктарда күрөөсүз шарттардын жоктугунан, төлөөгө жөндөмдүүлүк, финансылык отчеттуулук ж.б. боюнча катуу талаптарды коюудан улам МЧОИШК долбоорунун каражаттарына жеткиликтүүлүктүн чектелиши;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-сентябрындагы № 521-р тескемеси менен коммерциялык банктарга программанын катышуучуларына 2186,5 млн. сомго чейин кошумча киреше алуу мүмкүнчүлүгү берилген, анын ичинен өз активдеринде 30 айга чейин МЧОИШК долбоорунун кайтарылган каражаттарын пайдалануудан 341,1 - 2 160,3 млн. сом (жылдык пайыздык чендер 3-19%) жана өздөштүрүлгөн каражаттардан 3% комиссиялык чыгымдардан (26,2 млн. сом);

- 550,9 миң сом суммасындагы МЧОИШК долбоорунун каражаттарын ДИАБ же КР ФМдин кызматкерлери болуп саналбаган адамдардын чыгымдарын каржылоого пайдалануу, анын ичинен 492,1 миң сом КР Башкы прокуратурасынын Коррупцияга каршы аракеттенүү жана мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча башкармалыгынын башкы адисин окутуу үчүн;

- "Улут Софт" ЖЧКсынын милдеттенмелерин аткаруу мөөнөттөрүн бир нече жолу узартуудан улам наркы 47 790 миң доллар турган МЧОИШК долбоорундагы эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү боюнча системанын өз убагында киргизилбей калышы;

- 2023-жылдын 31-декабрына карата СБССМ долбоорунун консолидацияланган бюджетин бекитпөө;

- сатып алуулардын техникалык тапшырмасынын жана квалификациялык талаптарынын өзгөрүшүнө байланыштуу, пландаштырылган чараларга карата четтөө менен, СБССМ долбоорун ишке ашыруунун прогрессин аткаруу;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан СБССМ долбоорунун “Товарлар” категориясы боюнча пландык чыгымдардан ашып кетүү;

- 2023-жылдын 31-декабрына карата 8 726,6 миң АКШ долларынын ичинен кумулятивдүү түрдө 4 641,6 миң АКШ долларын же жалпы гранттык каражаттардын 53,2 %ын түзгөн түз төлөмдөрдү ишке ашыруу (КР УСК – 1 888,5 миң АКШ долл., МСК – 2 753,1 миң АКШ доллары);

– МЧОИШК долбоору боюнча мекемелер ортосунда алмашууну уюштуруу үчүн эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү боюнча системаны иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн спецификалуулугу, ошондой эле МСКнын ИТ-инфраструктурасынын потенциалын жогорулатууга жана жакшыртууга тиешелүү СБССМ долбоорунун чаралары тиешелүү IT аудитин жүргүзүү зарылдыгын пайда кылат.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Камсыздалсын:

- ДИАБ/КЛББны күтүүгө чыгымдарды чагылдыруу бөлүгүндө бюджет менен финансылык отчеттуулуктун ортосунда шайкеш келтирүү;

- Айыл чарба жана мамлекеттик кызмат чөйрөсү үчүн МЧОИШК долбоорунун каражаттарынын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, күрөөсүз

шарттарды кеңейтүү, финансылык отчеттуулук, төлөө жөндөмдүүгү боюнча шарттарды жеңилдетүү ж. б.;

- пландаштырылган чараларга ылайык МНАСС долбоорун ишке ашыруунун прогрессин аткаруу;

- чыгымдардын категориялары боюнча пландык чыгымдардан ашпоо;

- 8 726,6 миң АКШ долларынын ичинен 2023-жылдын 31-декабрына түз төлөмдөрдүн алгылыктуулугун карап чыгуусу 4 641,6 миң АКШ доллары кумулятивдүү, же жалпы гранттык каражаттардын 53,2% (КР УСК - 1 888,5 миң АКШ долл., МСК – 2 753,1 миң АКШ доллары.);

- МАСС долбоорунун консолидацияланган бюджетин бекитүү;

- отчеттордун ачык-айкын түзүлүшүнө жана мамлекеттик инвестициялардын бюджеттеринин талаптагыдай өздөштүрүлүшүнө контролду күчөтүүсү.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети**

Мамлекеттик инвестицияларды сапаттуу башкарууну жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу, бюджетти сапаттуу пландаштыруунун жана аткаруунун толук циклин сактоо, ишенимдүү эсепти жүргүзүү жана ишенимдүү финансылык отчеттуулукту берүү, акча каражаттарынын кыймылы жана төлөмдөр, индикаторлордун абалын баалоо максатында бирдиктүү борборлоштурулган мамлекеттик органды түзүү боюнча чаралар көрүлсүн.

***<u>Борбордук Казыналык боюнча</u>***

***1. Бирдиктүү казыналык эсептеги тиешелүү бюджеттин каражаттарынын калдыктарынын факты жүзүндө болушунун чегинде жана кезектүүлүк тартибинде, Бирдиктүү казыналык эсептеги каражаттарды тескөө жана жүргүзүлгөн операцияларды эсепке алуу аркылуу республикалык бюджеттин аткарылышын кассалык тейлөөнү камсыздоо***

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27-пунктуна ылайык, корголгон беренелер - биринчи кезектеги тартипте каржылоого сунуш кылынган жана кыскартылууга жатпаган чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелери: эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр, медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу, тамак-аш азыктарын сатып алуу, социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөкпулдар, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар, стипендиялар.

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде, корголгон беренелер боюнча чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте жүргүзүлөөрү белгиленген.

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, республикалык бюджеттин корголгон чыгымдар беренелери боюнча такталган бюджет жана чыгымдар тиешелүү түрдө 133366,7 млн сомду жана 131285,0 млн сомду түзгөн, же 2081,7 млн. сомго чыгымдар жеткире аткарылган эмес, анын ичинен төмөндөгү беренелер боюнча:

– 2111 “Эмгек акы” 1261,3 млн. сомго. 31.12.2023-жылдагы абал боюнча 47,9 млн.сом кредиттик карызы бар;

– 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” 288,9 млн. сомго. 31.12.2023-жылдагы абал боюнча 17,8 млн.сом кредиттик карызы бар;

– 31.12.2023-жылга карата 22171 “Медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу” беренеси боюнча 28,1 млн.сом кредиттик карыздын болушу менен, 2217 “Медициналык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” 253,2 млн. сомго;

– 31.12.2023-жылга карата 23,8 млн.сом кредиттик карыздын болушу менен, 2218 “Тамак-аш продуктуларын сатып алуу” 236,1 млн. сомго;

– 31.12.2023-жылга карата 0,2 млн.сом кредиттик карыздын болушу менен, 2711 “Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пул” 5,5 млн. сомго;

– 31.12.2023-жылга карата 66,5 млн.сом кредиттик карыздын болушу менен, 2721 “Калкка социалдык жардам көрсөтүү боюнча жөлөк пул” 36,7 млн. сомго.

Бюджеттик каражаттар боюнча ички кредиттик карыздын жалпы суммасы (мамлекеттик ички карызды эсепке албастан) 31.12.2023-жылдагы абал боюнча **2297,6 млн сомду** түзгөн, анын ичинен корголгон беренелер боюнча - 184,3 млн.сом.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27-пунктун жана “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин бузуу менен, бюджеттик мекемелер тарабынан 2081,7 млн. сомго корголгон беренелерди өздөштүрүү камсыздалган эмес, ошол эле учурда бюджеттик каражаттарды айрым алуучулар тарабынан корголгон беренелер боюнча жалпы 184,3 млн.сом суммасында кредиттик карыз пайда болгон.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги** биринчи кезекте республикалык бюджеттин корголгон беренелери боюнча милдеттенмелерин аткарууну камсыздасын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети** биринчи кезекте чыгымдардын корголгон беренелерин өздөштүрүүнү камсыз кылбаган бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27-пункутун жана “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык

бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин карасын.

**Аныкталды**

2023-жылга республикалык бюджет 357747,6 млн. сомго кирешелердин келип түшүүсү жана 344147,4 млн. сом чыгымдар менен, 13600,2 млн.сом суммасындагы профицит менен аткарылган. 2023-жылга бюджеттин кирешелер жана чыгымдар бөлүгүнүн такталган көрсөткүчтөрүнүн натыйжасында, тартыштык 8987,7 млн.сом өлчөмүндө пландалган. Мында, бюджеттик каражаттар боюнча (атайын каражаттарды эсепке албастан: профицит – 2827,6 млн. сом жана МИП: тартыштык - 9213,4 млн. сом) профицит 6127,5 млн. сомго пландалган, факты жүзүндө профицит 19985,9 млн.сомду түзгөн, же такталган бюджеттен 13858,4 млн. сомго көп.

Республикалык бюджеттин жыйынды кирешелери (атайын каражаттарды жана МИПти эсепке албастан) 309 825,8 млн. сомго такталган план алдында 315 757,7 млн.сомду түзгөн, же **5931,9 млн. сомго** көп.

Ошол эле учурда, республикалык бюджеттин жыйынды чыгашалары (атайын каражаттарды жана МИПти эсепке албастан) 303698,4 млн. сомго такталган план алдында 295771,8 млн.сомду түзгөн, же 7926,6 млн. сомго аз. Башкача айтканда, республикалык бюджеттин жыйынды чыгашалары (атайын каражаттарды жана МИПти эсепке албастан) аларды жабуу үчүн жетиштүү каражаттардын болгонуна карабастан **7926,6 млн. сомго** аткарылган эмес.

2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышын талдоодо, "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилген такталган бюджеттин жана чыгымдар бөлүгүн жабуу үчүн жетиштүү каражаттардын болгонуна карабастан, кассалык пландар 6 919,2 млн. сомго каржыланган эмес. Мында, республикалык бюджеттин бюджеттик каражаттары боюнча ички кредиттик карыздын жалпы суммасы (мамлекеттик ички карызды эсепке албастан) 31.12.2023-жылдагы абал боюнча **2297,6 млн.сомду түзгөн.**

Ошентип, 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына, пландалган 6127,5 млн.сом профициттин ордуна 19985,9 млн.сом профицити менен олуттуу таасирин тийгизген: **5931,9 млн. сомго** киреше бөлүгүнүн ашыкча аткарылышы жана анын **7926,6 млн. сомго** чыгымдар милдеттенмелеринин толук аткарылбагандыгы (анын ичинен **2297,6 млн. сомго** кредиттик карыздын пайда болушуна алып келген).

**Корутунду**

2023-жылга республикалык бюджет пландалган 8 987,7 млн. сом тартыштык алдында 13600,2 млн. сом профицит менен аткарылган. Мында, бюджеттик каражаттар боюнча (атайын каражаттарды жана МИПти эсепке албастан) профицит 6127,5 млн. сомго пландалган. Бюджеттик каражаттар боюнча факты жүзүндө профицит (атайын каражаттарды жана МИПти эсепке албастан) 19 985,9 млн.сомду түзгөн, бул болсо, такталган бюджеттен 13 858,4 млн. сомго көп. Киреше бөлүгү 5 931,9 млн. сомго ашыкча

аткарылган, чыгымдар бөлүгү 7 926,6 млн. сомго аткарылган эмес, бул болсо, 2297,6 млн. сомго кредиттик карыздын пайда болушуна алып келген.

**Сунуштама**

- пландалган жана факты жүзүндөгү көрсөткүчтөр ортосундагы четтөөлөрдү азайтуу үчүн, кирешелерди жана чыгымдарды болжолдоонун тактыгы жогорулатылсын;

- пландарды өз учурунда оңдоо максатында, бюджеттин аткарылышына таасирин тийгизген факторлорго дайыма талдоо жүргүзүлсүн;

- бекитилген бюджеттик каражаттарды толук эмес өздөштүргөндүгү үчүн, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөрдүн жоопкерчилиги күчөтүлсүн;

- бекитилген бюджетке ылайык, өз учурунда кассалык пландарды толук көлөмдө ачуу менен, кредиттик карыздын деңгээлин азайтуу үчүн, чыгымдарды өз учурунда каржылоо камсыздалсын;

- кредитордук карызды кыскартуу боюнча чараларды өз учурунда көрүү максатында, кредитордук карыздын абалына дайыма мониторинг жана талдоо жүргүзүлсүн;

- ачыктыкты жана ыкчамдуулукту жогорулатуу үчүн, кассалык пландарды тескөө процессин автоматташтырууну жакшыртуу мүмкүнчүлүгү каралсын;

- бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды өздөштүрүү менен байланышкан маселелерди ыкчам чечүү үчүн, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр менен өз ара аракеттенишүү жакшыртылсын.

***2. Бирдиктүү казыналык эсепке Кыргыз Республикасынын бюджетинин бардык ресурстарын милдеттүү жана дароо чегерүү***

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин -бөлүгүнүн 3-пункутунун бирдиктүүлүк принцибин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6 жана 8-бөлүктөрүн бузуу менен, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгүн сактабастан, өзүн өзү каржылоодо турган жана мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөткөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин ведомстволук бөлүмдөрү жана аймактык башкармалыктары тарабынан коммерциялык банктардагы эсептер жабылган эмес жана Бирдиктүү казыналык эсепке бюдежттин бардык ресурстарын чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (анын ведомстволук башкармалыктарын, аймактык бөлүмдөрүн

жана башка мекемелерин камтуу менен) Казыналыктан сырткары турган алыш-бериш эсептерин жабуу жана каражаттардын калдыктарын Бирдиктүү казыналык эсепке которуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимин демилгелесин.

***3. Бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирбестен Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары жайгашкан бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарын тиешелүү бюджеттердин эсептерине которуу***

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгүн бузуу менен, 31.12.2023-жылга карата бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен которулган эмес. Берилген маалыматтарга ылайык, 31.12.2023-жылга карата мекемелердин кассасындагы накталай акча каражаттары 27097,6 миң сом суммасын түзгөн.

Мындан сырткары, “Бюджеттик каражатты алуучу” (БКА) төлөм картасын чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө” Жобону бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктары тарабынан кезектеги финансылык жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө бюджеттик мекемелер БКА картасы боюнча  накталай акча каражаттарын толук көлөмдө алуу жана БКА картасы боюнча эсептерди нөлгө түшүрүү камсыздалган эмес. 31.12.2023-жылга карата Башкы китептин балансынын бириктирилген отчётунун маалыматтары боюнча накталай акча каражаттары 35275,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

“Банк аралык процессинг борбору” ЖАКсы менен, 31.12.2023-жылга карата “Бюджеттик каражатты алуучу” (БКА) карталарындагы каражаттардын калдыктары менен салыштырууну жүргүзүлсүн, БКА карталарындагы бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарын тиешелүү бюджеттердин эсептерине калыбына келтирүү камсыздалсын. “Бюджеттик каражатты алуучу” (БКА) төлөм картасын чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө” Жобонун ченемдерин бузууга жол берген, б.а. 25.12.2023-жылга чейинки мөөнөттө бюджеттик мекемелер БКА картасы боюнча накталай акча каражаттарын толук көлөмдө алууну жана БКА картасы боюнча эсептерди нөлгө түшүрүүнү камсыздабаган адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары болгон бюджеттик каражаттардын калдыктарын өз учурунда чегерүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгүн бузууга жол берген министрликтердин жана ведомстволордун кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

***4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарын эсепке алуу жана пайдалануунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келүүсү***

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин” 4-пунктуна ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептеги акча каражаттарынын минималдуу өлчөмү коммерциялык банктарга жайгаштырылгандан кийин Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети боюнча бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмүнөн кем эмес суммада белгиленет.

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Мыйзамдын 7-тиркемесине ылайык, жылдык эмгек акы фонду 123 346,7 млн.сомду түзөт, бул болсо, айына орточо 10 278,9 млн.сомду түзөт. Демек, Бирдиктүү казыналык эсептеги акча каражаттарынын минималдуу өлчөмү коммерциялык банктарга жайгаштырылгандан кийин 10 278,9 млн. сомдон аз болбош керек.

Аудит мезгили ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атайын эсебине убактылуу бош акча каражаттарын жайгаштыруудан пайыздар түрүндө 433334,6 миң сом келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин” 4-пунктун бузуу менен, накталай акча каражаттарынын калдыктарын реалдуу болжолдоонун жоктугунан улам, 2023-жыл ичинде коммерциялык банктарга 5000,0 млн сом жайгаштырылган, бул болсо, Бирдиктүү казыналык эсептеги акча каражаттарынын калдыктарынын өлчөмүн 7 675,5 млн сомго чейин азайтууга алып келген же уруксат берилген деңгээлден 2603,4 млн сомго же 25,3 %га аз.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11.03.2022-жылдагы № 135 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин” 4-пунктун бузуу менен, накталай акча каражаттарынын калдыктарын реалдуу болжолдоонун жоктугунан улам, 2023-жыл ичинде коммерциялык банктарга 5000,0 млн сом

жайгаштырылган, бул болсо, Бирдиктүү казыналык эсептеги акча каражаттарынын калдыктарынын өлчөмүн 7 675,5 млн сомго чейин азайтууга алып келген же уруксат берилген деңгээлден 2603,4 млн сомго же 25,3 %га аз.

***Аудит субъектисинин комментарийи***

*Бюджеттик системанын бюджеттерин аткаруу процессинде даталар боюнча калдыктардын белгиленген суммасы, жайгаштырылган убактылуу бош акча каражаттарын чакыртып алуу үчүн кризистик эмес болуп эсептелет, анткени, айлар боюнча мезгилдин аягында жана башында калдыктардын деңгээли 10,0 млрд. сомдон ашыкты түзөт.*

**Аныкталды:**

Аудиттин бир нече жолку суроо-талабына карабастан, тиешелүү кызматкерлер кол койгон Борбордук казыналык (мындан ары – БК) алардын эсебинен бюджеттик системанын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттары пайда болгон каражаттардын булактары жөнүндө маалыматтар берилген жок.

БКнын оозеки түшүндүрмөсү боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 26.04.2022-жылдагы №78-п "Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу боюнча убактылуу эсепке алуу жана отчеттуулук тартиби жөнүндө" буйругуна ылайык, жайгаштырылган каражаттар боюнча эсеп жана отчеттуулук Башкы китептин бириктирилген балансынын "Жайгаштырылган каражаттар" техникалык эсебинде жүргүзүлөт. Мында, коммерциялык банктарда жайгаштырылган убактылуу бош каражаттардын булактары боюнча эсеп жүргүзүлбөйт жана финансылык отчеттордо көрсөтүлбөйт.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштырууда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 8-бөлүгү менен каралган ачыктык принцибин сактоо камсыздалган эмес. БК финансылык отчеттордо көрсөтпөйт жана коммерциялык банктарга жайгаштырылган убактылуу бош каражаттардын булактары боюнча эсеп жүргүзбөйт.

Буга байланыштуу, ушул аудитте убактылуу бош каражаттар кайсы булактардан пайда болгондугун аныктоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

- Борбордук казыналык финансылык отчетторго убактылуу бош каражаттар менен жүргүзүлгөн бардык операцияларды көрсөтүү милдеттендирилсин;
- Мүмкүн болуучу бузууларды өз убагында аныктоо жана четтетүү үчүн, убактылуу бош каражаттар менен жүргүзүлгөн операцияларга дайыма мониторинг жүргүзүү белгиленсин;

- убактылуу бош каражаттар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча отчеттуулукту жана эсепти автоматташтыруу үчүн, колдонуудагы маалыматтык тутум жакшыртылсын.

**2023-жылга валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операциялар (своп операциялары)**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-июнундагы № 305 токтому менен, "Валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобо бекитилген. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 4-октябрындагы № 121-п "Валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операцияларды жүргүзүү маселелери жөнүндө" буйругу чыккан.

**Валюталык своп-операция** - улуттук валютаны чет өлкөлүк валютадагы эквиваленттүү суммага алмаштыруу боюнча операция, мында бул сумманы алдын ала сүйлөшүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин кайра алмаштыруу жана улуттук валютаны пайдалануу үчүн эсептелген пайыздарды төлөө милдеттенмеси келип чыгат.

2023-жылы 72,0 млн. АКШ доллары суммасында своп-операцияларын жүргүзүү боюнча катышуучулар менен макулдашууларга кол коюлган, анын ичинен:

- Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду (мындан ары – РКӨФ) менен 60,0 млн АКШ доллары суммасында:
- "Бакай Банк" ААКсы менен 12,0 млн. АКШ доллары суммасында.

Анын ичинен, 44,3 млн. АКШ доллары суммасында (бардыгы 5 келишим) же 3 954,18 млн. сом улуттук валютанын эквивалентинде валюталык активдерди алмашуу жүргүзүлгөн, анын ичинен, РКӨФ - 4,55 млн. АКШ долларында; РКӨФ - 14,0 млн. АКШ долларында; РКӨФ - 11,7 млн. АКШ долларында; РКӨФ - 13,09 млн. АКШ долларында; "Бакай Банк" ААКсы - 1,0 млн. АКШ долларында.

Валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операцияларды жүргүзүү жөнүндө Финансы министрлиги менен катышуучулардын ортосундагы макулдашуу үч жылга чейин, бирок экиден ашык эмес автоматтык узартуу менен 5 жылдан кийин көрсөтүлгөн активдер менен милдеттүү түрдө кайрадан алмашууну карай тургандыгын, белгилей кетүү керек.

Мында, катышуучу  Финансы министрлигине улуттук влаютада акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн, валюталык своп-операцияны колдонуунун бүтүндөй мөөнөтү үчүн, своп-операция суммасынан улуттук валютада жылдык 3,3 % өлчөмүндө төлөйт.

**2013-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата сомго карата АКШ долларынын орточо курсунун өзгөрүүлөрүнүн динамикасы**

| Жылдар | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 10 жыл ичиндеги динамика |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сомго карата АКШ долларынын курсу** | 47,38 | 49,24 | 58,88 | 75,89 | 69,23 | 68,83 | 69,85 | 69,64 | 82,64 | 84,75 | 85,68 | 89,09 | |
| **Жылдык орточо өсүү %да (кезектеги жыл-кийинки жыл/ *100** | | 3,93 | 19,58 | 28,89 | -8,78 | -0,58 | 1,48 | -0,3 | 18,67 | 2,55 | 1,1 | 3,98 | 6,7 |




Диаграмма 2013-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата АКШ долларынын курсунун жылдык орточо өзгөрүү динамикасын көрсөтөт. Курстун дайыма өйдө-ылдый болуусу көрсөтүлгөн: же жогорулайт, же төмөндөйт, бирок жогорулоо жагына өзгөргөн. 2023-жылы доллардын орточо курсу 2019-жылга салыштырмалуу 18,07 сомго же 25,9 %га өскөн. 10 жыл ичиндеги динамикада өсүүнүн орточо мааниси 6,7 %ды түзгөн. Мында, улуттук валютадагы акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн пайыз жылдык 3,3 %ды гана түзгөн. Бул болсо, узак мөөнөттүү своп-операциялардан бюджеттик каражаттарды жоготуу тобокелдигинин болушун көрсөтөт. 2023-жылы РКӨФ менен жүргүзүлгөн мындай операциялардан жоготуунун болжолдуу суммасы  656,9 млн.сомду түзгөн. Бул маани акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн коюмдун (6,7%-3,3%)*3864,18 млн сом *5 жыл) жана өткөн жылга карата доллардын курсунун өсүү темпинен улам эсептелген. Бирок жоготуунун так суммасы своп-операцияларды аяктагандан кийин же 2028-жылы (кайрадан своп-операциялар жүргүзүлгөн учурда) гана белгилүү болот.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 4-октябрындагы  №121-П буйругу менен, “Валюталык операцияларды

алмашуу боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби” бекитилген. Көрсөтүлгөн Тартипке ылайык, капиталдагы жана өнүгүү фонддорундагы банктар үчүн 100 % мамлекеттик катышуу үлүшү менен катышуучулар пайдалангандыгы үчүн улуттук валютадагы жылдык пайыздык коюм, пайыздагы өзгөрүүлөрдүн жылдык орточо динамикасы менен 50 %га барабар болушу керек. Ошентип, своп-операциялардан потенциалдуу жоготуулар башында эле Финансы министрлигинин 2023-жылдын 4-октябрындагы №121-П буйругу менен, “Валюталык операцияларды алмашуу боюнча операцияларды жүргүзүү тартибинде” жазылган.

**Корутунду**

2013-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата АКШ долларынын курсу дайыма өйдө-ылдый болгонуна карабастан, жогорулоо тенденциясына ээ. 2023-жылы доллардын орточо курсунун өсүүсү 2019-жылга салыштырмалуу 18,07 сомго же 25,9 %га өскөн. Акыркы 10 жыл ичиндеги курстун орточо өсүүсү жылына 6,7 %ды түзгөн, бирок улуттук валютадагы акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн пайыз жылдык 3,3 %ды гана түзгөн. Бул болсо, узак мөөнөттүү своп-операциялардан бюджеттик каражаттарды жоготуу тобокелдигинин болушун көрсөтөт. Башында эле Финансы министрлигинин 2023-жылдын 4-октябрындагы №121-П буйругу менен, “Валюталык операцияларды алмашуу боюнча операцияларды жүргүзүү тартибинде” своп-оперцияларды потенциалдуу жоготуулар жазылгандыгын, белгилей кетүү керек, ал жерде, катышуучулар пайдалангандыгы үчүн улуттук валютадагы пайыздык коюм пайыздагы өзгөрүүлөрдүн жылдык орточо динамикасы менен 50 %га барабар болушу керек.

2023-жыл ичинде РКӨФ менен жүргүзүлгөн операциялардан жоготуулардын болжолдонгон суммасы 656,9 млн. сомду түзгөн.

**Сунуштар:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тобокелдиктерди жана финансылык натыйжалар жөнүндө маалыматтарды камтуу менен, своп-операциялардын абалы жана жыйынтыктары жөнүндө дайыма отчет берүүгө милдеттендирилсин.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

- своп-операциялардын экономикалык максатка ылайыктуулугун баалоо методикасын иштелип чыгылсын. Бул методика кредиттерди берүүдөн мультипликативдүү натыйжаны камтуу менен, бардык мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана пайдаларды эске алышы керек;

- узак мөөнөттүү своп-операциялар менен байланышкан валюталык тобокелдиктерди хежерлөө үчүн, кошумча аспаптарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү каралсын;

- своп-операциялардын стратегиясын оңдоо үчүн чечимдерди өз учурунда кабыл алуу үчүн башка негизги валюталарды жана АКШ

долларынын курсунун динамикасына дайыма мониторинг жана талдоо жүргүзүү тутуму орнотулсун;

- валюталык курстун жылдык орточо өзгөрүүсүнө жараша оңдоло турган өзгөрмө пайыздык коюмду киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын;

- своп-операциялар жана ачыктыкты жана отчеттуулукту жогорулатуу үчүн алардын экономикалык максатка ылайыктуулугу жөнүндө негизги маалыматка ачык жетүү мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

***5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептерин жана алардын пайдалануунун натыйжалуулугун талдоо***

Берилген маалыматтарга ылайык, 31.12.2023-жылдагы абал боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында Борбордук казыналыктын 66 алыш-бериш эсеби ачылган, анын ичинен: улуттук валютада – 40 эсеп, казак теңгесинде – 3 эсеп, россия рублинде – 3 эсеп, белоруссия рублинде – 1 эсеп, армян драмында – 1 эсеп, евродо – 5 эсеп, АКШ долларында – 12 эсеп жана атайын карыз алуу укугунда – 1 эсеп.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептериндеги калдыктардын жалпы суммасы 31.12.2023-жылга карата - 42 491,80 млн.сомду (КРУБдун 31.12.2023-жылдагы курсу боюнча) түзгөн, анын ичинен:

- чет өлкөлүк донорлордун ((ЕАБР, КФВ, ЮСАИД, МАР, ДБ, Япония, Швейцария, КЭР ж.б.) кредиттери жана гранттары, ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин ортосунда тыштан келтирилгендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондусунун каражаттары жана башкалар улуттук валютада - 42 179,16 млн. сом;

- тыштан келтирилгендерге бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүдөн келип түшкөн каражаттар - 112,73 млн. теңге же 22,09 млн. сом;

- тыштан келтирилгендерге бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүдөн келип түшкөн каражаттар - 27,83 млн. рубль жана мультивалюталык эсеп боюнча - 4,70 млн. рубль. Бардыгы - 32,53 млн. рубль же 32,31 млн.сом;

- тыштан келтирилгендерге бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүдөн келип түшкөн каражаттар - 0,20 млн. беларусь рубли же 5,66 млн.сом;

– тыштан келтирилгендерге бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүдөн келип түшкөн каражаттар - 11,95 млн. армян драмы же 2,63 млн.сом;

– жеке ишканалар үчүн KfW кредити - 0,64 млн. евро. Жалпы калдык - 0,64 млн. евро же 63,18 млн. сом;

– “Аялдар ишкердигин өнүктүрүү” долбоору боюнча кайра кайтарылган каражаттарды топтоо - 0,51 млн. АКШ доллары, “Ден соолук кербени” долбоорун ишке ашыруу алкагында Евразиялык турукташтыруу жана

өнүктүрүү фонду - 0,00 млн. АКШ доллары, АКШ долларындагы күндөлүк эсеп - 1,51 млн. АКШ доллары, мультивалюталык эсеп - 0,07 млн. АКШ доллары. Бардыгы - 2,09 млн. АКШ доллары же 185,55 млн.сом.

КРУБда ачылган 66 алыш-бериш эсебинин ичинен, Утурлама фонддордун каражаттарын топтоо жана пайдалануу үчүн 30 алыш-бериш эсеби ачылган, анын ичинен 28 эсеп улуттук валютада жана бир эсептен АКШ долларында жана евродо.

2023-жыл ичинде Утурлама фонддордун акча каражаттарынын жүгүртүлүшү төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- 2023-жылдын башында акча каражаттарынын суммасы - 3 063,39 млн.сомду, 0,51 млн. АКШ долларын жана 7,89 млн. еврону;
- 2 570,95 млн. сом жана 8,12 млн. евро суммасында каражаттар келип түшкөн, 389,26 млн.сом жана 7,34 млн. евро суммасындагы каражаттар пайдаланылган;
- 31.12.2023-жылдагы абал боюнча калдык - 42 491,80 млн. сомду, 2,08 млн. АКШ долларын жана 0,65 млн. еврону түзгөн.

Белгилей кетчү нерсе, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто Утурлама фонддордун каражаттары республикалык бюджеттин ресурстук бөлүгүндө көрсөтүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №438 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналык эсептин (мындан ары - БКЭ) иштөө тартибинин 115-пункту менен, Утурлама фонддордун эсебине келип түшкөн каражаттар, республикалык бюджеттин ресурстук бөлүгүндө көрсөтүлбөйт деп белгиленген. Мында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 17-беренесине ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстары бюджетке төмөнкүдөй түшүүлөрдү камтыйт: бюджеттин кирешелери; каржылык эмес активдер менен операциялардан түшүүлөр; каржылык активдер менен операциялардан түшүүлөр; милдеттенмелерди кабыл алуунун натыйжасындагы түшүүлөр.

**Аныкталды**

01.01.2023-жылдагы абал боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын №1013350200000150 эсебинде жеке компаниялар үчүн KFW кредити боюнча 7893,7 мин евро суммасында калдыктар бар.

Бул эсеп, 15.07.1994-жылы кол коюлган Өкмөт аралык макулдашуунун алкагында KFW кредиттик линиясы менен алынган кредитти төлөөдө кредит алуучулардан келип түшкөн каражаттарды эсепке алуу үчүн 2023-жылдын майында ачылган.

28.05.2003-жылдагы №Д-3-3-7/770 түзүлгөн келишимге жана 29.09.2006-жылдагы №Д-3-6-2/1256, 26.03.2015-жылдагы №Д-3-6-2/0317, 30.05.2022-жылдагы №2022-Д-194/566-3-6-2, 30.09.2022-жылдагы №2022-Д-194/1064-3-6-2 евродо KFW эсеби боюнча Улуттук банк менен түзүлгөн

кошумча макулдашууларга ылайык, эсеп дебети боюнча тышкы карызды төлөө үчүн каражаттарды чегерүү, ошондой эле Борбордук казыналыктын төлөм документине ылайык улуттук валютага еврону алмаштыруу жүргүзүлөт. 2023-жылдын августунда 21.08.2023-жылдагы № 2023-Д-194/922-3-6-2 Кошумча макулдашууга кол коюлган, ал жерде, евродогу эсептен KFWтин жазуу жүзүндөгү макулдашуусу менен тышкы карызды төлөөдөн айырмаланган максатка каражаттарды чегерүү жүргүзүлөт.

2023-жылдын августунда бул эсептен Борбордук казыналык тарабынан, “Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы” муниципалдык ишканасы менен түзүлгөн 21.07.2023-жылдагы №AIOS/001/23 Транспорт каражаттарын сатуу-сатып алуу келишимине ылайык, «ANADOLU ISUZU OTOMOTIV SANAYI VE TICARET A.S.» түрк корпорациясына 4 926 600 евро чегерилген, анын ичинен:

- 21.08.2023-жылдагы №1217 тапшырмасы менен 492 660 евро чегерилген;
- 24.08.2023-жылдагы №1238 тапшырмасы менен 4 433 940 евро чегерилген.

**Корутунду**

KFW эсебинен 472 639,3 миң сом (сомдук эквиваленти 4926600 евро 2023-жылдын 1-августундагы курс боюнча 1 евро - 95,9362 сом) акча каражаттарын чегерүү боюнча чыгымдар, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында республикалык бюджеттин ресурстук, ошондой эле чыгымдар бөлүгүндө да каралган эмес, б.а. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесине ылайык, толуктук принциби сакталган эмес. Демек, **бул операциялар 2023-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто, топтолгон бюджет боюнча Башкы китептин балансынын бириктирилген отчетунда көрсөтүлгөн эмес, ошону менен бирге,** Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 2-бөлүгү) менен каралган бардык кирешелердин жана чыгымдардын толук көлөмүндө жана милдеттүү түрдө **бюджетте толук көрсөтүү принциби сакталган эмес.**

Мындан сырткары, жогоруда чегерилген каражаттар ишкананын кассалык чыгымдарына табыштама (Бишкек шаарынын мэриясынын катынын негизинде) жок туруп, “Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы” муниципалдык ишканасы үчүн Борбордук казыналык тарабынан жүргүзүлгөн, ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 438 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналыктын эсебинин иштөө тартибинин 82, 95-пункттарын бузуу менен, республикалык бюджеттен каржыланбайт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен белгиленген бюджеттик эрежелерди жана жол-жоболорду сактоо камсыздалсын. Бекитилген бюджеттен ашык кошумча чыгымдарды жүргүзүүдө,

республикалык бюджеттин бекитилген параметрлерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптары сакталсын.

***“Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсына бюджеттик кредитти берүү***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 09.08.2022-жылдагы № 424-р “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан “Ишкердик субъекттерин каржылоо” программасы менен “Жеке ишканалар үчүн” Германия өнүктүрүү банкынын (KFW) долбоору (евродогу эсептер) боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында топтоо эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен “Майлуу-Суу лампа заводу” (МСЛЗ) ААКсына 1000000000,0 (бир миллиард) сом суммасында бюджеттик кредитти бөлүү, ошондой эле төмөндөгүдөй транштар боюнча КЭР Өкмөтүнүн, ЮСАИДдин, Түркиянын утурлама фонддорунун каражаттары жөнүндө” буйругу чыккан:

- 200 000 000 (эки жүз миллион) сом – 2022-жылдын июлунда;
- 200 000 000 (эки жүз миллион) сом – 2022-жылдын сентябрында;
- 300 000 000 үч жүз миллион) сом – 2023-жылдын январында;
- 300 000 000 (үч жүз миллион) сом – 2023-жылдын мартында.

Бюджеттик кредит «Риббон-процесс» айнек эритүүчү реконструкция же айнек эритүүчү жаңы мешти куруу менен, айнек тараларын (банкалар жана бөтөлкөлөр) чыгарууну өндүрүү үчүн багытталган. Кредитти кайтаруу мөөнөтү квартал сайын бирдей төлөм каражаттарын чегерүү учурунан тартып 12,5 жылды түзөт, анын ичинен, негизги сумманы жана пайыздарды төлөө үчүн жеңилдетилген мезгил – 2,5 жыл, бюджеттик кредиттерди пайдалангандыгы үчүн пайыздык коюм – жылдык 6 пайыз, финансылык санкциялар – мөөнөтү өткөн карыз суммасына эсептелген жылдык 12 пайыз.

Жогоруда көрсөтүлгөн буйрукту аткаруу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын ортосунда 06.09.2022-жылдагы №19-04-01/100 Кредиттик келишим түзүлгөн. Кредиттик келишимдин шарттарына ылайык, бюджеттик кредит “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын жазуу жүзүндөгү табыштамасынын негизинде берилет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 09.08.2022-жылдагы № 424-р буйругун аткаруу максатында, Эл аралык кызматташуу башкармалыгы Борбордук казыналыкка багытталган 26.09.2022-жылдагы № 16-2/84 кызматтык катында, Борбордук Азия боюнча Германия өнүктүрүү банкынын регионалдык бюросунун дарегине Германия өнүктүрүү банкынын Утурлама фондунун жогоруда көрсөтүлгөн каражаттарын алуу жөнүндө 18.08.2022-жылдагы №16-2/9751 билдирүү катынын жөнөтүлгөндүгүн билдирет. Буга байланыштуу, Германия өнүктүрүү банкынын Утурлама фондунун 400,0 млн. сомго эквиваленттүү 7 525 325,64 евро каражаттарын алмаштырууну жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин

09.08.2022-жылдагы № 424-р буйругуна ылайык аларды “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын алыш-бериш эсебине которууну суранган.

Борбордук казыналык Эл аралык кызматташуу башкармалыгынын 22.09.2022-жылдагы № 16-2-10/252, 26.09.2022-жылдагы № 16-2/84 кызматтык каттарынын жана “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын 30.09.2022-жылдагы жазуу жүзүндөгү табыштамасынын негизинде, №1013350200000150 эсептен евродогу “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Жеке ишкерлер үчүн KFW кредити боюнча эсепке” 5 160 970,68 еврону (курс боюнча 77,5048 сом) алмаштырат (30.09.2022-жылдагы №1439 алмаштыруу жөнүндө табыштама), №1013750000000943 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Жеке ишкерлер үчүн KFW кредити боюнча эсепке” (сомдогу) 400 000 000,36 сом акча каражаты которулат. Ошол эле күнү №1013750000000943 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Жеке ишкерлер үчүн KFW кредити боюнча эсептен” (сомдогу) бюджеттик кредиттин биринчи эки траншы катары “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын №1350540020014943 эсебине 400 000 000 (төрт жүз миллион) которулат (30.09.2022-жылдагы №1440 төлөм тапшырмасы).

Андан ары ушундай эле, 11.07.2023-жылы “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын эсебине №1013750000000943 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Жеке ишкерлер үчүн KFW кредити боюнча эсептен” (сомдогу) эки төлөм менен 300 000 000 (үч миллион) суммасында 3 транш которулган, 2 409 580,49 еврону (курс боюнча 95,4523 сом) алмаштыруу аркылуу 230 000 000 (эки жүз отуз миллион) сом бөлүнгөн (11.07.2023-жылдагы №994 төлөм тапшырмасы) жана №1013750000590421 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Ишкердик субъекттерин каржылоо” программасы боюнча алынган кредиттерди төлөө эсебине келип түшкөн каражаттарды топтоо үчүн эсебинен” 70 000 000 (жетимиш миллион) сом которулган (11.07.2023-жылдагы №993 төлөм тапшырмасы).

2024-жылы №1013750000590421 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Ишкердик субъекттерин каржылоо” программасы боюнча алынган кредиттерди төлөө эсебине келип түшкөн каражаттарды топтоо үчүн эсебинен” 300 000 000 (үч жүз миллион) сом суммасындагы акыркы транш бөлүнгөн (04.03.2024-жылдагы №262 төлөм тапшырмасы). 2022-жылдын сентябрынан 2024-жылдын мартына чейинки мезгил аралыгында бардыгы болуп 1 000 000 000 (бир миллиард) сом бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 10-абзацына ылайык, **бюджеттик кредит** - кайтарып берүү, мөөнөттүүлүк жана акы төлөөчүлүк шарттарында бюджеттик каражаттарды алуучуга республикалык бюджеттен жана жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилүүчү акча каражаттары. Бирок, “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсына көрсөтүлгөн бюджеттик кредитти берүү, республикалык бюджеттен кыйгап

өтүү менен, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына жайгаштырылган Утурлама фонддордун эсептеринде топтолгон каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн.

Бюджеттик кредиттерди берүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө жобо” (мындан ары – Жобо) менен жүргүзүлөт. Бул Жобонун 6-пунктуна ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (КР МФ) Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына жана Министрлер Кабинетинин чечимине ылайык, республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнү жана аны бюджеттик кредиттөө бөлүгүндө аткарууну уюштурууну камсыз кылат. 21-пунктуна ылайык, Министрлер Кабинетинин бюджеттик кредиттерди берүү жөнүндө чечими тиешелүү жылга республикалык бюджетте аталган максаттарга каралган каражаттардын чегинде кабыл алынат. Республикалык бюджетте бюджеттик кредиттерди берүүгө каралган каражаттар жок болгон учурда, "кошумча каражаттарды табууда" деген сын- пикир менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуу зарыл.

**Корутунду**

“Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсына бюджеттик кредитти берүү, каржылоо булагынын болушу менен, **“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында** каралган эмес, ошондой эле 2022-2023-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуу жол-жобосунан өткөн эмес, бул болсо, **бюджеттик мыйзамды** (Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренеси) бузуу **болуп эсептелет.**

**Сунуштама**

Бекитилген бюджеттен ашык кошумча чыгымдарды жүргүзүү зарылдыгы болгон учурда республикалык бюджеттин бекитилген параметрлерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптарын сактоо камсыздалсын.

### *6. Бюджеттик мекемелердин атайын жана депозиттик эсептерин талдоо*

Республикалык бюджет боюнча 2023-жылга карата министрлик менен ведомстволордун топтолгон балансатры боюнча отчеттук жылдын башында каражаттардын калдыгы атайын эсепте 6185,6 млн.сомду түзгөн, 25985,7 млн.сом келип түшкөн, 23757,1 млн.сом чыгымдалган, жылдын аягындагы калдык - 8414,2 млн.сом. Жылдын башында депозиттик эсептердеги калдык - 3672,9 млн.сом, 23330,3 млн.сом келип түшкөн, 20128,5 млн.сом чыгымдалган, жылдын аягындагы калдык - 6874,7 млн.сом.

2020-2023-жылдар ичиндеги атайын эсептеги каражаттарды талдоодо, бюджеттик мекемелердин атайын эсептериндеги атайын эсептерде жыл сайын

өздөштүрүлбөгөн бир кыйла каражаттардын кала берери аныкталган. Алсак, 2020-жылы калдык - 5 149,9 млн.сомду, 2021-жылы - 6 582,0 млн.сомду, 2022-жылы - 6 185,6 млн.сомду жана 2023-жылы – 8 414,2 млн.сомду түзгөн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигиндеги кеңешменин 2023-жылдын 29-июнундагы протоколуна ылайык, мурда алынган 1240,0 млн. сом суммасындагы атайын каражаттар, республикалык бюджеттин кирешелер бөлүгү аркылуу жети мекеме тарабынан 2023-жылдын июнь-декабрь айлары ичинде мекемелердин атайын эсептерине кайтарылган/калыбына келтирилген. Эки мекемеге 760,0 млн. сом суммасы (Ош мамлекеттик универститети - 700,0 млн. сом жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети – 60,0 млн. сом), коммерциялык банктардагы бул мекемелердин алыш-бериш эсептерине чегерүү менен, 2821 “Башка квалификацияланбаган чыгымдар” беренеси боюнча 26637 “Финансы министрлиги (жалпы мамлекеттик чыгымдар) – атайын эсептерге каражаттарды калыбына келтирүү” коду менен республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгү аркылуу кайтарылган. Белгилей кетчү нерсе, Бюджеттик кодексте жана Салык эмес кирешелер жөнүндө кодексте республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү түрүндө бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарын чегерүү боюнча ченемдер жок. Ошондой эле, аудитке республикалык бюджеттин кирешесине алар атайын каражаттарды чегерүү жөнүндө бюджеттик мекемелердин жазуу жүзүндөгү макулдугу берилген эмес.

Бюджеттик мекемелердин атайын эсептеринен каражаттар, кийинчерээк калыбына келтирүү менен республикалык бюджеттин күндөлүк чыгымдарына пайдаланылгандыгын эске алуу менен, аларды убактылуу ички карыз алуу каражаттары катары кароо керек, мында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бюджеттик мекемелердин ортосунда кредиттик макулдашууларды/ карыз милдеттенмелерин түзүү формасындагы бюджеттик укуктук мамилелер, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө жободо аныкталгандай тариздөө талаптагыдай болгон эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 6-октябрындагы №535-т (КПҮ) тескемесине ылайык, айрым мамлекеттик мекемелердин атайын эсептериндеги 2022-жылы республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген 2000,0 млн.сом суммасындагы каражаттар, республикалык бюджеттин күндөлүк чыгымдарына убактылуу карызга алынган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бюджеттик мекемелердин атайын эсептеринен акча каражаттарын убактылуу тартуунун тартибин иштеп чыгуу жана убактылуу каражат тартуунун максаттарын жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары тартылган учурларды так аныктоо менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик ички зайымдар тууралуу тийиштүү ченемдик-укуктук актыларга зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеленсин.

***7. “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында, аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган, Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүүнү жана пайдаланууну талдоо***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 6-июнундагы №299 токтому менен, “Укук бузуулардын бирдиктүү реестри” автоматташтырылган маалыматтык системасында иштелип чыккан, анын ичинде “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган укук бузууларды жасагандыгы үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартиби (мындан ары – Тартип) бекитилген.

Берилген маалыматтарга ылайык, “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында, аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган, Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн 2023-жылы республикалык бюджеттин кирешесине 707,4 млн.сом суммасындагы каражаттар келип түшкөн, анын ичинен: айып пулдар - 591,3 млн.сом, айып пул боюнча финансылык санкциялар, туумдар - 116,1 млн.сом.

Айып пулдардан келип түшкөн 591,3 млн.сом суммасындагы каражаттар тартипке ылайык төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: ЖКККББ - 58,7 млн.сом, МТБМК (СӨМ) - 187,5 млн.сом, Башкы прокуратура - 46,5 млн.сом, мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары - 9,3 млн.сом (почталык кызмат көрсөтүүлөр), КР УКМК - 8,7 млн.сом, ЖӨБ органдары - 43,4 млн.сом. Бөлүштүрүлбөгөн бөлүгү 237,2 млн.сомду түзгөн.

***8. Бирдиктүү казыналык эсептеги тиешелүү бюджеттин акча каражаттарынын калдыктарынын чектеринде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары боюнча төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу (105-березенин 5-пункту). Республикалык бюджеттен кассалык чыгымдардын ресурстары менен камсыздалышы***

***Аныкталды***

Тандалма талдоодо, Бирдиктүү казыналык эсептеги бюджеттик каражаттардын (республикалык бюджет) факты жүзүндөгү калдыгынын жоктугуна карабастан, бюджеттик каражаттар боюнча кассалык чыгымдар

жүргүзүлгөн, анын натыйжасында, 10 081,6 млн. сомго чейин кассалык айырма пайда болгон, б.а. жергиликтүү бюджеттердин, Бирдиктүү казыналык эсепте турган атайын жана/же депозиттик эсептердин каражаттары чыгымдалган. Мында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Бирдиктүү казыналык эсептеги тиешелүү бюджеттин акча каражаттарынын калдыктарынын чектеринде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары боюнча төлөмдөрдү жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренесине ылайык, Бюджеттик милдеттенмелерди аткаруу боюнча кассалык төлөөлөрдүн көлөмдөрүнө кассалык чектөөлөр бюджеттин чыгашалары түшкөн кирешелердин көлөмүнөн убактылуу ашып кеткен учурда киргизилеери каралган. Кассалык чектөөлөрдү киргизүү чечими ыйгарым укуктуу орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан кабыл алынат. Кассалык чектөөлөрдү киргизүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет. Бирок, кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартиби иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 5-бөлүгүн жана 106-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункутун бузуу менен, 2022-жылы Бирдиктүү казыналык эсепте тиешелүү бюджеттик каражаттардын факты жүзүндө калдыгынын жоктугуна карабастан, бюджеттик каражаттар боюнча кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын натыйжасында, 10 081,6 млн. сомго чейин кассалык айырма пайда болгон, б.а. жергиликтүү бюджеттердин, Бирдиктүү казыналык эсепте турган атайын жана/же депозиттик эсептердин каражаттары чыгымдалган.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренесинин талаптары сакталбагандыктан, кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартиби иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

- Бирдиктүү казыналык эсепте тиешелүү бюджеттин каражаттарынын калдыгынын факты жүзүндөгү чектеринде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгымдары боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү бөлүгүндө кассалык чыгымдар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык так жүргүзүлсүн;
- реалдуу убакытта бюджеттик каражаттардын калдыктарын көзөмөлдөй турган жана лимиттердин ашырылышы жөнүндө эскерткен кассалык операцияларга автоматташтырылган мониторинг жүргүзүү тутуму жайылтылсын;
- төлөм жүргүзөөр алдында акча каражаттарынын болгондугун милдеттүү текшерүүнү камтыган кассалык операцияларды жүргүзүү үчүн, так жол-жоболор белгиленсин;

- болжолдоо дайыма жаңыртылып турсун жана өзгөрүүгө жараша бюджеттик пландар оңдолсун;

- бюджеттик каражаттарды тескөө, кассалык айырмаларды болжолдоо жана заманбап финансылык аспаптарды пайдалануу маселелери боюнча кассалык операцияларды жүргүзгөн кызматкерлер үчүн окутуу уюштурулсун;

- бюджеттик каражаттарды жана кассалык операцияларды тескөө боюнча колдонмо жана ички регламент иштелип чыгылсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Республикалык бюджеттин кассалык айырмачылыктарын жабуу үчүн, жергиликтүү бюджеттердин жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алып салуу үчүн, бюджеттик каражаттарды тескөөнү жана кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилсин.

***9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берилген республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттордун жана аларды түзүү боюнча методикалык колдонмонун курамын талдоо. Отчётто бюджеттин көрсөткүчтөрүн, кирешелердин, чыгымдардын, активдердин жана милдеттенмелердин көрсөтүлүшү***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет тиешелүү тиркемелери менен 25.04.2024-жылдагы №05-4/5275 чыгыш каты менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жөнөтүлгөн. Бирок, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө берилген отчет бюджеттик мекемелердин дебитордук жана кредитордук карыздарынын абалы жөнүндө маалыматты камтыбайт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесин бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 25.04.2024-жылдагы № №05-4/5275 чыгыш каты менен жөнөтүлгөн 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет, мамлекеттик карыздын жана бюджеттик мекемелердин дебитордук жана кредитордук карыздарынын абалы жөнүндө маалыматты камтыбайт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесин аткаруу камсыздалсын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бюджеттик мекемелердин дебитордук жана кредитордук карыздарынын абалы жөнүндө маалыматты камтыган 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет жөнөтүлсүн.

**Аныкталды**

2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко финансылык эмес активдер менен жүргүзүлгөн операциялардан реалдуу келип

түшкөн **акча каражаттарынын** жоктугу менен, дивиденддер боюнча 1 миллиард 335 миллион 510,4 миң сом кирешелер киргизилген.

Мындан сырткары, 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун чыгымдар бөлүгүн кассалык аткаруу жок туруп, 3111-берене боюнча 1 миллиард 335 миллион 510,4 миң сом суммасындагы чыгымдар киргизилген.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 20-беренесине туура келбестен, 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко 3111-берене боюнча финансылык эмес активдер менен жүргүзүлгөн операциялардан реалдуу келип түшкөн **акча каражаттарынын** жоктугу менен, дивиденддер боюнча 1 миллиард 335 миллион 510,4 миң сом кирешелер киргизилген.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 20-беренесине туура келбестен, 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко 3111-берене боюнча финансылык эмес активдер менен жүргүзүлгөн операциялардан реалдуу келип түшкөн **акча каражаттарынын** жоктугу менен, дивиденддер боюнча 1 миллиард 335 миллион 510,4 миң сом кирешелер киргизилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 20-беренесинин жоболорун так сактоо камсыздасын. Бюджеттик отчетко кирешелерди жана чыгымдарды киргизүү, кассалык чыгымдарга жана реалдуу келип түшкөн акча каражаттарына гана негизделсин.

***Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын сакталышын камсыздоо***

**Аныкталды**

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Мыйзамынын 7-тиркемесине ылайык, жылдык эмгек акы фонду 123 346,7 млн.сомду түзөт, бул болсо, айына орточо 10 278,9 млн.сомду түзөт. Мында, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөлүгү менен, кассалык накталай акчаларды жүгүртүүнүн так көлөмү көрсөтүлгөн эмес жана 500,0 млн. сомдон кем эмес суммадагы минималдуу маани гана белгиленген, бул болсо, эмгек акы фондунун такталган бир айлык көлөмүнөн 9778,9 млн. сомго же 20 эсеге (9778,9/500,0) аз. Бул, кассалык накталай акчаларды жүгүртүүнүн көлөмүн формалдуу аныктоо жана милдеттүү бюджеттик резерв сакталбагандыгына байланыштуу, чыгымдардын корголгон беренелерин төлөй албастыгынын тобокелдигинин пайда болушу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, Мыйзам менен бекитилген жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын көлөмү, бюджеттин чыгымдарын үзгүлтүксүз каржылоону камсыздай албай тургандыгы, бул көрсөткүч белгилүү бир

методика менен эсептелиши жана кайрадан каралышы керектиги жыл сайын белгиленген.

**Корутунду**

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Мыйзамы менен кассалык накталай акчаларды жүгүртүүнүн так көлөмү бекитилген эмес, болгону 500,0 млн.сом суммасындагы минималдуу маани гана белгиленген, бул болсо, эмгек акы фондунун такталган бир айлык көлөмүнөн 9778,9 млн. сомго же 20 эсеге (9778,9/500,0) аз. Бул, кассалык накталай акчаларды жүгүртүүнүн көлөмүн формалдуу аныктоо жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесинин 1-бөлүгү менен белгиленген милдеттүү бюджеттик резерв сакталбагандыгына байланыштуу, чыгымдардын корголгон беренелерин төлөй албастыгынын тобокелдигинин пайда болушу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттер тарабынан, Мыйзам менен бекитилген жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын көлөмү, бюджеттин чыгымдарын үзгүлтүксүз каржылоону камсыздай албай тургандыгы, бул көрсөткүч белгилүү бир методика менен эсептелиши жана кайрадан каралышы керектиги жыл сайын тарыхый түрдө белгиленет.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан кезектеги финансылык жылга бюджетти түзүүдө, убактылуу кассалык үзгүлтүктөр пайда болгондо, мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын үзгүлтүксүз жүргүзүү үчүн багытталган милдеттүү бюджеттик резервди (жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалар) сактоо камсыздалсын жана эмгек акы фондунун бир айлык көлөмүнүн чегинде жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын көлөмү каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондуна каражаттарды чегерүү жөнүндө маалымат

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 Жарлыгы менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибинин” 7-пунктуна ылайык, Турукташтыруу фонду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында (мындан ары - Улуттук банк) ачылган Бирдиктүү казыналык эсепке түшүүчү, Бюджеттик кодексте каралган булактардын жана Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын депозиттик эсептеринин каражаттарынын (бюджеттин алдындагы бардык милдеттенмелерди кошпогондо) эсебинен түзүлөт. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесине ылайык, республикалык бюджетке мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айыптарды, санкцияларды,

компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммаларын кошпогондо, соттун чечими боюнча айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммаларын кошуп алганда, мамлекеттик органдар, алардын ведомстволук мекемелери тарабынан материалдык, администрациялык жана жазык жоопкерчилиги чараларын колдонуунун натыйжасында алынуучу каражаттар; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес кирешелер түшөт. Мындан улам, укук коргоо жана көзөмөлдөө органдарынын депозиттик эсептеринен мамлекетке келтирилген зыянды ыктыярдуу кайтаруу түрүндө которулган каражаттар биринчи кезекте республикалык бюджеттин кирешесине чегерилет, андан соң тийиштүү тартипте Турукташтыруу фондуна которулат.

Көрсөтүлгөн каражаттын Финансы министрлигинин депозиттик эсебинен түзмө-түз которулушу укук коргоо органдары тарабынан кайтарылган суммалардын республикалык бюджеттин кирешелер жана чыгымдар бөлүгүндө көрсөтүлбөй калуусуна алып келет. Алсак, аудит жүргүзүлгөн мезгилде 2 801,3 млн. сом Турукташтыруу фондуна Финансы министрлигинин депозиттик эсебинен түзмө-түз келип түшкөн жана алар республикалык бюджеттин кирешелер жана чыгымдар бөлүгүндө көрсөтүлбөй калган.

**Корутунду**

Аудит мезгили ичинде 2 801,3 млн. сом Турукташтыруу фондуна Финансы министрлигинин депозиттик эсебинен түзмө-түз келип түшкөн, алар бюджет мыйзамындагы коллизиялардын орун алгандыгына байланыштуу республикалык бюджеттин кирешелер жана чыгымдар бөлүгүндө көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Бюджеттик мыйзамдагы коллизияларды алып салуу жана укук коргоо органдары тарабынан кайтарылган суммалардын ачык көрсөтүлүшүн камсыздоо максатында, Турукташтыруу фондуна кийинчерээк чегерүү менен мамлекетке келтирилген зыянды ыктыярдуу түрдө кайтарылган каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине, бул органдардын депозиттик эсептеринен алынган каражаттарды милдеттүү чегерүүнү караган ченем киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Турукташтыруу фондунун каражаттарын бөлүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин буйругуна ылайык келбестен, каражаттарды алуучуларга каржылоо ачуунун ордуна туруктуу негизде түзмө-түз жеткирүүчүлөргө багытталган. Финансы министрлигинин жооптуу кызматкерлеринин оозеки түшүндүрмөлөрү боюнча, бул Турукташтыруу фонду бюджеттик эмес фонд болуп эсептелет, мында, бюджеттик уюмдарды аталган фонддон каржылоо механизми жок.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамына карама-каршы келбеген, Турукташтыруу фондунан бюджеттик уюмдарды каржылоонун айрым механизмдери иштелип чыгылсын жана жайылтылсын.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 18.12.2023-жылдагы № 251кпү тескемесине ылайык, Стабилизациялык фонддон “Зигпонер Азия” ЖЧКсына **2 170,7 млн. сом** көлөмүндө аба кемесин алууга бөлүнгөн каражаттарга аудит бул каражаттарды алуучунун катталган орду боюнча жоктугуна байланыштуу жүргүзүлгөн эмес.

Стабилизациялык фонддон “Алгакадам” коомдук бирикмесине 100,0 млн. сом көлөмүндө бөлүнгөн каражаттарга жүргүзүлгөн аудит аныктагандай, мындан тышкары да Кыргыз Республикасынын Президентинин Резервдик фондунан - 50,0 млн. сом, Баткен облусун өнүктүрүү фондунан - 100,0 млн. сом каражат бөлүнгөн, аларды ченемдик-укуктук актыларга ылайык эсепке жана отчёт алуу жүргүзүлгөн эмес.

Бухгалтер-кассир Т. Касымов тарабынан эки дептер берилген: “01.01.2023-жылдан тарта кирешелер”, “01.01.2023-жылдан тарта чыгымдар” жана 06.12.2023-жылдан тарта чыгымдар жөнүндө жазуулары менен блокнот берилген. Көрсөтүлгөн дептерлерде жана блокнотто Стабилизациялык фонддон келип түшкөн, каражаттардын чыгымдары катары тиркелген, РКО чыгымдарынын суммасы көрсөтүлгөн эмес. Тийиштүү түрдө, Стабилизациялык фонддун 12,0 млн. сом суммасындагы накталай акча каражаттары “Алгакадам” коомдук бирикмесинин кассасына кириштелген эмес. Аудит Кыргыз Республикасынын Стабилизациялык фондунан бөлүнгөн 12,0 млн. сом суммасындагы накталай акча каражатынын чыгымдалгандыгынын аныктыгына толук ишеним ала алган жок.

### *Финансылык отчеттуулуктун түзүлүшүнө аудит*

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-майындагы №298-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине чыгымдар сметасы боюнча “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын уставдык капиталын көбөйтүү үчүн 598 915,7 миң сом бөлүнгөн. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 3215 “Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары” беренеси боюнча кассалык чыгымдары 598 915,7 миң сомду түзгөн. Бирок, жалпы суммасы 598 915,7 миң сомго сатылып алынган акциялардын наркы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин балансынан негизсиз түрдө эсептен чыгарылган жана чыгымдар катары көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин акциялардын эсеби боюнча бухгалтердик отчётунда (өзүнчө баланс) аталган сумма кайтарымсыз алынган киреше катары кириштелген. Көрсөтүлгөн бухгалтердик операциялардын натыйжасында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы

№ 2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 102, 106, 608, 755-пункттарын бузуу менен, Энергетика министрлигинин кирешелери жана чыгымдары 598 915,7 миң сомго негизсиз жогорулатылган. Аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн суммалар бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин бухгалтердик персоналдарына акцияларды эсепке алуу жана капиталга катышуунун башка формалары боюнча кошумча окутуу жүргүзүлсүн. Бухгалтердик операцияларга ички контроль күчөтүлсүн.

**Аныкталды**

2023-жылга республикалык бюджет боюнча финансылык отчеттуулук республикалык бюджеттин топтолгон эсептеринин дебитордук жана кредитордук карыздары жөнүндө маалыматтардын бөлүгүн камтый тургандыгы аныкталды. Мындай бухгалтердик өткөрмөлөр бир эле учурда бюджет ресурстарынын администраторлору катары чыккан бюджеттик уюмдар тарабынан ишке ашырылат. Бирок, бюджет ресурстарынын администраторлорунун бардыгы эле өзүнүн финансылык отчётунда салык калдыктарын жана алынган авансларды көрсөтө бербейт.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобо жана аны кабыл алууга чейин жана андан кийин иште колдонулган башка ушул сыяктуу жоболор, республикалык бюджеттин топтолгон эсептери боюнча дебитордук жана кредитордук карыздардын таанылышын карабайт. Бул эсептер Бирдиктүү казыналык эсепте (администраторлор бөлүгүндө) топтолгон ар айлык ресурстардын түшүүсүн эсепке алуу үчүн гана пайдаланылат жана ошол бюджеттик уюмдун жеке кирешеси болуп саналбайт. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин салык калдыктары жана алынган аванстары, бюджет ресурстарынын администраторлору тарабынан тутумдан тышкары ар кыл регистрлерде жүзөгө ашырылат.

Ошентип, Кыргыз Республикасында өлкөнүн финансылык отчеттуулугу менен интеграцияланган бюджеттик тутумдун бюджеттеринин салык калдыгын жана алынган авансларды эсепке алуунун бирдиктүү методологиясы жок. Бул болсо, республикалык бюджеттин жана мамлекеттик башкаруу секторунун толук эмес финансылык отчеттуулугунун түзүлүшүнө алып келүүдө.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасында өлкөнүн финансылык отчеттуулугу менен интеграцияланган бюджеттик тутумдун бюджеттеринин салык калдыгын жана алынган авансларды эсепке алуунун бирдиктүү методологиясы жок, бул болсо, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын

3-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, республикалык бюджеттин жана мамлекеттик башкаруу секторунун толук эмес финансылык отчеттуулугунун түзүлүшүнө алып келүүдө.

**Сунуштама**

Финансылык отчеттуулуктун тактыгын жана толуктугун жакшыртуу үчүн, Кыргыз Республикасында өлкөнүн финансылык отчеттуулугу менен интеграцияланган бюджеттик тутумдун бюджеттеринин салык калдыгын жана алынган аванстарды эсепке алуунун бирдиктүү методологиясы иштелип чыгылсын жана жайылтылсын.

***"Кыргызиндустрия" ААКсын капиталдаштырууга бөлүнгөн каражаттарды талдоо***

**Аныкталды**

2023-жылга такталган республикалык бюджетке ылайык, "Кыргызиндустрия" Ачык акционердик коомуна 3215 "Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары" беренеси боюнча **770000 миң сом** бөлүү каралган. "Кыргызиндустрия" ААКсынын капиталга катышуусунун башка формаларын сатып алууга кассалык чыгымдары 769999,96 миң сомду түзгөн.

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, Финансы министрлиги тарабынан акцияларды чыгаруу тууралуу чечим кабыл алынганга чейин "Кыргызиндустрия" ААКсынын кошумча акцияларын сатып алууга 769999,96 миң сом төлөнгөн.

**Корутунду**

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, Финансы министрлиги тарабынан акцияларды чыгаруу тууралуу чечим кабыл алынганга чейин "Кыргызиндустрия" ААКсынын кошумча акцияларын сатып алууга 769999,96 миң сом төлөнгөн. Аудиттин жүрүшүндө "Кыргызиндустрия" ААКсынын аты көрсөтүлгөн төртүнчү чыгарылыштагы жөнөкөй акцияларын мамлекеттик каттоо жөнүндө 19.07.2024-жылдагы каттоо № KG 0104225410 чечим кабыл алынган.

**Сунуштама**

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 1-бөлүгүн так сактоо камсыздалсын. Акцияларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин акцияларды сатып алуу үчүн акча каражаттарын которуу практикасы токтотулсун.

**Аныкталды /Корутунду 2**

Акцияларды сатып алууга республикалык бюджеттен факты жүзүндө 769999,96 миң сом акча каражаттары которулганына карабастан, "Кыргызиндустрия" ААКсы тарабынан көрсөтүлгөн суммага кошумча эмиссия өз учурунда жүргүзүлгөн эмес. Мында, финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн сумма дебитордук карыз катары (дебитордук карызды жашыруу)

көрсөтүлгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө дебитордук карыз эсеп боюнча калыбына келтирилди.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Дебитордук карызды жашырууга жол берген жана акциялардын кошумча эмиссиясын өз учурунда камсыз кылбаган "Кыргызиндустрия" ААКсынын жетекчилигинин жана кызматтагы адамдарынын жеке жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Акцияларды сатып алууга республикалык бюджеттен факты жүзүндө 769999,96 миң сом акча каражаттары которулганына карабастан, "Кыргызиндустрия" ААКсы тарабынан көрсөтүлгөн суммага кошумча эмиссия өз учурунда жүргүзүлгөн эмес. Отчеттук жыл аяктагандан кийин 2024-жылы 499 999,96 миң сом суммасындагы акциялар жайгаштырылган. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 145-беренесин бузуу менен, 270 000 миң сом өлчөмүндөгү калган бөлүгүнө акциялар чыгарылган эмес. Бул маселе Мамлекеттик сектордун чыгымдарын пландоо башкармалыгынын башчысы Т.А. Стамалиев тарабынан тийиштүү көзөмөлсүз калды. Демек, "Кыргызиндустрия" ААКсынын акцияларынын мамлекеттик пакети түрүндө мамлекеттин активдери 270 000 миң сомго көбөйгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин пайдасына бир бирдиги үчүн 1000 сом номиналы менен 270 000 жөнөкөй акцияларды чыгаруу менен бул бузуу четтетилди.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 145-беренесин бузуу менен, "Кыргызиндустрия" ААКсынын акцияларынын мамлекеттик пакети түрүндө мамлекеттин активдери 270 000 миң сомго көбөйгөн эмес. Бул маселе Мамлекеттик сектордун чыгымдарын пландоо башкармалыгынын башчысы Т.А. Стамалиев тарабынан тийиштүү көзөмөлсүз калды. Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин пайдасына бир бирдиги үчүн 1000 сом номиналы менен 270 000 жөнөкөй акцияларды чыгаруу менен калыбына келтирилди.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан "Кыргызиндустрия" ААКсынын уставдык капиталын көбөйтүү боюнча тиешелүү чечимди даярдабагандыгы жана алардын төлөмүнө карабастан, "Кыргызиндустрия" ААКсынын акцияларынын мамлекеттик пакетин 270 000 миң сом сумасында көбөйтүү боюнча өз учурунда чара көрбөгөндүгүн үчүн, "Кыргызиндустрия" ААКсынын жетекчилигинин жоопкерчилиги каралсын.

## <u>Капиталдык салымдар боюнча</u>

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, капиталдык салымдарга бөлүнгөн акчалардын такталган көлөмдөрү 16 830,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 16 789,3 млн. сом каржыланган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.11.2022-жылдагы № 616 “Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө жана курулуш, капиталдык ондоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.04.2023-жылдагы № 177-т тескемеси менен 10,0 млрд. сомго купондук коюму 13 %, 3 жылдык жүгүртүү мөөнөтү менен мамлекеттик органдардын карыздарын төлөө жана 117 подрядчынын курулуш объекттерин каржылоо үчүн казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жүргүзүлгөн, алар “РСК Банк” ААКсы - 4064,8 млн. сомго, “Айыл Банк” ААКсы - 4114,9 млн. сомго сатылып алынган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.10.2023-жылдагы № 660-т жана 01.11.2023-жылдагы № 667-т тескемесине ылайык, акча каражаттарын которуу жолу менен 8 179,7 млн. сомго казыналык милдеттенмелерди мөөнөтүнөн мурда төлөө ишке ашырылган, анын булагы болуп чыгарылган Мамлекеттик казыналык облигациялар (МКО) саналат.

31.12.2023-жылга карата республиканын капиталдык курулуштарынын кредитордук карыздарын төлөөгө чыгарылган МКО көлөмү 8 179,7 млн. сомду түзгөн, капиталдык курулуштарды өздөштүрүүгө 7062,8 млн. сом комерциялык банктар тарабынан иш жүзүндө каржыланган же комбанктардагы өздөштүрүлбөгөн каражаттардын калдыгы 1116,9 млн. сомду түзгөн.

2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө капиталдык салымдардын жалпы динамикасы төмөнкүдөй.

(млн. сом)

| Мамзаказчынын аталышы | 2023-ж. Бекитил-ген | 2023-ж. Тактоо-лор | РБ факт жүз. карж. | Факты жүз. каржыл. (МКО аркылуу) | Объект саны | Факт.жүз. каржылоо (МКОну эске алуу менен) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы республика боюнча (млн.сом):** | **5000,0** | **16830,1** | **16789,3** | **7062,8** | **1049** | **23852,1** |
| **КР Министрлер кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана ТКЧ мамагенттиги** | **1350,0** | **5078,8** | **5045,2** | **3661,5** | **665** | **8706,7** |
| *Капиталдык курулуш* | *1000,0* | *3234,9* | *3207,8* | *3661,5* | *478* | *6869,3* |
| *Капиталдык оңдоо* | *100,0* | *856,2* | *855,3* | | *121* | *855,3* |
| *Суу менен камсыздоо* | *200,0* | *825,6* | *820,0* | | *66* | *820,0* |
| *Баткен облусундагы жеке турак-жайларды куруу* | *50,0* | *82,0* | *82,0* | | | *82,0* |
| **Бишкек шаарынын мэриясы** | **20,0** | **39,4** | **39,4** | | **11** | **39,4** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарбасы департаменти** | **1000,0** | **1697,0** | **1697,0** | **2611,4** | **259** | **4308,4** |
| *КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (темир жол куруу)* | | *52,7* | *52,7* | | | *52,7* |
| **КР Айыл чарба министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматы (ирригация)** | **700,0** | **700,0** | **700,0** | **50,0** | **39** | **750,0** |
| **Ош шаарынын мэриясы (Ош ш. Капиталдык курулуш башкармалыгы)** | **150,0** | **364,6** | **364,6** | **103,6** | **17** | **468,2** |
| **КР Айыл чарба министрлиги** | **2,6** | **2,6** | **2,5** | | **2** | **2,5** |
| **Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы** | | **13,0** | **10,5** | | **6** | **10,5** |
| **Күч блогу жана стратегиялык объектилер** | **1777,4** | **8787,7** | **8783,2** | **636,3** | **46** | **9419,5** |
| **Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги** | | **94,2** | **94,2** | | **3** | **94,2** |

2023-жылы тендердик наркы 6951,1 млн. сом болгон 110 объекттин курулушу аяктаган, буга 3363,4 млн. сом каржыланган, анын ичинен: республикалык бюджеттин эсебинен – 786,6 млн. сом, МКО чыгаруу эсебинен – 2587,7 млн. сом. Мында, 87 мектеп жана анын спорттук залдары, 8 бала бакча, 2 саламаттык сактоо мекемеси, 6 спорт объектти, 1 маданият мекемеси, 3 турак-жай объектиси, 3 башка объектилердин курулушу аяктаган.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесине ылайык, капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялар биринчи кезекте инвестициялык долбоорду ишке ашыруунун натыйжалуулугуна баа берүүнү эске алуу менен мурда башталган ички инвестициялык долбоорлорго багытталат.

Техника-экономикалык негиздемелерди иштеп чыгуу жана кароо, ички инвестициялык долбоорлордун тизимин тандоо, ишке ашыруу жана түзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жободо аныкталган.

“Капиталдык салымдар” беренеси боюнча курулуш тизимине 1504,9 млн. сом суммасындагы 28 жаңы курулуш объектилери киргизилген, ошол эле учурда 01.01.2023-жылга карата курулушу бүтпөгөн жалпы капиталдык курулуш көлөмү 21484,8 млн. сом суммасындагы 368 объект катталган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун, бюджеттик жылы аяктоого тийиш болгон долбоорлор тизмесине артыкчылыктуу киргизүү боюнча ишти Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-

жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун 2-главасынын 7-пунктуна ылайык келтирүү менен так жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

01.01.2023-жылга карата 368 курулуш объектисин аяктоо үчүн бөлүнгөн акча каражаттарына болгон керектөө - 21 484,8 млн. сомду, ал эми 01.01.2024-жылга карата – 27413,9 млн. сомду түзгөн, же капиталдык салымдардын курулуш объектилерин аяктоого үчүн керектөө 5929,1 млн. сомго көбөйгөн, курулушу аяктабаган статуска ээ капиталдык салымдар объектилеринин саны да 368ден 388 объектиге көбөйүп, же 14 объектиге көбөйгөн.

Атап айтканда, курулушу аяктабаган мектептердин саны жыл башында 242ден жыл аягында 194кө чейин кыскарып, 48ге азайганы менен, алардын жалпы сметалык наркы Курулуш тизимине киргизилген жаңы курулуш объектилердин сметалык наркы, ошондой эле курулуш материалдарынын жана тейлөө кызматынын жогорулагандыгынын эсебинен 1271,4 млн. сомго көбөйгөн.

Курулушу аяктабаган объектилердин саны көбөйгөн:

- бала бакчалар 58ден 88 даанага чейин, 2378,1 млн. сомго;
- саламаттык сактоо объектилери 25тен 31 даанага чейин, 474,1 млн. сомго;
- маданият объектилери 10дон 13 даанага чейин, 397,7 млн. сомго;
- спорт объектилери 25тен 30 даанага чейин, 787,7 млн. сомго;
- башка объектилер 7 ден 26 даанага чейин, 731,9 млн. сомго ж.б.

Жогоруда көрсөтүлгөндөр ыйгарым укуктуу орган тарабынан үстүбүздөгү жылга капиталдык салымдар объектилерин каржылоо тизмесине керектөөнүн 1,5 %ын түзгөн каражаттарды киргизүүнүн натыйжасы болду, бул болсо, курулуштарды аяктоо үчүн жетишсиз саналат, ошондой эле аягына чыгарылбаган курулуштардын санынын, тийиштүү түрдө курулуштарды аяктоого керектөөнүн көбөйүшүнө жана аларды чыгымдоонун натыйжалуулугун жоготууга алып келет.

Атап айтканда, Финансы министрлигинин Капиталдык курулушу башкармалыгынын маалыматы боюнча, Капиталдык салымдар объектилерин каржылоо тизмесине киргизилген 278 объектинин катарында башталышы 2002-2022-жылдар мезгилине туура келген объектилер бар, анын ичинде:

- 2002-жылы – 3 объект (Ысык-Көл районунун Семенов а/ө, Кожояр айылындагы мектептин курулушунун аякташы, Өзгөн районунун Чомо-Батыр жана Эрдик айылдарындагы мектептин курулушу);
- 2012-жылы - 1 объект (Ысык-Ата районундагы Новопокровка бала бакчасынын курулушу);
- 2013-жылы – 2 объект (Тогуз-Торо районунун Кара-Суу айылындагы Сатыбалдиев атындагы мектептин курулушу, Ош шаарынын Урицкий көчөсүндөгү Раззаков атындагы № 20 мектеп-гимназиясынын курулушу);

- 2014-жылы – 9 объект; 2015-жылы – 31 объект; 2016-жылы – 16 объект; 2017-жылы – 15 объект; 2018-жылы – 32 объект; 2019-жылы – 27 объект; 2019-жылы – 27 объект; 2020-жылы – 15 объект; 2021-жылы – 16 объект; 2022-жылы – 111 объект.

**Корутунду**

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан үстүбүздөгү жылга капсалымдар объектилерин каржылоо тизмегине көлөмү муктаждыктын 1-5 %ын түзгөн каражаттар киргизилүүдө, бул болсо, курулуштарды аяктоо үчүн жетишсиз болуп саналат, ошондой эле аягына чыгарылбаган курулуштардын санынын, тийиштүү түрдө курулуштарды жыйынтыктоо үчүн керектөөнүн көбөйүшүнө жана аларды чыгымдоонун натыйжалуулугун жоготууга алып келет. Алсак, 2023-жылы 375 мектепти жалпы каржылоо 2752210,2 миң сомду түздү, же болбосо бир мектеп орточо алганда 7339,2 миң сом өлчөмүндө каржыланды, ошондой эле, 105 бала бакча 808772,3 миң сомго каржыланды, же 1 бала бакча 7702,6 миң сом көлөмүндө каржыланды ж.б.

Мында, Капиталдык салымдар объектилерин каржылоо тизмегине киргизилген 278 объектинин катарында курулушунун башталышы 2002-2022-жылдар мезгилине туура келген объектилер бар.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдаланууга жана курулушу аягына чыгарылбаган объектилердин санынын жогорулашына жол бербөө максатында:

- Бюджеттик инвестициялар долбоорунун тизмегине социалдык жана экономикалык натыйжалуулугун баалоосуз жана сметалык наркы бекитилбеген жаңы объектилердин киргизилишине жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2023-жылы “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча каржылоого капиталдык оңдоо обьектилеринин тизмеси бекитилген, анда обьектилерди капиталдык оңдоого 855,3 млн. сом суммасындагы каражат каралып, бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, “Капиталдык салымдар - бул төмөнкүдөй негизги фонддорду түзүүгө жана калыбына келтирүүгө багытталган каражаттар: жаңы объекттерди куруу, долбоорлоо-чалгындоо иштерин реконструкциялоо жана иштеп чыгуу; мамлекеттик (муниципалдык) органдарды техникалык жабдуу; машиналарды, жабдууларды жана башка техникаларды сатып алуу.

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан аталган Кодекске өзгөртүүлөр киргизилет, мында “жаңы объекттерди куруу, реконструкциялоо сөзүнөн кийин **капиталдык оңдоо жана**...” деп кошуп жазылат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, жаңы формулировка кабыл алынганга чейин, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин

29-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген имараттарды жана курулуштарды күндөлүк күтүүнү Капиталдык оңдоо боюнча капиталдык салымдар объектилеринин тизмесине киргизүүнүн негиздүүлүгүн жана максатка ылайыктуулугун кароо зарыл.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Бюджеттик инвестициялар долбоорлорунун тизмегин түзүү боюнча иш Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келтирүү менен так жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/ Корутунду**

2023-жылга капиталдык салымдар объектилерин каржылоо көлөмү 23852,1 млн. сомду түзгөн (каржыланганы – 1049 объект), бул капиталдык салымдардын баштапкы параметрлеринен дээрлик 5 эсеге жана такталган бюджеттик милдеттенмелерден 1,4 эсеге көп.

Ошону менен бирге, "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, 2023-жылы капиталдык салымдарды каржылоого бөлүнгөн каражаттардын бекитилген көлөмү 16830,1 млн. сомду түздү жана Борбордук казыналыктын отчетунда алар боюнча кассалык чыгымдар 16789,3 млн. сомго көрсөтүлгөн. Натыйжада, 7062790,6 миң сом көлөмүндөгү каражат аталган Мыйзам аркылуу бекитилбестен, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнө киргизилген эмес, анткени, коммерциялык банктар тарабынан Мамлекеттик казыналык облигацияларды сатып алуу менен каржыланган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгына, Бюджеттик саясат башкармалыгына:**

Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёттун маалыматтарынын бурмаланышына жол бербөө жана Мамлекеттик баалуу кагаздарды (МКО, КМ) чыгаруу эсебинен ишке ашырылган капиталдык курулуш объектилерин каржылоо, капиталдык салымдарды каржылоо жаатындагы маалыматтын аныктыгын жана ачык-айкындыгын камсыздоо максатында, үстүбүздөгү жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жана анын аткарылышы жөнүндө отчетто өзүнчө тиркеме менен көрсөтүлсүн.

## <u>Ички аудит кызматы жөнүндө</u>

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудити тарабынан министрликтерде жана ведомстволордо ички аудит кызматынын иштеши бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерине туура келбегендиги белгиленген, Кыргыз Республикасынын Министрлер

Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы №280 "Кыргыз Республикасынын ички аудит системасын өркүндөтүү жөнүндө" токтому менен, ички аудит боюнча Кеңештин консультативдик сунуштары жок туруп эле, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен каралган функцияларды аткарууну караган ички аудит кызматынын болушу милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын 22 мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин иштеп жаткан түзүмдүк бөлүмдөрүнүн базасында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы түзүлгөн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы №280 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы жөнүндө жобонун 2-пунктунда Кызмат Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмү деп көрсөтүлгөн, бирок бул, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине каршы келет, ал жерде Ички аудит кызматы – ички аудит объектисинин түзүмдүк бөлүмү деп көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Ички аудит кызматы – ички аудит объектисинин түзүмдүк бөлүмү деп көрсөтүлгөн, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы №280 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы жөнүндө жобонун 2-пункту ылайык келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы бюджеттик укук мамилелерин жөнгө салуу жаатында: каржылык аудитти жана натыйжалуулук аудитин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин жана бухгалтердик отчеттуулуктун аткарылышына, бюджеттик каражаттарды алуучулардын - менчик же менчиктин башка түрүндөгү юридикалык жактардын берилген бюджеттик каражаттарга карата ишине аудит жүргүзүү боюнча өзгөчө укукка ээ. Өзгөчө укук деген, автор гана же, мыйзамдуу негизде атайын уруксат алган адам тиешелүү иш-аракеттерди жүргүзүүгө укуктуу.

Кызмат тарабынан 2023-жылы мамлекеттик органдарга бардыгы болуп 404 аудит жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча отчетторду талдоо, аудит тарабынан мамлекеттик органдардын "ички контролдоо чөйрөсү" каржы-чарбалык ишинин маселелеринин бүтүндөй тизмеси камтылгандыгын көрсөткөн. Ошентип, финансылык аудит жана натыйжалуулук аудитин жүргүзүүнүн өзгөчө укугуна ээ жана атайын статусу

менен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын функциялары кайталанып жатат.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматынын ишин тышкы мамлекеттик аудитинин көз карандысыз жогорку органынын конституциялык функциялары менен алмаштырууну жана кайталоону четтетүү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бюджеттердин жана бухгалтердик отчеттуулуктун аткарылышына каржылык аудитти жана натыйжалуулук аудитин жүргүзүүгө укугунун өзгөчөлүгү боюнча, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесин кынтыксыз сактоонун зарыл чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, Ички аудит кызматы ички аудит объектисинин жетекчисинин пикирин эске алуу менен тобокелдикти баалоонун негизинде ички аудит жүргүзүүнүн стратегиялык жана жылдык пландарын иштеп чыгууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.09.2013-жылдагы №498 токтому менен бекитилген, "Ички аудит боюнча Кеңеш жөнүндө" жобонун 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, Кеңеш ички аудит кызматтары болбогон ички аудит объекттеринде ички аудитти жүргүзүүнү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашат.

Кызматтын 2023-жылга карата аудиттин жылдык планы *(469 объект)* жана 2023-2027-жылдарга стратегиялык планы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 26.01.2023-жылдагы №10-П буйругу менен бекитилген. Жылдык планды иштеп чыгуу жана тобокелдиктерди баалоо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 17.03.2008-жылдагы №54-П буйругу менен бекитилген, Ички аудит боюнча колдонмонун негизинде жүргүзүлөт.

План бекитилгенден кийин Кызмат тарабынан 12.05.2023-жылы аудит планына сунуштарды киргизүү боюнча министрликтерге жана ведомстволорго кат жөнөтүлгөн. Демек, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун бузуу менен, Ички аудиттин стратегиялык жана жылдык планы ички аудит объектилеринин жетекчилеринин пикирин эске албастан иштелип чыккан.

Алсак, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар министрлиги 2023-жылга аудиттин жылдык планына ылайык, министрликтин бөлүмдөрүндө аудит жүргүзүлүп жаткандыгын, мында, ички аудит объектисинин жетекчисинин пикирин эске алуу менен аудит пландарын иштеп чыгуу бөлүгүндө, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесин аткарууну талап кылаарын билдирген

(25.05.2023-жылдагы чыг. №07-3/4374); Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы (18.05.2023-жылдагы чыг. №16-1-10/3318) Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлүп жаткан аудитке байланыштуу, аудит планын кайрадан карап чыгууну өтүнгөн, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги (2023-жылдын 19-майындагы чыг. №09-025/8132) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы финансылык аудитин жана натыйжалуулук аудитин жүргүзүүгө өзгөчө укукка ээ экендигин билдирет. Министрлик, анын ичинде анын ведомстволук бөлүмдөрү Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жыл сайын пландуу аудит жүргүзөөрүн эске алып, 2023-жылга жана андан кийинки жылдарга жылдык пландан Тышкы иштер министрлигин алып салууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги 5 жылда 1 жолу аудит жүргүзүүнү белгилөөнү суранышкан.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматына:**

Ички аудит объектилеринин жетекчилеринин пикирлерин эске алуу менен, тобокелдиктерди баалоонун негизинде ички аудит жүргүзүүнүн стратегиялык жана жылдык пландары иштелип чыгылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.05.2022-жылдагы №280 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы жөнүндө жобонун 3-бөлүгүнүн 12-пунктунун 9-пунктчасын жана 8-бөлүгүнүн 25, 26, 27-пункттарын бузуу менен, Кызматта Аудит боюнча комитет түзүлгөн эмес, Аудит боюнча кызматтын Комитетинин кароосуна, жүргүзүлгөн ар бир аудит боюнча аудитордук отчеттор даярдалган эмес. Ошондой эле, ички аудиттин ыкмаларын жана натыйжалуулугун жакшыртуу, ички аудиттин жыйынтыктары боюнча чечимдерди кабыл алуу, мурда кабыл алынган чечимдерди аткаруу, кадрларды тандоо, жайгаштыруу, кадрларды кайрадан даярдоо боюнча негизги маселелер каралган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы тарабынан Аудит боюнча кызматтын Комитетинин кароосуна, жүргүзүлгөн ар бир аудит боюнча аудитордук отчетторду даярдоо боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 26.04.2024-жылдагы №63-П буйругуна ылайык түзүлгөн Аудит боюнча кызматтын Комитети тарабынан: ар бир жүргүзүлгөн аудит боюнча даярдалган аудитордук отчетторду, ички аудиттин ыкмаларын жана натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча негизги маселелерди кароо боюнча чаралар көрүлсүн ж.б.

**Аныкталды /Корутунду**

Кызматта “Финансылык бузуулардын классификатору” бекитилген эмес. “Финансылык бузуулардын классификаторунун” жоктугу менен, бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнү, өздөштүрүлбөгөн каражаттар, резервдер жана бюджеттин жоготуулары, каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануулар жол-жоболук бузуулар болуп эсептелген 152 600,0 миң сом каржы бузууларына киргизилген:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигиндеги (борбордук аппарат) 116 195,0 миң сом сумасындагы өздөштүрүлбөгөн каражаттар *(өздөштүрүлбөгөн себеби: “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр өз учурунда киргизилбегендиги жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын басып чыгаруу иши жана көбөйтүү боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды жүзөгө ашыруу тартиби өз учурунда иштелип чыкпаганадыгы болгон, бул болсо, республика боюнча китептердин жетишсиздигине алып келген;*

- колдонуу мөөнөтү өткөн медикаменттер - 36 405,0 миң сом суммасында.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы тарабынан “Финансылык бузуулардын классификаторун” иштеп чыгуу каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылга Кызматтын иши жөнүндө отчетко ылайык, аныкталган 872 653,4 миң сом суммасындагы каржы бузуулардын ичинен 40 776,6 миң сом же аныкталган суммадан 4,67 % калыбына келтирилүүгө тийиш.

Мында, Кызмат тарабынан колдонуудагы бюджеттик мыйзамды бузуу менен, кайтарылууга тийиш болгон 167 640,1 миң сом калыбына келтирилүүгө киргизилген эмес, анын ичинен:

- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаментинде 67 455,3 миң сом суммасындагы каражаттар максатсыз пайдаланылган. Актыда битумдуу сатып алуу боюнча материалдар Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан алынган деп көрсөтүлгөн;

- Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтунда Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-пунктун бузуу менен, Бирдиктүү казыналык эсептен сырткары 3 416,0 миң сом суммасындагы акча каражаттары топтолгон коммерциялык банктагы эсеп пайдаланылган. Материалдар Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук

мамлекеттик комитетине өткөрүлүп берилген *(10.07.2023-жылдагы чыг. №29/353);*

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиктин аймактык бөлүмдөрүндө Бирдиктүү казыналык эсептен сырткары 12 945,0 миң сом суммасындагы акча каражаттары;

- “Кыргызжылуулукэнерго” МИде субсидиялоого керектөө 83 823,8 миң сом суммасында ашырылган. Материалдар Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине өткөрүлүп берилген *(28.12..2023-жылдагы чыг. №29/682).*

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору В.А. Садовниковдун жетекчилиги астында башкы мамлекеттик инспекторлор: Д.М. Такырбашева, Г.К. Джумагулова, Т.А. Балбаков, К.С. Сапарбаев, А.Ж. Жакшылыков, мамлекеттик инспекторлор: У.А. Байтереков, А.Т. Тилекбеков, Бакир уулу Э., К.Б. Джумагулов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **В.А. Садовников**